**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. ЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

Д 07.21. 628 Диссертациялык кеңеш

Кол жазма укугунда

УДК 681.5

**Табалдыев Кубатбек Шакиевич**

# ТЕНИР-ТООНУН БАЙЫРКЫ ЖАНА ОРТО КЫЛЫМДАГЫ КАЛКТАРЫНЫН МАДАНИЯТЫНЫН ЭВОЛЮЦИЯСЫ

(археологиялык изилдөөлөрдүн негизинде)

07.00.06 – археология адистиги

Тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган илимий доклад түрүндөгү диссертациянын

АВТОРЕФЕРАТЫ

Илимий консультант:

Тарых илиминин доктору, профессор

Худяков Юлий Сергеевич

**Бишкек – 2022**

Диссертациялык иш Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин тарых жана чөлкөм таануу факультетинин археология, этнология кафедрасында, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин гуманитардык факультетинин тарых бөлүмүндө аткарылган.

**Расмий оппоненттер:**

**Кожаев (Кожа) Мухтар Бакадырулы**, тарых илимдеринин доктору, профессор, Х. А. Ясави атындагы Эл аралык казак-түрк университетинин илимий изилдөө борборунун илимий кызматкери, Түркстан шаары (Казахстан Республикасы);

**Ермоленко Любовь Николаевна**, тарых илимдеринин доктору, Кемерово мамлекеттик университетинин археология кафедрасынын доценти, профессор, Кемерово шаары (Россия Федерациясы);

**Таймагамбетов Жакен Кожахметович**, тарых илимдеринин доктору, профессор, Казакстан Республикасынын Улуттук музейинин илимий иштер боюнча директордун орун басары, Нур-Султан шаары (Казахстан Республикасы);.

**Жетектөөчү мекеме:** Алтай мамлекеттик университетинин археология, этнография жана музеология кафедрасы

Диссертация 2022-жылдын 28-сентябрында, саат 14.00дө, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгырчинов атындагы тарых, археология, этнология, маданий мурастар Институтунун жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетиндеги тарых илиминин доктору (кандидаты) илимий наамын коргоо боюнча түзүлгөн Д 07.21. 628 диссертациялык кеңешинде корголот. Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспектиси, 265-«а».

Вебинар коду: https://vc.vak.kg/b/05--wx6-gfx-qyw

Диссертация менен Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан жана КР ЖАКнын https://vak.kg сайтынан таанышса болот Дареги: 720010, Бишкек ш., Чүй проспектиси, 265-а.

Автореферат 2022-жылдын 28-августунда таркатылды

Диссертациялык кеңештин

окумуштуу катчысы,

тарых илиминин доктору, профессор А.Р. Бикбулатова

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ. КИРИШҮҮ

**Илимий доклад түрүндө коргоого сунушталган иштин актуалдуулугу.** Евразиянын жана анын алкагындагы Теңир-Тоо, Алай тоо кыркаларынын этектерин, түздүктөрүн, Жети-Сууну мекендеп, жыл мезгилдерине жараша мал чарбачылыгын, дыйканчылыгын өнүктүрүп келген байыркы, орто кылымдардагы калктардын археологиясы алардын маданиятын изилдөөдө орчундуу орунду ээлеп келе жатат.

Евразиянын ар кыл аймактарындагы маданий өнүгүүлөрдүн калыптанышын, өнүгүшүн жана солгундоо учурларын изилдөө ар дайым маанилүү болуп келген. Көптөгөн илимий-изилдөө борборлору узак мезгилден бери адамзат коомдорунун маданиятынын эволюциясын, өнүгүү жолун изилдеп, аныктап, түшүндүрмөлөрдү иштеп чыгышкан. Археологиялык маданияттардын, этностордун маданиятын өнүгүү жолун, эволюциясын иликтөөдө жалпы эле тарых илиминде археологиялык изилдөөлөр башкы орунду ээлеп келген. Азыркы учурда маданий өнүгүүлөрдүн эволюциясын археологиялык табылгалардын негизинде изилдөө актулдуулугу барган сайын өсүүдө.

XX кылымдын орто ченинен баштап Кыргызстанды изилдөөчүлөрдүн археологиялык материалдары байыркы жана орто кылымдардагы теңир-тоолук маданияттардын өнүгүү мүнөзү боюнча ынанымдуу илимий көз караштарды калыптандырды. Биздин оюбузча, ушул багыттагы изилдөөлөрдү улантуу абдан актуалдуу, анткени дээрлик жыл сайын байыркы жана орто кылымдардагы теңир-тоолук калктардын маданияты боюнча жаңы маалыматтар пайда болууда жана алар кеңири талданып, жалпылануу тийиш.

Отуз жылдан ашуун мезгилди камтыган (1989-2022 жж.) биздин изилдөөлөрүбүздүн көпчүлүгү Теңир-Тоону мекендеген калктардын маданий турмушун, каада-салттарын иликтөөгө арналган. Археологиялык казуулардан алынган жаңы маалыматтарыбыз маданияттын көп кырдуу, татаал, ар дайым бир калыпта жүрбөгөн эволюциялык процесстерин, маданий өнүгүүнүн белгилерин улам кеңейтип талдоону талап кылууда. Көп жылдар бою жүргүзгөн археологиялык изилдөөлөрдүн натыйжасында этностордун маданиятынын өнүгүү жолун табыгый илимдердин изилдөө мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу аркылуу Теңир-Тоонун калктарынын үч миң жылга жакын мезгилдеги көп кырдуу маданий өнүгүшүн талдап изилдөөгө кеңири мүмкүнчүлүк ачылып отурат.

Акыркы он жылдыктардагы изилдөөлөрдүн улантылышы аркылуу байыркы жана орто кылымдагы коомдордун ар кандай маданий элементтеринин эволюциялык процессин талдоого жана толуктоого мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Маданий өнүгүү жолун иликтөөдө көптөгөн эволюциялык өнүгүү менен бир катар революциялык мүнөздөгү процесстер болуп өткөнү байкалат. Ички жана тышкы таасирлердин натыйжасында сөөк коюу, эскерүү салттары, чарбалык ишмердүүлүк, тиричилик буюмдары, шаймандар, курал-жарактар, жасалгалар өнүгүү, өзгөрүү жолунда болгон. Жалпы эволюция процессинде алдын ала сапаттуу өзгөрүүлөрдү даярдаган өбөлгөлөр да байкалат. Эволюциялык процесстердин мезгил өткөн сайын көп багыттуу болушу жаңы изилдөө жолдорун табууну талап кылат. Ошондуктан, мезгил-мезгили менен бул актуалдуу маселени кайра карап чыгуу зарылчылыктары жаралып отурат.

Эрте темир доорундагы, орто кылымдардагы Теңир-Тоону мекендеген калктардын маданияты боюнча археологиялык материалдардын негизги бөлүгү негизинен мурдатан берки изилдөөгө алынып келген сөөк коюу-эскерүү эстеликтерин изилдөө аркылуу чагылдырылды. Сөөк коюу жөрөлгөсү жөнүндө маалыматтарды изилдөө жана чечмелөө Теңир-Тоонун археологиялык эстеликтерин изилдөөнүн бардык этаптарынын ичинен эң орчундуу багыттарынын катарына кирет. Ушул теманын айланасындагы маселелер аталган аймактарды археологиялык жактан изилдөө багытындагы алдыңкы орунда турат. Сөөк коюу каада-салттарын изилдөө байыркы доорлордон баштап учурдагы этнографиялык мезгилге чейинки калктардын материалдык, руханий маданияты жөнүндө илим үчүн баа жеткис маалымат берет. Улам жаңы материалдар аркылуу ар кандай маданияттардын элементтеринин өзгөрүү жолдору, эволюциясы тактала берет.

Буга чейин археологдор тарабынан усундар дооруна, эрте темир дооруна таандык туруктуу турак-жайлар табылган. Бирок туруктуу изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес. Орто кылымдардагы туруктуу турак-жайлар, конуштарды, шаарчаларды казуу учурунда алынган маалыматтар согдиялыктарга гана таандык деп эсептелинген. Теңир-Тоо этектериндеги аймактарда түрк тилдүү этностордун калкынын бир бөлүгүнүн отуруукташуусу боюнча маселе “Кыргыз ССРинин тарыхында” (1984) учкай эскертилгени менен эч негизсиз колдоого алынбай, эскерилбей келе жатат. Красная-Речка (Невакет) жана Бурана шаарчаларынын мүрзөлөрүндө жылкысы менен бирге көмүлгөн түрк тилдүү калк өкүлдөрүнүн көмүлгөн жайлары табылган. Орто кылымдагы шаарчалардын аймагындагы казууларда табылган ат жабдыктар, дыйкандар пайдаланган чарбалык куралдар, үй жаныбарларынын сөөктөрү, мөмө-жемиш дандарынын, дан эгиндеринин табылышы шаарларда жана ага чектеш жерлерде чарба жүргүзгөн этностордун жалпы калкынын ар тараптуу чарбалык ишмердүүлүгүнүнүн болгонун тастыктайт. Жазуу булактары да ири шаарлардын калкынын эки тилдүү экендигин (түрк-согд) көрсөтөт.

Таластагы Айрытам-Ой түрк жазма эстеликтери эл отуруукташып жашаган жерден табылган. Демек, аларды нукура көчмөндөрдүн жазуусу деп далилдөөгө

негиз жок. Орто кылымдагы шаарлардын жана тоо этектеринин ортосундагы аралык абдан жакын. Тоо этектери жана ага чектеш түзөң жерлерде бири-бири менен тыгыз байланышта жашаган көп тармактуу, адистешкен экономикасы бар кош тилдүү топторду жасалма түрдө "отурукташкандар жана көчмөндөр" деп бөлүү ар дайым эле орундуу эмес.

Түрк тилдүү этностор менен согдиялыктардын ортосунда бир нече кылымдар бою маданияттын өз ара туруктуу алакасы болгону жалпыга белгилүү. Маданияты чырмалышкан чөйрөнүн эстеликтерин археологиялык жактан изилдөөдө жер иштетүү жана мал чарба менен байланыштуу экономикасына, карапачылыгына, металл өндүрүп иштөө ишмердүүлүгүнө, зергерчилигине негизсиз, жасалма этникалык тиешелүүлүк жармаштыруу дайыма мүмкүн эместиги байкалат. Кылымдар бою бирге жашап, кийин аралашып кеткен чөйрөдөгү аталган ишмердиктин түрк тилдүү калкка же согдулукка гана мүнөздүү болгон деп жыйынтык чыгарууга негиз жок.

Акыркы он жылдыктарда Теңир-Тоонун байыркы жана орто кылымдагы көп тараптуу чарба жүргүзгөн калктарынын (жыл мезгилине жараша жер которгон малчылар, жарым көчмөндөр, жер иштеткен дыйкандар ж.б.) көрүстөндөрүн, маркумду эскерүү эстеликтерин, турак-жайларын, өндүрүштүк ишмердүүлүк жүргүзгөн жерлерин изилдөөнүн жыйынтыктары кезектеги жалпылоону талап кылууда. Азыркы учурда Теңир-Тоо калктарынын жана анын тегерегиндеги аймактардын маданий эстеликтери жөнүндө кезектеги бирдиктүү көз карашты түзүү зарылдыгы бышып жетилди. Мурдагы материалдар менен салыштырып изилдөө, чектеш аймактардын маалыматтары менен салыштыруу аркылуу талдоо жүргүзүү зарыл. Натыйжада, изилденип жаткан аймактын калктарынын маданияты, экономикалык ишмердүүлүктөрү боюнча калыптанып калган айрым пикирлерди кайрадан карап чыгууга мүмкүн болот.

Коло доорундагы, эрте темир доорундагы жана орто кылымдардагы калктуу конуштарда, турак-жайларда археоботаникалык изилдөөлөрдү жүргүзүү, дан өсүмдүктөрүнүн калдыктарын (арпа, буудай, таруу, буурчак) аныктоо жаңы келечектүү изилдөө багыттарын ачууда. Археоботаника, палеозоология жаатындагы адистер тарабынан алынган жаңы далилдер азыркы учурдагы көз караштарды өнүктүрүүгө, жыл мезгилине жараша мал асыраган малчылардын экономикасы жана алардын жарым отурукташкан, отурукташкан дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк карапа, жыгач иштетүү, металл өндүрүү, иштетүү, зергерчилик, жыгаччылык менен алектенген чөйрөнүн өкүлдөрү менен тыгыз байланышы жөнүндө жаңы түшүнүктөрдү калыптандырууга мүмкүндүк берет.

Талдоого алынган материалдар эрте темир дооруна таандык турак-жай ордуларынан, мал корулуучу «таш-короолордон», археологиялык казуу жүргүзүлгөн жерлерден алынган (Чап, Көк-Сай, Чап, Сөгөттү, Туюк-Жар,

Шамшы). Жалпыланган маалыматтар биздин заманга чейинки 1-миң жылдыкта тоо этектерин өздөштүргөн калктардын маданиятын изилдөө үчүн жаңы актуалдуу багыттарды ачат.

Күнгөй жана Тескей Ала-Тоонун этектеринде дан эгиндерин өстүрүү үчүн ар кайсы мезгилде курулган тектирлүү аянттардын (террассалардын) издери табылды. Кочкор өрөөнүндөгү адамдын жана жаныбарлардын сөөк коллагенинин туруктуу изотопторун анализдөө боюнча жаңы маалыматтар алынды. Радиоуглероддук анализдин натыйжалары 3900 жыл мурун, эрте коло доорунда дан өсүмдүктөрүнүн айрым түрлөрү (таруу?) колдонулганын көрсөттү. Жогоруда эскерилген эң жаңы изилдөө методдорун колдонуу биздин заманга чейинки 3-миң жылдыктан баштап Теңир-Тоонун тоо этектериндеги зоналардын жашоочуларынын чарбалык турмушунун мүнөзүн аныктоодо, калыптанып калган пикирлерди тактоодо мааниси жогору.

Соңку он жылдыктардын ичинде ар түрдүү археологиялык эстеликтерди изилдөө аркылуу байыркы диний ырым-жырымдарды изилдөө үчүн жаңы маалыматтар алынды. Мисалы, ритуалдык сөөк коюу жана ага байланыштуу ырым аткаруучу курулуштар аныкталып, изилденди (Кичи-Ача, Ат-Башы, Жылгын, Алай). Аска сүрөттөрүнүн топтолгон жерлери изилдөөчүлөр тарабынан көркөм өнөр ишмердүүлүгүн изилдөөчү жай катары гана эмес, ыйык, ритуалдык ырым-жырымдар аткарылуучу корулган жер катары да мүнөздөлөт. Теңир-Тоо этектериндеги сөөк коюу жана ырым аткарылуучу комплекстер, аска-таштагы сүрөттөр, белгилер, таштагы жазма эстеликтер жана башка объекттер маданий эволюциянын табиятын, байыркы доордон орто кылымдарга чейинки диний ишенимдердин өзгөрүшүн изилдөөнүн жаңы актуалдуу нуктарын ачууда. Археологиялык жана этнографиялык багытта Теңир-Тоонун жана ага чектеш аймактардын байыркы маданиятынын бүтүндөй катмарларын изилдөө үчүн келечектүү жолдор ачылууда.

Жаңы материалдарды жалпылоо, аларды чечмелөө, чектеш аймактардан табылган маалыматтар менен салыштыруу, ошондой эле радиокөмүртектүү аныктоонун табигый илимий ыкмаларын ($^{14}$ C) колдонуу Теңир-Тоонун байыркы жана орто кылымдардагы калкынын маданиятынын эволюциясын далилдүү талдоого алып келет. Аталган багыттагы иштин жыйынтыгы акыркы үч миң жылдыкта Теңир-Тоо, Алай, Жети-Суу, Фергана калктарынын көп кырдуу маданиятынын өнүгүүсү, өзгөрүшү, эволюциясы боюнча жаңы теорияларды жана концепцияларды түзүүгө мүмкүндүк берет.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, негизги илимий программалар (долбоорлор), окуу жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү түпкүлүктүү изилдөө иштери менен байланышы**

Теңир-Тоо калкынын байыркы жана орто кылымдардагы маданиятына байланыштуу темалар дүйнөнүн, анын ичинде Кыргызстандын ар кыл илимий борборлору тарабынан тынымсыз иштелип келе жатат. Кыргызстандын тарыхын изилдөөдө да ар дайым артыкчылыктуу саналуу менен бирге ар түрдүү изилдөө программаларында (долбоорлорунда) өзгөчө орунду ээлеп келген. Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан кийин Европанын жана Американын ар кыл илимий борборлору менен биргелешкен түрдүү изилдөөлөрдү жүргүзүүгө жаңы мүмкүнчүлүктөр ачылды. Биздин изилдөө темабыз, багыттарыбыз Евразиянын тоолуу жана талаа зоналарын изилдөөнүн башка багыттары менен шайкеш келгендиктен, эл аралык абройлуу, фундаменталдуу изилдөө жүргүзгөн илимий жана билим берүү илимий борборлору, институттары менен кызматташууга, долбоорлорго катышууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Бул изилдөөнүн авторуна жергиликтүү жана эл аралык илимий долбоорлор тарабынан түзүлгөн ар кандай археологиялык топтордун ишине изилдөөчү, уюштуруучу жана жетекчи катары төмөндөгү проекттерге түздөн-түз катышууга мүмкүндүк берди:

1995–1996-жылдары – «Мурас» илимий-үгүт борборунун мамлекеттик иштиктүү долбоору; 1995–1997-жылдары – Германиянын археологиялык институтунун Евразия бөлүмүнүн жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (КУУ) археология жана этнография кафедрасынын Кочкор өрөөнүндөгү Сүттүү-Булак эстелигин изилдөө боюнча эл аралык долбоору; 1997–2002-жылдары – Соң-Көл жана Алай өрөөндөрүндөгү археологиялык эстеликтерди изилдөө боюнча Кыргыз жаш тарыхчылар жамааты менен "Түрк тарых курумунун" (Türk Tarih Kurumu) эл аралык долбоору; 1999–2004-жылдары – Орусия илимдер академиясынын Сибирь бөлүмүнүн археология жана этнография институтунун, КР Улуттук илимдер академиясынын Тарых институтунун жана Ж. Баласагын атындагы КУУнун археология жана этнология бөлүмүнүн палеолит доорун изилдөө боюнча эл аралык долбоор (мунун жүрүшүндө Үч-Курбу эстелиги ачылып, изилдөөлөр башталган, бул кийинчерээк Улуу көч доорунун субмаданиятын – бурчтарында тик орнотулган таштары бар мүрзө-дөбөлөрдү ачууну шарттаган); 2006-2009-жылдары ЮНЕСКОнун «Кыргызстандын таштагы жазуу эстеликтери» проектиси; 2012-2014-жылдары – Казакстан Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Илим комитети тарабынан каржыланган «Түрктөрдүн геосаясий феномени: теги, жолун жолдоочулугу» долбоору, анын алкагында «Батыш түрк каганаты» китеби жарык көргөн; 2013-2014-жылдары Новосибирск мамлекеттик университети тарабынан уюштурулган «Тянь-Шань менен Алтайдын орто кылымдардагы көчмөндөрүнүн маданиятын салыштырып изилдөө» илимий-билим берүү долбоору; 2016-2017-жылдары – Борбордук Азиянын байыркы жана орто кылымдардагы маданиятын изилдөө алкагында изилдөө тобу жана Борбордук Азия изилдөөлөрү эл аралык Институту (МИЦАИ) тарабынан жүргүзүлгөн «Үй-бүлө, уруулук, клановдук эмблемалар» аттуу изилдөө аткарылып, жыйынтыктары

боюнча «Борбордук Азиянын Исламга чейинки тамгалары» жамааттык монографиясы жарык көргөн; 2017–2021-жылдары – Литванын Илимий Кеңеши менен гранттык макулдашуунун алкагында Европалык Социалдык Фонд тарабынан каржыланган «Борбордук Азиянын байыркы бийик тоолуу аймактарындагы коомдордогу тамактануу өзгөчөлүктөрү, стратегиялары, мааниси» эл аралык долбоору; 2017-жылдан тартып Алтай мамлекетик университети, Кыргыз улуттук университети жана башка өнөктөштөр менен бирге Алтай мамлекети менен «Чоң Алтай ааламы» жана «Чоң Алтайдын түрк-монгол дүйнөсү: тарыхтагы жана учурдагы биримдиги жана көп түрдүүлүгү» эл аралык долбоорунун алкагында биргелешкен изилдөөлөр аткарылууда.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**

Изилдөөнүн максаты – Теңир-Тоонун байыркы жана орто кылымдардагы калкынын тарыхый өнүгүү жолундагы маданиятынын эволюциясын изилдөө.

Бул максатка жетүү үчүн төмөнкү милдеттерди алдыга коюлду:

– «Орто кылымдардагы Теңир-Тоонун көчмөн калктарынын сөөк коюу жөрөлгөлөрүнүн эволюциясы» аттуу кандидаттык диссертацияны жактаган мезгилден тартып (1994–2021) илимий айлампага киргизилген материалдардын, изилдөө иштеринин учурдагы жыйынтыгын чыгаруу;

- илимпоздордун мурунку муундары тарабынан алынган жыйынтыктарды жалпылоо жана системалаштыруу, аларды жаңы автордук корутундулар жана байкоолор менен байытуу, Теңир-Тоонун байыркы жана орто кылымдардагы калктарынын маданиятынын өнүгүүсүнүн негизги этаптарын аныктоо, ар бир учуруна мүнөздөмө берүү;

- археологиялык мезгилдердин ортосундагы эволюциялык, маданий жана генетикалык өзгөчөлүктөрдү аныктоо, талдоо жана тактоо;

– сөөк коюу жана эскерүү ырымынын негизги өзгөчөлүктөрүн аныктоо, Теңир-Тоонун байыркы жана орто кылымдардагы калкынын сөөк коюу жана маркумду эскерүү салттарынын жана материалдык маданиятынын өнүгүү процесстерине, өзгөрүүлөрүнө байкоо жүргүзүү;

– Теңир-Тоонун байыркы жана орто кылымдардагы калкынын маданиятынын Борбордук Азиянын көчмөн, жарым көчмөн, малчылык жана дыйканчылык менен байланыштуу ишмердүүлүгү менен салыштыруу жана маданияттардын өз ара байланышынын мүнөзүн аныктоо.

– Теңир-Тоодогу турак-жай, конуштарды изилдөөнүн жыйынтыктарын талдоо жана алардын жыйынтыктарын коло доорунун, эрте темир доорунун, орто кылымдардын отурукташкан жерлеринин акыркы жылдарындагы комплекстүү изилдөөлөрдүн маалыматтары менен байытуу, жалпылоо (изилденип жаткан

аймактын калкынын турак-жайлар курулган жерлерди өздөштүрүүсү, мал чарбачылыгын жана өсүмдүк өстүрүүчүлүктү өнүктүрүү боюнча ишинин мүнөздөмөсү; изилденүүчү аймактын байыркы жана орто кылымдардагы жашоочуларынын тамак-аш рационунун (диетасынын) мүнөздөмөлөрү).

- Теңир-Тоонун археологиялык маданияттары аркылуу кыргыздардын маданиятынын келип чыгышын иликтөө;

– Кыргызстандан табылган таштагы жазуу эстеликтеринин негизинде археологиялык эстеликтердин, табылгалардын жана жазуу эстеликтеринин негизинде аймактардын жашоочуларынын руханий өнүгүү жолдорун, диний ишенимдеринин өзгөрүшүнө мүнөздөмө берүү.

**Иштин илимий жаңылыгы**

Тарых илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алууга илимий доклад түрүндөгү диссертациянын коргоого берилген илимий иштин жаңылыгы төмөндөгүдөй:

- Теңир-Тоонун байыркы жана орто кылымдардагы калкынын маданияты боюнча олуттуу археологиялык маалыматтар илимпоздордун изилдөө алкагына кошулду. Узак мезгилди камтыган маданий өнүгүү жолундагы өзгөрүүлөр, айрым үгүлтүктсүз өнүгүү жолунда болгон маданияттын белгилери аныкталды. Б. з. ч. I миң жылдыктагы жана орто кылымдардагы калктардын сөөк коюу-эскерүү ырым-жырымдарынын жаңы, мурда белгисиз элементтери аныкталды;
- археологиялык эстеликтерди учурдун талабына ылайык радиокөмүртектүү анализ ($^{14}$ C) ыкмасы аркылуу мезгилин аныктоо мүмкүнчүлүктөрү кеңейтилди. Алынган даталардын аркасында Теңир-Тоодогу коло доорунун, коло доорунан баштап темир дооруна чейинки өткөөл мезгилди аныктоо башталды, эрте сак маданиятынын (б.з.ч. VII–VI кылымдар), эрте орто кылымдагы түрк тилдүү калктардын маданиятынын алгачкы учурунун (б.з. VI–VII кылымдары) мүнөздүү белгилери аныкталды. Айрым эстеликтердин мезгилдери Америка, Европа жана Япониянын көз карандысыз лабораторияларында такталды;
- Чыгыштан чыккан Улуу көч доорундагы калктын маданиятынын жаңы түрү ачылды (б.з. I–V кылымдары). Ушул хуннулар доорундагы төрт чарчы, таштан курулган мүрзөлөрдүн бурчтарына тике таштар орнотуу адатын тараткан "субмаданиятты" жаратуучулардын тараган аймактары аныкталууда;
- эрте темир доорундагы сөөк коюу, эскерүү комплекстери ("сегиз таштуу" коргончолор, бугу таштары, ырым аткарылуучу жайлар) жана эрте орто кылымдардагы көрүстөндөр, маркумду эскерүү адаты менен байланыштуу

айкел орнотуу менен удаа тургузулган коргончолор боюнча маалыматтардын саны арбыды;

- коло доорундагы, эрте темир доорундагы, орто кылымдардагы турак-жайларды көп тараптуу изилдөө жана археоботаникалык, зооархеологиялык, изотоптук, палинологиялык, генетикалык анализдерди жүргүзүү башталды. Биринчи жолу адамдын жана жаныбарлардын калдыктарын изотоптук анализдөө колдонулду. Коло доорунун соңку мезгилинен баштап темир дооруна чейинки өткөөл мезгилдин чарбасын комплекстүү изилдөө башталды;
- 1997-жылдан баштап археологиялык иштердин жүрүшүндө түрк тилдүү калктардын рун сымал жазууларынын 30дан ашык белгисиз эстеликтери табылып, түркологдордун изилдөө чөйрөсүнө сунушталган. Алар түркологдор тарабынан окулуп, которулган, эл аралык илимий басылмаларда жарыяланган;
- б.з. II миң жылдыгы ичинде ташка жазылган мурда белгисиз 100дөн ашуун араб жазуусу бар эстеликтер табылып, "Кыргызстандын таштагы жазуу эстеликтери" аттуу жыйнак түзүлдү. Орто кылымдагы уруулук тамгалардын тобу чогултулду. Тамгалар жөнүндө бардык маалыматтар «Борбордук Азиянын исламга чейинки тамгалары» аттуу атайын адистештирилген басылмада жарыяланды;
- Теңир-Тоонун орто кылымдардагы түрк тилдүү урууларынын аска таш бетине тартылган сүрөттөрүнүн саны кыйла көбөйдү. Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл, Нарын жана Талас облустарында орто жана жаңы доордогу кыргыздардын элдик сүрөттөрү бөлүнүп, ондон ашык мурда белгисиз болгон таш бетиндеги сүрөттөрү бар жерлер аныкталды;
- илгерки мезгилдеги тоо этектерин өздөштүрүү ишмердүүлүктөрүн изилдөө үчүн учуучу аппараттын (дрондун) жардамы менен археологиялык эстеликтер менен тоо этектеринин ландшафтын изилдөөнүн алгачкы жыйынтыктары чыгарылды. Байыркы дыйкандар айдоо өсүмдүктөрүн өстүрүү үчүн курушкан тектирлүү аянтчалар (террассалар) табылып, аларды изилдөө иши башталды. Алдын ала маалыматтарга ылайык, коло доорунда тектирлерди (террассаларды) куруу башталып, эрте темир доорунда, орто кылымдарда туруктуу мүнөзгө ээ болуп, жакынкы жүз жылдыктарга чейин уланган;
- салыштырмалуу изилдөө методдорунун жардамы менен Теңир-Тоонун жана Борбордук Азиянын байыркы жана орто кылымдардагы калкынын маданий байланыштарынын жаңы, мурда белгисиз багыттары аныкталды;
- бир канча жылдар ичинде топтолгон археологиялык маалыматтарды талдоонун натыйжасында байыркы, орто кылымдардагы маданий-генетикалык өнүгүүлөрдүн мезгилдик баскычтары иштелип чыгып,

кыргыздардын айрым маданий салттарынын жана материалдык маданиятынын келип чыгышы боюнча автордук көз караштар жаралды.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси**

Автордук изилдөөлөрдүн натыйжасында топтолгон маалыматар Теңир-Тоо жана ага чектеш аймактарда жашаган калктардын эрте темир доорунан баштап орто кылымдардын аягына чейинки мезгилдеги этногенетикалык, хронологиялык жана тарыхый-маданий өнүгүү менен байланыштуу маселелерди ачууга мүмкүндүк берет. Илимий басылмаларда жарык көргөн материалдар илимдин гуманитардык тармагынын адистери тарабынан этногенетикалык, культурогенетикалык процесстерге байланыштуу маселелердин үстүндө иштөөдө колдонулду жана колдонулууда. Топтолгон археологиялык материалдар Кыргыз Республикасынын Улуттук тарых музейинин байыркы тарыхы боюнча бөлүмдөрдүн экспозициясын түзүүдө, Кыргыз Республикасынын облустук, райондук музейлеринде колдонулууда. Ошону менен бирге маалыматтар альбомдорду, баяндамаларды даярдоодо кеңири колдонулат. Илимий-популярдуу стилде басылып чыккан макалалар, изденүүчүнүн китептери туристтик уюмдар, операторлор тарабынан колдонулуп келе жатат.

Изденүүчүнүн археологиялык материалдарынын бир бөлүгү Кыргызстан менен Казакстандын тарыхы боюнча монографиялардын, окуу куралдарынын жана окуу китептеринин тиешелүү бөлүмдөрүн жазуу үчүн колдонулган.

Автордун тыянактары жана материалдары Россия Федерациясында, Казакстан Республикасында, Түркия Республикасында жана Германия Федеративдик Республикасында орто кылымдагы түрк тилдүү калктардын тарыхы жана маданияты боюнча монографияларды жазууда пайдаланылып келет.

Автордук изилдөөлөрдүн негизги материалдары жана изденүүчү тарабынан башка окумуштуулар менен биргеликте жазылган илимий эмгектери автор тарабынан Кыргызстан жана Борбордук Азиянын археологиясы боюнча лекциялардын курстарын окутууда колдонулат. Археологиялык казуулар учурунда тартылган сүрөттөр, видеофильмдер документалдык фильмдерди жаратууда колдонулуп келе жатат. Изденүүчүнүн материалдарынын бир бөлүгү тарыхчылар тарабынан мектеп окуучулары үчүн Кыргызстандын тарыхы боюнча окуу китептерин жазууда, энциклопедияларды түзүүдө колдонулууда.

Изилдөөнүн илимий корутундулары, жыйынтыктары автор тарабынан 1995-2003-жылдары Ж.Баласагын атындагы КУУнун тарых факультетинде жана 2003-жылдан тартып Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин гуманитардык факультетинин тарых бөлүмүндө жана туризм бөлүмүндө тиешелүү

программаларды иштеп чыгууда, окуу курстарынын негизин түзүүдө пайдаланылып келе жатат. Археологиялык экспедициялар учурунда алынган маанилүү археологиялык коллекциялар, реконструкциялар Кыргыз Республикасынын Улуттук тарых музейинин туруктуу жана убактылуу археологиялык көргөзмөлөрүндө пайдаланылат. Археологиялык коллекциялардын бир бөлүгү Жусуп Баласагын атындагы КУУнун музей-лабораториясында жана Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин археологиялык-этнографиялык, реставрациялык музей-лабораториясында көргөзмөгө коюлган. Археологиялык табылгалардын жана жазуу эстеликтеринин автордук фото материалдары Таластагы «Манас ордо» музей-комплексинде, Каракол, Нарын, Бөкөнбаев, Чолпон-Ата аймактык музейлеринде археологиялык экспозицияны түзүүдө колдонулду.

Автордун карамагындагы фотоматериалдар Кыргыз Республикасынын орто мектептеринин, атайын орто, жогорку окуу жайларынын тарых кабинеттери үчүн түзүлгөн "Кыргызстандын тарыхы сүрөттөрдө" көргөзмө материалдарынын көргөзмөсүн иштеп чыгууда колдонулган. Археологиялык объектилердин сүрөттөрү, табылгалар документалдуу фильмдерди, видео лекцияларды түзүүдө колдонулат.

**Алынган натыйжалардын экономикалык мааниси**

Изилдөөнүн экономикалык мааниси Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүү үчүн, туристтик маршруттарга айрым археологиялык объектилерди мезгил-мезгили менен киргизүүнү болжолдойт. Археологиялык объектилерди кыдырып тааныштыруу жолдорун иштеп чыгууда, ачык асман алдында жергиликтүү, этно-археологиялык музейлердин иш алып баруусунда колдонулушу мүмкүн. Чет өлкөлөрдүн тажрыйбасын колдонуу, практикалык ыкмаларды далилдүү түшүндүрүү аркылуу биздин өлкөдө археологиялык туризмди өнүктүрүүгө түрткү бериши мүмкүн. Биздин тажрыйбабыз көрсөткөндөй, археологиялык эстеликтердин ар кандай түрлөрүн изилдөөдөн алынган теориялык тыянактар Кыргызстандын байыркы маданий мурастары жөнүндө колдонмолорду, альбомдорду түзүүдө кеңири колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого чыгарылган негизги жоболору**

1994-2022-жылдары жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жүрүшүндө төмөнкү жоболорду иштеп чыгууга жана коргоого алып чыгууга мүмкүнчүлүк түзүлдү:

-Теңир-Тоодогу коло доорундагы жана эрте темир доорундагы мурда белгисиз конуштар аныкталды жана археологиялык жактан тастыкталды. Радиокөмүртектүү анализдер аркылуу ($^{14}$ C) алынган абсолюттук даталардын негизинде турак-жайларда коло доорунун алгачкы жана кеч мезгилдери, коло

доорунан баштап темир дооруна чейинки өткөөл мезгилдин маданий катмарлары белгиленди. Буга чейин Теңир-Тоодогу ар кандай убакыттуу конуштар археология жана табигый илимдер жаатындагы адистерди (археоботаниктерди, палеозоологдорду, палинологдорду, генетиктерди) тартуу менен комплекстүү изилденген эмес;

– 1994-2022-жылдардагы изилдөө мезгилинде автор тарабынан эрте темир доорундагы сөөк коюу, эскерүү комплекстери ("сегиз таш" эскерүү коргондору, маркумду көмүүгө байланыштуу ырым-жырымдарды аткарылуучу жерлер, дөбө-мүрзө алдындагы маркум сөөгүн жайгаштыруучу жайлар) ачылган жана изилденген. Алгачкы темир доорунунан тартып кеч орто кылымдарга чейинки маркумду "символикалык тамак" менен камсыз кылуу адаты атайын изилденген. Сөөк коюу-эскерүү салтынын бардык көрсөтүлгөн элементтери ушул убакка чейин максаттуу изилденген эмес;

– б.з. II-IV кылымдарындагы төрт чарчы таштан курулган, бурчтарында таш мамылар орнотулган мүрзө дөбөлөрдү жаратуучулар Теңир-Тоодогу өзгөчө, мурда белгисиз жаңы маданий көрсөткүч (субкультура) катары мүнөздөлдү. Сөөк коюу эстеликтеринин бул түрү ушул убакка чейин Кыргызстандын археологиясында белгилүү болгон эмес;

– Теңир-Тоонун ички өрөөндөрүндөгү эрте орто кылымдарга таандык (б.з. VI – X кк.) жана кеч орто кылымдардагы (б. з. XII–XVI кк.) көп сандуу чакан мүрзөлөр табылып, изилденди. Эстеликтерди археологиялык казуу жүргүзүп изилдөөдөн кийин биринчи жолу аларды классификациялоо, көрүстөндөрдүн конструкцияларынын сөөк коюу, эскерүү комплекстерин, маркумду эскерүү үчүн курулган коргончолорду жана маркум жанынан табылган буюмдарды типтерге бөлүштүрүү системасы иштелип чыккан. Эстеликтердин мезгили такталгандан кийин б. з. VI–XVI кылымдардагы этносторунун маданий элементтеринин өнүгүү этаптары аныкталды. Буга чейин чакан мүрзөлөр жөнүндө маалыматтын жоктугунан ушундай изилдөө жүргүзүү мүмкүн болгон эмес;

– 1997-2003-жылдары Теңир-Тоодо биринчи жолу отузга жакын түрк тилдүү калктардын жазуу эстеликтери ачылып, изилденди. Эпитафиялык мүнөздөгү тексттери бар Көк-Сай жери он ок элинин ичинен чыккан мансаптуу адамдарды эскерүү үчүн тандалып алынган, ардакталган жер болгон;

– Теңир-Тоодо сөөк коюу каадасынын Енисей кыргыздарына мүнөздүү окшош белгилери аныкталган. Дөбө-мүрзөлөрдүн астында «жашырып көмүлгөн» буюмдардын тобунун табылышы, мүрзөдөгү чуңкурда маркумду көмүү алдында от жагып ырым аткаруу Теңир-Тоо калктарынын сөөк коюу каадасында жок жаңы белгилер. «Жашырып көмүлгөн» буюмдар Енисей кыргыздарынын маданиятында гана кездешет. Енисей кыргыздарына мүнөздүү болгон сөөк коюу

каадасынын белгилери бар эстеликтер табылды, бирок көмүлгөндөр өрттөбөй көмүлгөн (ингумация каадасы). Теңир-Тоодо бул жаңы көрүнүш салт катары кабыл алынат. Биздин пикирибиз боюнча, Енисей тараптан Алтай аркылуу келген кыргыздар Теңир-Тоого келип, жергиликтүү калктын таасири аркасында өрттөбөй көмүүгө өтүү менен бирге, эски салтты аткарды кылып, маркумду көмүү алдында көмүүчү жайды от жагып «тазартышкан». Археологиялык маалыматтар Тянь-Шандын чыгыш, батыш, түштүк жана түндүк аймактарында жашаган тургундардын байыркы салттарынын таасирин сиңирген кыргыздардын материалдык жана руханий маданиятын калыптандыруунун узак жолун көрсөтөт;

– археологиялык материалдар аркылуу эрте темир доорунан тартып орто кылымдын аягына чейинки мезгилдеги маданий өнүгүнүн кээ бир белгилеринин эволюциясы белгиленди. Маданий элементтердин формалары ар дайым өзгөрүүлөргө дуушар болгону менен алардын мазмуну сакталып кала берген. Б. з. II миң жылдыгынын ичиндеги маркумдуу көмүү, эскерүү адаттары менен байланыштуу комплекстерин изилдөөнүн негизинде исламдын жайылышынын этаптары сунушталган. Тыянактар жазма тарыхый булактарга гана эмес, этно-археологиялык изилдөөлөрдүн натыйжаларына да негизделген;

– Кыргызстанда маданий мурастар боюнча тематикалык билим берүү турларын өткөрүү, археологиялык туризмди өнүктүрүү үчүн археологиялык объектилердин негизинде чакан оригиналдуу комплекстерди түзүү сунушталды. Бул туристтер арасында да, жалпы калк арасында да байыркы жана орто кылымдагы объектилердин маанилүүлүгүн түшүнүүгө жана сактоого өбөлгө түзөт. Археологиялык туризмди өнүктүрүү жана бул объектилердин маанисин түшүнүү өлкөнүн жашоочуларынын деңгээлине, экономикалык ресурсунун өсүшүнө өбөлгө түзөт. Археологиялык туризм объектилери Өзгөн, Бурана, Манас-Ордо, Сулайман-Тоо сыяктуу ири археологиялык-архитектуралык комплекстерде гана түзүлбөшү керек. Алар археологдор изилдеген чакан объектилерде, чакан конуштардын, байыркы мүрзөлөрдүн, эскерүү эстеликтеринин аймагында, аска таш бетинде байыркы сүрөттөр бар жерлерде түзүлүшү керек. Жогорудагыдай археологиялык мурастар маалыматтуулугу менен айырмаланат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**: бардык негизги жоболор, түшүнүктөр, теориялар, максаттары жана милдеттери, илимий-практикалык изилдөө натыйжалары жеке изденүүчү тарабынан иштелип чыккан.

**Диссертациянын жыйынтыктарын апробациялоо**: изилдөөнүн жыйынтыктары беш монографияда жана башка илимий басылмаларда, жыйнактарда жарыяланган макалаларда, Кыргыз Республикасынын жана Россия

Федерациясынын Улуттук аттестациялык комиссиясы сунуш кылган басылмаларда жарыяланган. Илимий эмгектердин бир бөлүгү SCOPUS, РИНЦ тизмесине кирген журналдарда жарыяланган. Изилдөөлөрдүн натыйжалары төмөндөгү республикалык жана эл аралык археология, тарых, этнография багытындагы адистештирилген конференциялардын, конгресстердин, симпозиумдардын жана семинарлардын жүрүшүндө талкуулардан өттү: Байыркы кыргыз тарыхынын актуалдуу проблемалары. Эл аралык илимий конгресс 27–29 август, 2001-ж. Бишкек, 2001; Түрк цивилизациясынын дүйнөлүк цивилизациялар ичиндеги орду. II эл аралык түрк цивилизациясы конгрессинин материалдары. (The Second international Congress On Turkic Civilization. Bishkek, October 4–6, 2004; Современные проблемы археологии России. Всероссийский археологический съезд (23–28 октября 2006 г., Новосибирск); Учредительный съезд Международного конгресса. 14–16 февраля 2007 г. (Казань); The Third International Conference on Turpan Studies: The Origins and Migrations of Eurasian Nomadic Peoples. Turpan, 2008; Hunnen zwischen Asien und Europa. Aktuelle Forschungen zur Archäologie und Kultur der Hunnen. Langenweiβbach 2008; «Историко-культурное наследие и современная культура» (Proceeding of the International Scientific-Practical Seminar «Historic Cultural Heritage and Modern Culture»). Эл аралык практикалык семинар. 30 ноябрь 2012 ж., Алматы, 2012 г.; 7th international scientific conference on «Great Migrations of Peoples. The Great Migration in Eurasia of the III-IV Centuries AD”», organized by UNESCO on 29 and 30 November 2019 in Moscow, Russian Federation; «Тюрко-монгольский мир в прошлом и настоящем». Эл аралык илимий конференция. 12–13 февраль 2020-жыл, Санкт-Петербург ж.б.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдыруунун толуктугу:** изилдөөнүн жыйынтыктары 190дон ашык илимий эмгектерде жарыяланган. Авторефератта Кыргыз Республикасынын ЖАК тарабынан эл аралык рецензияланган илимий басылмаларда жарыяланган жана рекомендацияланган монографиялардын жана макалалардын тизмеси келтирилген.

**Тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган илимий доклад түрүндөгү диссертациянын түзүмү.**

**Доклад изилдөө ишинин жалпы мүнөздөмөсүнөн жана төмөндөгү бөлүмдөрдөн турат.**

1 бөлүм. Кыргызстандагы археологиялык мезгилдерге бөлүштүрүү маселелери;
2 бөлүм. Б.з.ч. I миң жылдыктагы жана б.з. I миң жылдыгындагы кургандар, маркумду эскерүү менен байланыштуу эстеликтер.

3 бөлүм.Коло, эрте темир доорундагы турак-жайлар;
4 бөлүм.Теңир-Тоонун б.э. VI–XVI кылымдарындагы калктарынын маданияты;
5 бөлүм.Археологиялык булактар аркылуу кыргыз элинин, маданиятынын калыптанышын изилдөө натыйжалары

Корутунду

## 1. бөлүм. Кыргызстандагы археологиялык мезгилдештирүү маселелери

Теориялык жана практикалык көз караштан алганда, тигил же бул доордогу археологиялык жайлардын мезгилдештирилиши археологиядагы эң татаал маселелердин бири болуп саналат [Бочкарев, 2011, 8-бет]. Ар бир археологиялык мезгилдештирүү коомдук өнүгүүнүн реалдуу мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана процесстерин чагылдырышы керек, антпесе ал формалдуу жана жасалма мүнөздө болуп, ишенимдүү тарыхый көрсөткүч боло калбайт [Боковенко, 2010, 99-бет].

Кыргызстандын археологиясын археологиялык мезгилдештирүү профессор А. Н. Бернштам тарабынан иштелип чыккан. Чоң Чүй каналынын курулушундагы эстеликтерди изилдөө мезгилинен тартып Борбордук Теңир-Тоо өз маанисин жоготкон жок. Анын негизги жоболору азыркы күндө дагы Кыргызстандын тарыхы боюнча илимий макалаларды, окуу китептерин жазууда пайдаланылат. Илимий эмгектери аркылуу сунушталган археологиялык мезгилдештирүүнүн кээ бирлери кийин тийиштүү колдоо таба алган жок. Мисалы, археологиялык мезгилдештирүү этностордун аталыштарына байланган, жазуу булактарындагы белгилүү уруулар ар дайым тарыхый жана археологиялык мезгилдештирүүдө колдонулбайт. Мисалы, исседон (б.з.ч. V–III кылымдарга чейинки, усундарга чейинки мезгил), усун-юэчж эстеликтери б.з.ч. II – б.з. II кылымдарына чейинки мезгил).

Жалпысынан профессор А. Н. Бернштамдын сунуштаган хронологиялык схемасы, мезгилдештирүүсү узак мезгилдин сыноосунан өттү. Албетте, жаңы материалдардын кошулушу жана археологиялык эстеликтердин мезгилин аныктоочу ыкмалардын өркүндөтүлүшү менен мурда сунушталган археологиялык мезгилдештирүү да улам тактала берет.

А. Н. Бернштам түзгөн схема боюнча, сак мезгили эки мезгилге: эрте сак (б.з.ч. VIII-VI кылымдарга) жана кеч сак (б.з.ч. VI-III кылымдарга) мезгилдерине бөлүнгөн. «Эрте сак" мезгили кийинки эмгектерде археологиялык колдоо алган эмес жана азыркыга чейин ишенимдүү археологиялык далилдер менен камсыздандырылган эмес. V–III кылымдар азыркы мезгилде б. з. ч. сактар тарыхы жана маданиятын мүнөздөөдө эң негизги хронологиялык көрсөткүч

бойдон калууда. Окумуштуу жазган «кеч мезгил», сактардын античтик тарыхый жазма булактарда эскериле баштаган мезгили деп түшүнүү керек

XX кылымдын соңку он жылдыктарында, XXI кылымдын башында топтолгон ар түрдүү археологиялык материалдар сак тарыхынын жана маданиятынын эң жогорку жетишкендиктердин мезгили сыңары мүнөздөөгө мүмкүндүк берди. Изилдөө ишинде «сак мезгилинин маданияты», «өнүккөн сак учуру» өңдүү ж.б. аталыштарды колдонууга мүмкүндүк берди. Жаңы маалыматтар алгачкы сак доорундагы маданияттын жаңыдан табыла баштаган келечектүү, купуя сырларга толгон барактарын ачууда.

Жалпысынан алганда, жаңы изилдөөлөр мурда кабыл алынып келген хронология, мезгилдештирүү маселелерин толуктоого, өзгөртүүгө мүмкүндүк берет. Зарылдык жана ыңгайлуулук үчүн археологиялык доорлор да ичинен жиктелиши мүмкүн, жаңы мезгил аталыштары сунушталышына жол берилет. Албетте, жаңы пикир мезгил сыноосунан өтүп, кабыл алынышы же четке кагылышы мүмкүн. Эң негизгиси, монографияларда, макалаларда, окуу китептеринде археологиялык материалды талдоодо хронология же мезгил так белгилениши керек.

Диссертациялык изилдөөнүн кириш бөлүгүндө хронология жана мезгилдештирүү маселесинин талкууга коюлушу бекеринен эмес. Автор тарабынан сунушталган маселелерди талкуулоо зарылчылыгы бар. Сын көз караштардын айтылышы, же колдоого алынышы Теңир-Тоонун маданий тарыхын мүнөздөөдө пайдасы бар.

Кыргызстандын археологиясы Борбордук Азиянын, Евразиянын археологиясынын бир бөлүгү болуп саналгандыктан, ар бир археологиялык маданияттардын хронологиясы, өткөөл мезгилдер менен байланыштуу маселелер удаа мезгил-мезгили менен такталып турушу керек. Ушул маселе менен байланыштуу хронологиялык, территориялык айырмачылыктар, ошол учурдагы этномаданий процесстер илимий, илимий-популярдуу тарыхый китептерде, окуу китептерин, окуу куралдарын жазууда дайыма эле эске алынбайт. Коргоо учурунда талкуудан өтүп, автор тарабынан колдонулган археологиялык мезгилдештирүү боюнча сунуштардын сынга алынышы же колдоо табышында зарылчылык бар. Сын-пикирлер, же колдоого алынган пикирлер кийинки изилдөө ишинде, Теңир-Тоонун маданий өнүгүү тарыхын мүнөздөп жазууда пайдалуу болот деп эсептейбиз.

Археологиялык далилдер жана табигый-илим өкүлдөрүнүн жаңы ыкмалары, анын ичинде радиокөмүртектүү даталарды($^{14}$ C) алуу менен коло доорунун алгачкы учурун аныктоого мүмкүн болду (Айгыр-Жал 2460-2204 BC), Чап (3913±28). Жаңы радиокөмүртектүү даталар келечекте Теңир-

Тоодогу, анын айланасындагы энеолит жана эрте коло хронологиясы, ошол учурдун археологиялык маданияты боюнча маалыматтарды байытат.

Борбордук Азиядан батышка карай б.з.ч. биринчи миң жылдыгынын биринчи жүз жылдыктарында багыт алган байыркы миграциялык көчүүлөр жөнүндө археологиялык далилдер топтоло баштады. Алар херексур жана "сегиз таш" эскерүү эстеликтерин, бугу таштарын тараткан калктын маданияты болгон.

Алардын келиши менен Тенир-Тоонун археологиялык маданиятынын мезгилдештирүү тизмесине киргизилет, башкача айтканда археологиянын хронологиясына өзгөртүү киргизип, археологиялык маданияттардын тизмесин жаңы маалыматтары менен толукташат. Мисалы, Кичи-Ача, Чоң-Дөбө эстеликтеринен алынган материалдарга таянып, эрте темир доорунун хронологиясында эрте сак мезгилин бөлүп кароого мүмкүнчүлүк түзүлө баштады.

Ошол сыяктуу эле, башка өткөөл мезгилдердин хронологиясы жана мүнөзү жаңы материалдар менен тастыкталып, толукталууда. Мисалы, шарттуу түрдө «усун» же «сак-усун» мүрзөлөрү деп аталган эстеликтерди радиокөмүртектүү анализден өткөрүү аркылуу Чет-Келтебик (Ат-Башы өрөөнү) жериндеги сак-усун дооруна мүнөздүү деп эсептелген эстеликтер б.з. V кылымына таандык деп аныкталды. Илимий адабияттарды V кылымдын акыры эрте темир доорунун акыры, орто кылымдардын башталышы, кеч хунн доору катары саналат. Усун мезгили б.з. II-III кылымдарына чейин гана созулгандай элес калтырып келе жатат. Келечекте археологиялык казуулар каралып жаткан мезгилдеги эстеликтер тобун байыта алат. Алар менен удаа өткөөл мезгилдин физикалык антропологиясы, маданий традициялары боюнча жаңы маалыматтарды алууга, пикир жаратууга шарт түзүлөт.

Борбордук Азиядан Орто Азияга, анан Чыгыш Европага үзгүлтүксүз көчүү изин, ал учурдагы этномаданий проблемаларды иликтөөдө суроолор эч качан көмүскөдө калган эмес. Ошондой эле Кыргызстан жана коңшу аймактарда чыгыштан батышты карай жылган б.з.ч. II кылымдан тартып, б.з. V кылымына чейинки континенталдык миграциялар ар дайым окумуштуулардын изилдөө алкагында келе жатат. Эки учурдун тарыхы менен археологиясы айырмалуу, дайыма жазма булактагы маалымат менен археологиялык табылгалар бирин-бири толуктабай келе жатат. Ушул маселе менен байланыштуу хронологиялык, территоиялык айырмачылыктар жергиликтүү илимий, илимий популярдуу тарыхый китептерде, окуу китептерин, окуу куралдарын жазууда дайыма эле эске алынбайт.

Археологиялык изилдөөнүн натыйжалары, Теңир-Тоо, Жети-Суу жана аларга коңшу аймактардагы татаал этномаданий процессер эске алынбайт.

Археологиялык маалыматтардын ичинде, тескерисинче, батыштан чыгышты карай тараган маданияттын белгилери баамдалып турат. Ошондуктан чыгыштан батышты карай тараган этномаданий көрүнүштөрдүн мезгилин, хронологиясын атайын изилдөө талап кылат.

Маркумду көмүү, эскерүү мезгилин аныктоо жана тарыхый мааалыматтар менен салыштыруунун натыйжасында Теңир-Тоонун түрк тилдүү калктарынын чөйрөсүндөгү маданий белгилеринин ички өнүгүшүнүн бир катар этаптарын бөлүп көрсөтүүгө мүмкүн болду. Жалпысынан алганда, алар эрте орто кылымдарда бул жерде башчылык кылган Батыш түрктөрүнүн саясий тарыхынын негизги этаптары менен дал келет. Ушуга таянып, биз аларды өнүктүрүүнүн төмөнкү этаптарын сунуштаганбыз: 1) I Түрк каганатынын убагындагы эстеликтер; 2) Батыш Түрк жана Түргөш каганатынын мезгилиндеги эстеликтер; 3) карлук мезгилинин эстеликтери [Табалдиев, 1994]. Азыр Он ок элинин (он ок будун, Батыш-Түрк каганаты) аймагында монеталардын табылышы менен түрк тилдүү калктардын орто кылымдык тарыхынын конкреттүү мезгилдерин синхрондоштуруу мүмкүнчүлүгү пайда болууда. Мисалы, Чач оазисинен табылган монеталардын жазууларына ылайык, «ябгу бийлигинин мезгили" же «ябгуйчулук» мезгили белгиленген [Бабаяров,2007].

Кийинки мезгилдер үчүн археологиялык илимий жана окуу китептеринде «караханиддер доору», «монголдордун басып алуу мезгили», «монгол-тимурид доору» ж.б. у. с. аталыштар колдонулуп келет. Сөөк коюлган жайдан монеталардын табылышына байланыштуу Масуд-Бек реформасы мезгилиндеги маркум көмүлгөн жайлардын тагыраак мезгил аралыгына байланыштырууга мүмкүн болду (1270 (71) – 1320 (21). Ошондой эле шарттуу түрдө - «могулистан» мезгилинин эстеликтери (XIV кылымдын ортосунан тартып XV кылым аралыгы), «Мухаммед Кыргыз мезгили» (1500-1550 жылдар) деп аталышы мүмкүн. Ушул мезгилдин маанилүү эстеликтери (Бабурдун үйү, Акчий, Садовое кан сарайлары жана Манас күмбөзү).

Буддист-ламаисттердин матрасы (келмеси) «ом мани падме хум» жазылган тибеттик жазуулардын табылышы менен жана ушул мезгилге мүнөздүү табылгалардын ачылышына байланыштуу жунгарлардын басып алуу мезгилинин эстеликтерин өзүнчө мезгилге бөлүп кароого мүмкүн болууда. Так тарыхый маалыматтарга ылайык, Жунгар хандыгынын түзүлүшүнөн – 1635-жылдан тартып, 1749-жылдын майына чейинки мезгил, [История Киргизской ССР... 1984, 460-б].

Археологиялык материалдарды тарыхый окуялар менен синхрондоштуруу эрте темир доорунан берки эстеликтер үчүн колдонулушу мүмкүн. Орто кылымдын дээрлик бардык баскычтары үчүн колдонулса болот. Археологиялык изилдөө, мезгилдештирүү XVIII кылым менен бүтпөйт. Ал гана эмес XIX кылымдагы, XX кылымдын башындагы турак жайлардын калдыктары, археологиялык жана архитектуралык курулуштар, материалдык калдыктары бар Кокон чептери кириши мүмкүн. Ошол эле мезгилдеги аска таш бетиндеги «кыргыздардын тарткан элдик сүрөттөрү" жана таштардагы жазуу эстеликтери менен толукталышы мүмкүн. Теңир-Тоо, Алай тоолорунун этектеринде, Жети-Суу аймактарында улам жаңы маалыматтардын топтолушу археологиялык мезгилдештирүүнү тактоого жана өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет.

## 2 бөлүм. Б. з. ч. миң жылдыктан б.з. I миң жылдыгынын биринчи жарымындагы маркумду көмүүчү, эскерүүчү жайлар, турак-жайлар

Алгачкы темир доорунун маданиятын изилдөөдөгү негизги булактар байыркы көрүстөндөр болуп саналат. Алар Теңир-Тоонун жана анын айланасындагы археологиялык эстеликтердин ичинен саны боюнча алдыңкы орунда турат. Алардын илимий жактан изилдениши археологдор П.П. Ивановдун, М. М. Воеводскийдин жана М. П. Грязновдун, А. К. Кибировдун, Ю. А. Заднепровскийдин, Ю. Д. Баруздиндин, А. К. Абетековдун, Я. А. Шердин, И. К. Кожомбердиевдин, В. П. Мокрыниндин, П.П. Гаврюшенконун, К. И. Ташбаеванын, Д. Ф. Винниктин ысымдары менен байланыштуу. 1996-жылга чейин алгачкы көчмөндөрдүн эстеликтерин изилдөө тарыхына археолог К.И. Ташбаеванын [Ташбаева, 1996] атайын макаласы арналган. Кийинчерээк көчмөндөр маданиятын изилдөө тарыхы К. И. Ташбаеванын монографиясында кеңири чагылдырган [Ташбаева, 2011, 15-31-бб]. 1988-жылдан тартып ушул кезге чейинки изилдөөчүлөр К. Ш. Табалдиев, Ю. С. Худяков, ошондой эле Нарын облусунун аймагындагы эстеликтердин картасын түзүү менен алектенген М. И. Москвалев, археологдордун жаңы мууну О. А. Солтобаев, Э. Кожомбердиева, В. Кольченко, Ф. Ротт, С. Иванов, К. Акматов болуп саналат. Физикалык антропология боюнча изилдөө ишин С.С. Тур аткарган. Алгачкы темир доорундагы эстеликтерди – маркум көмүлүүчү жайларды, турак-жайларды изилдөө маселелерине болгон кызыгуу улам өсүп жатат. Эми аларды изилдөөгө Кыргызстандын археологдору гана эмес, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөгү кесиптештер дагы тартылууда.

Диссертациялык изилдөөнүн автору тарабынан Теңир-Тоонун ички өрөөндөрүнөн, Ысык-Көлдөн жана Алайдагы Гүлчө дарыясына жакын жайгашкан жерлерден алынган маалыматтардын эсебинен б.з.ч. I миң

жылдыктын эстеликтерин изилдөөнүн алкагы кеңейди. Темир доорунун алгачкы доорундагы сөөк коюу-эскерүү комплекстери – дөбөлөр, "сегиз таш" тосмолору, таштар, ырым-жырым объектилери, турак-жай калдыктары изилденди. Теңир-Тоо калкынын маданиятына сезондуу көчмөн, жарым көчмөн, мал чарбачылыгы, дыйканчылыгы коңшу аймактардагы маалыматтар аркылуу салыштырмалуу талдоо жүргүзүлдү. Акыркы жылдары ички Теңир-Тоо жана Ысык-Көл аймагындагы конуштарды изилдөө боюнча бир катар жыйынтыктар алынды. Коло доорундагы жана эрте темир доорундагы калктуу конуштарды комплекстүү изилдөөнүн акыркы жылдарынын жыйынтыктарын жалпылап айтканда, турак-жай участокторун өздөштүрүү боюнча иш-чараларды мүнөздөө, мал чарбачылыгын, эгин жана тамак-аштын (диетанын) мүнөздөмөлөрүн өнүктүрүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр ачылганын белгилейбиз.

Изилдөөнүн жүрүшүндө эстеликтердин мезгилин аныктоо боюнча учурдун талабына ылайык археоботаникалык, зооархеологиялык жана башка анализдер жүргүзүлө баштады. Радиокөмүртектүү $^{14}C$ эстеликтин мезгилин аныктоо мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланыы аркылуу эрте темир доору гана эмес, коло доорунан эрте темир дооруна (б.з.ч. IX-VII кк.) өтүү учурунун эстеликтерин бөлүп көрсөтүү мүмкүнчүлүктөрү ачыла баштады.

**Эрте сак жана кеч коло доорунан эрте темир дооруна чейинки өткөөл мезгилдеги эстеликтер** Эрте темир доорундагы кеч коло доорунан өткөөл учурлар мурун кургандарды изилдеген изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде кездешет. Мисалы, А. Н. Бернштам тарабынан мындай эстелик Ала-Чычкан, курган 44 көрүстөнүндө изилденген (Нарын шаары). Кыргыз улуттук тарых музейинин фонддорунда сакталган чопо идиштердин сыныктары боюнча өткөөл этап Жал-Арык, Жазы-Кечүү турак-жайларынын материалдарында байкалат.

Эрте темир доорундагы (сак мезгилиндеги) көлөмдүү мүрзө-дөбөлөрдүн (кургандардын) түндүк-түштүк багыты боюнча тизмектештирилип курулушу эрте сак мезгилинде башталат. Көрүстөндөрдө ушундай абалда жайгаштыруунун башкача да түрү болгон. Мисалы, Боом капчыгайынын кире беришиндеги эрте сак мезгилине мүнөздүү Жал-Арык көрүстөнүндө курган меридиан багытында жайгашкан. Аталган мисал эрте сак мезгилиндеги этностук көмүү салтында айырмачылыктардын болгонунан кабар берет. Маркум жайгаштырылган жер алдындагы «таш табыттары» башка эстеликтерден айырмалуу. Аларды Алтай жана Түштүк Сибирдин коло доорундагы эстеликтеринин маалыматтары менен салыштырууга болот. Колодон жасалган табылгалардын арасында, мисалы, шакек менен жасалган бычак кеч коло эстеликтеринде жана эрте сак доорундагы эстеликтерде кездешет. Жогорудагы айырмачылыктарга жана башка белгилүү эстеликтерге таянуу менен, кеч коло жана эрте темир доорунун алгачкы учурундагы калктардын маданиятынын көп түрдүүлүгү жөнүндө болжолдоого болот. Жогоруда айтылган маалыматтардын хуннулар дооруна чейинки

мезгилдеги чыгыштан батышты карай жылган этностордун миграциялары менен байланышы бар.

1945-жылы археолог А. Н. Бернштамдын жетекчилиги астында Ала-Мышык көрүстөнүндө көп мүрзө-эстеликтер изилденген. Коло доорундагы эстелиги катары 44 кургандын төмөнкү белгилери биздин көңүлүбүздү бурду: 1) дөбөчө-мүрзөнүн курчаган эки алкак сымал таштан тизилген тегерекчелери болгон. Мүрзө-дөбөлөрдүн түбүндөгү тегерекчелер эрте темир доорундагы көптөгөн дөбөлөргө мүнөздүү; 2) дөбөнүн астында жер астындагы маркум жайгаштырылган жайдын үстү жыгачтар менен жабылган. Мүрзөнү жыгач устундар же узун плиталар менен жабуу коло доорунун жана эрте темир доорунун эстеликтеринде кездешет; 3) мүрзөнүн чыгыш бөлүгүндө тикесинен орнотулган мамы табылган. Мүрзөдөгү тик орнотулган ташты Кочкор өрөөнүндөгү коло дооруна таандык (3257, $^{14}$ C) Кара-Тумшук эстелигинде эки жолу жолуктурдук; 4) эркек жынысындагы маркум сол капталына жаткырылып, «бүрүшүп уктап жаткан абалда» көмүлгөн. Маркумдүн ушундай абалда жаткырып көмүү коло доорундагы, андрон маданиятынын сөөк коюу жөрөлгөсүнүн эң мүнөздүү белгиси болуп эсептелет; 5) сөөктүн бел тушунда сабынын аягы илип койгонго ылайыкташкан тегерек алкагы бар коло бычак табылган. Мындай коло бычактар эрте сак мезгилиндеги эстеликтерде кездешет.

Жогоруда белгиленген сөөк коюу жөрөлгөсү, колодон жасалган табылга коло доорунун жана эрте темир доорунун баштапкы баскычын аныктап турат. Аныктамага ылайык, эки доордун тогошкон мезгилиндеги маданий каада-салттардын бирге табылышы алардын өз ара маданий алакасынын натыйжасы катары кабыл алынышы толук мүмкүн. Сөөк коюу жөрөлгөсү консервативдүү келет. Байыркы мезгилден бери уруулар, элдер сырткы таасирлерге карабастан салттуу жөрөлгөлөрүн сактап калууга далалат кылышкан. Андрон маданиятынын өкүлдөрү сөөк коюунун түпкү тартибин – маркумду «бүрүшүп уктап жаткан абалда көмүү» тартибин сактоого аракеттенишкен. Археологиялык материалды чечмелөө маселеси убакыттын өтүшү менен токтоп калбайт. Балким, андрон маданиятынын өкүлдөрү алардын каада-салтына таасир эткен факторлорго карабастан, маркумдун мүрзөдөгү жобосунун мурунку эрежесин көптөн бери сактап келишкен. Маркумдун аза күтүү абалы дээрлик жоголот. Ат-Башы өрөөнүнүн батыш тарабындагы Мечит эстелигинен жана 2013-2015-жылдары Нарындагы Айгыр-Жал көрүстөнүнөн алынган жаңы материалдар ушул сыяктуу эле өткөөл мезгилдеги эстеликтердин өзгөчө белгилерин талдоо үчүн да маанилүү.

Коло доорунан темир дооруна чейинки өткөөл мезгилдин эстеликтерин бөлүп көрсөтүү менен, коло доорунун жана эрте темир доорунун катмарлары бар турак-жай калдыктарын көп тараптуу (комплекстүү) изилдөө процесси маанилүү ролду ойной баштады. Үч-Курбу (Тосор) жана Чапор (Кочкор) конуштарынын

жогорку катмарларында "алгачкы көчмөндөрдүн" дөбөлөрүндө табылуучу идиштерге окшош керамиканын фрагменттеринин кыйла саны табылган.

Орто Азия археологиясынын негиздөөчүлөрүнүн бири профессор А. Н. Бернштамдын эмгектеринде сунуш кылынган хронологиялык схема жалпысынан убакыттын сыноосунан өттү. Теңир-Тоо жана Жети-Суунун алгачкы «көчмөн маданиятын» өнүктүрүүнүн негизги мезгилдерин айрыкча бөлүп көрсөтүүдө А. Н. Бернштам б. з. ч. VIII–VI кылымдар арасындагы «эрте сак» жана и кеч – б.з.ч. V–III кк. «кеч сак» мезгилдерин бөлүүгө көрсөтмө берген. Бул маселени изилдөө өткөөл учурдагы эволюциялык белгилерди, ошол учурдун өзгөчөлүү маданиятын мүнөздөөгө жөлөк болот. Кеч коло жана эрте сак мезгилиндеги эстеликтерди бөлүп көрсөтүү менен байланышкан изилдөөлөрдү улантуу, тактап айтканда б.з. ч. IX–VIII кк. жана б.з.ч. VII-VI кк. сак маданиятын калыптануу процессинде андрон маданиятынын урууларынын салымы болгонун төгүнгө чыгарбайт.

Эрте сак маданиятынын калкынын маданий калыптануусунда азыркы Монголиянын аймактарынан, Алтайдан көчүп келген уруулар жана этностор маанилүү ролду ойношкон. Алардын бири - «херексур жана бугу таштары маданиятынын» тараткандар. Буга Теңир-Тоодо изилденген «сегиз таш» эскерүү объектилери, бугу таш мамыларын изилдеп туруп алган корутундуларыбыз далил боло алат. Алар биздин заманга чейинки I миң жылдыктын биринчи жарымындагы маркум көмүү, маркумду эскерүү комплекстеринде кээде өз алдынча жайгашкан абалда кездешет.

Теңир-Тоо эстеликтеринин мындай түрү жөнүндө илимий адабияттарда биринчи маалымат америкалык изилдөөчү Рафаэль Пампелли тарабынан жарыяланган. 1903-жылы Соң-Көл өрөөнүнө барып, жергиликтүү эл «таш-тулга» деп атап келген эстелик боюнча кыскача сүрөттөмө берген [Pumpelli, 1905]. Бул эстеликке кийинчерээк археолог Я. А. Шер келип, алардын бирин казган. Анда археологиялык табылгалар чыккан эмес [Шер, 66-72]. Казуу учурунда буюмдар кездешпеген ритуалдык мүнөздөгү эстеликтер Теңир-Тоодо, Алайда археологдор А. Кибиров [Кибиров, 66, 84-б.] жана К. Ташбаева [1996, 44-беттер], Д. Ф. Винник тарабынан маалымдалган. Суусамыр өрөөнүндөгү Каракол, Теңир-Тоонун чыгышындагы Сары-Жаз дарыясынын агымына жакын жерлерде ушундай эстеликтер табылгандыгы тууралуу маалыматтар бар.

Ат-Башы өрөөнүндөгү Кичи-Ача көмүү-эскерүү комплексинде мындай объект К. Табалдиев тарабынан 1991-жылы изилденген [1995]. Бул жерде, "сегиз таш" тосмолорунун биринде коло буюмдарынан турган буюмдардын тобу табылган. Объект эрте сак мезгилине мүнөздүү коло буюмдарынын негизинде мезгили аныкталган. Буюмдардын арасында аягы үзөңгү сымал жасалган ооздук, жүгөн кайышынын кесилиш жерине жайгаштырылуучу того, ичке кайышка киргизилүүчү капкактуу того болгон.

Ушундай эле коло буюмдарынын топтому ошол эле Кичи-Ача көрүстөнүндөгү сегиз таштуу коргончодон эмес, өзгөчө, төрт чарчы эстеликтен табылган. Эстеликтин жанында бугу ташынын милдетин аткарган таш мамысы болгон. Таш мамы менен төрт бурчтуу тосмого окшош эстелик таптакыр башка мүнөздө. Ушундай эки түрдүү коргончолор, аларда колодон жасалган буюмдар тобунун табылышы эрте сак мезгилиндеги маркумду эскерүү жөрөлгөсүн изилдөө үчүн маанилүү маалымат булагын түзөт.

Кичи-Ачадан табылган коло буюмдар Орто Азиянын сак маданиятынын эстеликтеринин алкагына киргизилген [Горбунова, 2001, 179-200-бб]. Мындай археологиялык табылгалар сак маданиятынын алгачкы этабын жана Борбордук Азиянын региондорунун калкынын материалдык маданиятынын жакындыгынын деңгээлин белгилөө үчүн баалуу маалыматтар болуп саналат. Жалпысынан Теңир-Тоонун маалыматтарын Алтайдын, атап айтканда Пазырык маданиятынын эрте скиф майэмир баскычындагы эстеликтеринен алынган маалыматтар менен салыштыруу биринчи жолу жүргүзүлгөн жок. Пазырык маданиятындагыдай Теңир-Тоо эстеликтеринде азырынча жылкылардын маркум менен биге көмүлүшү белгисиз. Кийинки изилдөөлөрдө Пазырык маданиятынын эстеликтери жайылган аймактардын таасири, бугу таштарын, херексурларды Теңир-Тоого тараткан калк маданияты көңүл сыртында калбашы керек.

Таш-Тулга деген элдик аты бар сегиз шакектен турган эстеликтер кийинчерээк К.Табалдиев тарабынан ушул эле Ат-Башы өрөөнүндө, Кочкор өрөөнүнүн батыш бөлүгүндөгү Көк-Күмбөз, Желе-Дөбө, Ийри-Жылга көрүстөндөрүндө катталган. Алар көрүстөндөрдүн батыш тарабында же чыгыш тарабында жайгашкан. Алардын бири Көк-Күмбөз мүрзөсүндө казылган. Керамикалык идиштин майда сыныктарынан башка эч нерсе табылган жок. Соң-Көлдөгү Көк-Булактагы казууда маркум сөөгү, күлдүн, чопо идиштин сыныктары табылган. Бул – маркум сөөгү табылган жалгыз сегиз таштуу эстелик. Ат-Башы, Соң-Көл өрөөнүндөрүндөгү изилдөө тажрыйбасынан улам алардын ритуалдык мүнөздө болгону аныкталган. Эстеликтеринин эң көп саны Соң-Көл өрөөнүндө К. Табалдиев жана Р. Бозер тарабынан табылган жана казылган [Табалдиев, Бозер, 158-161]. Андан кийин маалымат чөйрөсү белгилүү бир деңгээлде кеңейди. Теңир-Тоодон алынган материалдарга ылайык, төмөнкү жалпы мүнөздөмө сунушталат.

Борбордук Теңир-Тоо аймагында "сегиз таш" тосмолор сак мезгилинин бардык көрүстөндөрүндө кездешпейт. Мындан улам сегиз таштан турган эскерүү эстеликтерин куруу салты б. з. ч. миң жылдыктын Теңир-Тоонун бүткүл калкына мүнөздүү болгон эмес деп божомолдоого болот. «Сегиз таштуу» эстеликтердин төмөнкү варианттарын айырмалоого мүмкүн:

1) Биринчи варианттагы «сегиз таш» коргончолору өзүнчө аянтта жайгашкан. Саны тогузга жеткен «сегиз таш» эскерүү тобу бар. Экөө, үчөө гана

кездешкен жерлер да бар. Алардын ар бири сегиз таштан турат. Алардын көрүстөндөр менен дээрлик байланышы жок. Башкача айтканда, өрөөндөрдүн айрым кенен аянттарында, көрүстөндөрдөн бир топ алыс жерлерге курулган. Бул топтун эстеликтеринин көлөмдөрү чоң (диаметри 5 метрге чейин), атайын тандалып, алыстан алынган таштардан курулган. Көрүнүктүү, үлгү боло турганы - "Таш-Тулга" комплекси. Ал XX кылымдын башынан бери изилдөөчүлөрдүн чөйрөсүндө белгилүү. «Сегиз таштуу» коргончолордун биринде жана айланасында бугу таштарына окшош таш мамылар орнотулган. Таш-Тулга комплексине жакын жерде маркумдун сөөгү коюлган көрүстөндөр жок. Биринчи вариант менен формалардын жакындыгынын жогорку деңгээли "эскерүү", аларды эскерүү эстеликтери катары аныктоого мүмкүндүк берет. Бул жер эскерүү жана башка ырым-жырымдарды аткаруучу жер болгон.

2) «Сегиз таштуу» коргончолордун тосмолорунун экинчи варианты кичине. Алар мүрзө-дөбөгө түздөн-түз байланыштуу. Өрнөк катары Чоң-Дөбө көрүстөнүн көргөзүүгө болот. Көлөмү кичине коргончолор мүрзө-дөбөлөрдүн айланасында, чачыранды эмес, белгилүү тартипте жайгашкан. Көмүлгөн жердин жанындагы тосмолорду куруунун бул варианты маркум көмүлгөндөн кийинки жөрөлгөлөр менен түздөн-түз байланыштуу. Археологиялык адабияттарда аларга карата башка да төмөндөгүдөй терминдер колдонулат: эскерүү эстеликтери, ырым-жырым коргончолору, коргончолор (поминальники), курмандык жайлары. Мындай дөбө-мүрзөлөр көбүнчө батыш тарабына курулган. Алардын саны Чоң-Дөбөдө төрттөн токсонго чейин жеткен. Жердин үстүнөн таштын үстүңкү жагы гана көрүнүп турат, калган бөлүгү көмүлгөн абалда. Алар сөөк коюучу жайлар эмес, маркум элесине арнап ырым, жөрөлгө аткаруу үчүн гана курулган. Мүрзө-дөбөлөр менен эскерүү эстеликтеринин ортосундагы аралык ар кандай: эгерде дөбөнүн көлөмү чоң болсо, анда алардын ортосундагы аралык 15-24 метрди түзөт; кичинекей дөбөлөрдө алар жакын жайгашкан.

3) Үчүнчү вариант Ат-Башы өрөөнүндө, Кичи-Ача көрүстөнүндө изилденген, анда коргончолордун эки варианты тең бар. Бул жерде эрте темир доорундагы 10 мүрзө-дөбө түндүк-түштүк багытында тизмектештирилип курулган. Дөбө-мүрзөлөрдүн борбордук бөлүгүндө көлөмдүү сай таштардан курулган маркум көмүлө турган сүйрү шекилдеги жайы бар. Бардык мүрзө-дөбөлөр илгерки заманда эле тонолгон. Ар бир дөбөнүн чыгыш тарабында таштардан формасы боюнча тегеректелген үч-төрт эскерүү коргончолору курулган. Ар биринин диаметри 1 метрге чейин жетет, тандап казган учурда табылгалар, же өз учурундагы ырым-жырымдын башка белгилери табылган жок.

Мүрзө-дөбөлөдүн чыгыш тарабында бир гана көлөмдүү «сегиз таш» коргончо болгон. Ушул сыяктуу сегиз таштан турган эстеликтер Тувада, Тоолуу Алтайда ачылып, изилденген. Археолог В.Д. Кубаревдун изилдөөлөрүнүн

жыйынтыгы боюнча, мындай курулуштарда от жагуудан калган издер, күйгөн жаныбарлардын майда сөөктөрү, чопо идиштердин  майда сыныктары кездешет, бул аларды эскерүү аземи өткөрүлгөн сыйынуу эстеликтери катары гана аныктоого мүмкүндүк берет. Бүгүнкү күнгө чейин бир гана «сегиз таштуу» эстелик белгилүү. Эстеликти ушул макаланын автору Р. Бозер менен бирге Соң-Көл өрөөнүндөгү Чалчык-Булак көрүстөнүндө изилдеген [Табалдиев, Бозер, 161-бет]. Бул бирдиктүү эстелик калыптанган салтты чагылдырбайт жана бардык «сегиз таштуу» объектилерди көмүү курулуштары деп эсептөөгө негиз бербейт.

«Сегиз таштуу» эстеликтер Пазырык маданиятынын дөбөлөрүн издөөдө негизги көрсөткүч белги болуп саналат деп жазган В.Д. Кубарев. Алар б.з.ч. I миң жылдыктын ортосуна таандык [Кубарев, 1980, 69-91-б.; Илюшин, 1989, 79-81]. Алар мүрзө-дөбөлөрдүн  батыш тарабындагы  25-30 м алыстыкта жайгашкан. Ар бир дөбөгө эки же үч коргончо туура келет. Дөбөлөрдө казуу иштерин жүргүзгөндө, В.Д. Кубарев коргончолордон курмандыкка чалынган жаныбарлардын сөөк калдыктарын жана күлдүн калдыктарын тапкан. Табылгалардын негизинде казуулардын автору бул коргончолордо «маркумдун рухун азыктандыруу жана тигил дүйнөгө узатуу» өңдүү бири-бирине айкалышкан  ырымдар аткарылган деген ойду айткан [Кубарев, 1987, 11-12-бб; 1991, 23-24-бб; 1992, 12-14-бб].  Бир катар изилдөөчүлөрдүн айтымында, «сегиз таштуу» тегерек коргончолор Алтай тоосунун скиф калкынын чөйрөсүндө жашаган калктардын күнгө табынуу  культу менен байланыштуу [Илюшин, 1989, 80-б.].

«Сегиз таштуу» коргончо түрүндөгү объектилер жөнүндө маалымат XX кылымдын башынан бери белгилүү. 1911-жылы археолог А.В. Адрианов Алтай тоосунун батышындагы Майэмир талаасынан ачып, анда аягы үзөңгү сымал колодон жасалган ооздуктар, жети алтын тегерек пластина, жаныбардын сүрөтү менен кооздолгон кооздуктар, колодон жасалган буюмдар табылган. Коргон тегерек тизилген жети таштан турган. Майэмир эстелиги жана башка материалдар байыркы уруулардын тарыхындагы өзгөчө мезгилди белгилөө менен катар скиф маданиятынын баштапкы этаптары жөнүндө идеяны жаратуу үчүн негиз болгон [Кирюшин, Тишкин, 1998, 71-бет].

Казакстандагы Берккара мүрзөсүнүн материалдары [Бернштам, 1997, 89-б.], К. И. Ташбаева Жапырык мүрзөсүнөн алган материалдар  жана биздин Теңир-Тоонун материалдары "сегиз таштуу" коргончолордун, майда коргончолордун келип чыгуу түпкүрүндө Борбордук Азиянын херексурларынын таасири болгон деп чечим чыгарууга алып келди. Херексурлар маркумдун социалдык  белгисин көрсөтөт, алар ата-бабаларынын, тектүү  жана көрүнүктүү инсандардын, жоокер-башчылардын сөөгү көмүлгөн мүрзөлөрүнүн үстүнө, жасалгаланып  курулган. Алар коомдук мүнөздөгү монументалдык курулмалар – культтук диний көз

караашты чагылдырган комплекстер, курмандык жайлары катары курулган [Цыбиктаров, 2003, 176-б].

Сегиз таштан турган тегерек формадагы культтук-диний курулуштар б.з. ч. V-III кылымдарга таандык Тува маданиятында белгилүү. [Грач, 1980, 31-32-бб]. Алар ошондой эле мүрзө комплекстери, б.а. Саглы-Бажы мүрзө-дөбөлөрү менен айкалышып, батыш тарабына курулган. Тувадагы жана Алтайдагы эстеликтин бул түрүн изилдөө аларды маркумга арнап курмандык чалынуучу жай катары көрсөттү. Тувада алардын биринде уйдун сөөгү табылган. Тувада Улуг-Хорумда 1 дөбөнү коштогон тегерекчелердин жалпы саны 400дөн ашкан. Алардын онун тандап казууда өрттөөнүн же башка ырым-жырымдардын изи байкалган эмес.

Тува эстеликтерин изилдеген археолог А.Д. Грач монографиясында мындай деп жазган: « коргончолор жылкы культу менен байланыштуу: казууда жылкынын баш, шыйрак сөөктөрү табылган”. М. П. Грязнов аларды жылкынын башы жана териге жармашып калган шыйрактардын көмүлүшү менен байланыштырган [Грач, 73-бет].

Жогоруда биз токтолгон коргончолор, бугу таштары туралуу маселелер Кыргызстандагы табылгалар аркылуу гана чечилбейт. Алардын келип чыгышы Монголия, Тува, Алтай менен байланыштуу болгондуктан, алар аркылуу чечилет.

Ошондуктан каралып чыккан эстеликтерге салыштырылып Кичи-Ача тибиндеги «сегиз таштуу» коргончолор эстеликтин доорун так аныктоочу колодон жасалаган табылгалар аркылуу Теңир-Тоодо эрте сак мезгилинин маданиятынын алгачкы этаптарын бөлүп көрсөтүүгө мүмкүн болду. Мурда аз белгилүү сөөк коюу жайлары, ал тургай коло доорунан эрте темир дооруна чейинки эстеликтерине мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүүгө шарт түздү. Мисалы, изилдөө натыйжалары аркылуу жаткан «сегиз таштуу» эстеликтер менен коштолгон жана коштолбогон дөбө-мүрзөлөрдү айырмалоого мүкүнчүлүк берди. Башкача айтканда, темир доорунун алгачкы доорунда Теңир-Тоо аймактарында "сегиз таш" тосмолорду куруу салтын алып жүргөндөр менен удаа аларды куруу салты жок болгон башка топтор жашаганын көрсөтүп турат. Изилдөөнүн алдыдагы этабында бул эмгекте баяндалган «сегиз таштуу» эстеликтеринин варианттарын жана ички хронологиясына жана алардын өз ара байланышына өзгөчө көңүл буруу керек. Мисалы, биздин баамыбызда Кичи-Ача ушул традициянын эрте мезгилине, ал эми Чоң-Дөбө сак маданиятынын өнүккөн учуруна туура келет. Бул пикирге ылайык, маркумду эскерүү эстеликтери бириктирилип комплекстүү түрдө бирге талдануугa тийиш.

Теңир-Тоонун хуннулар мезгилиндеги мүрзө-дөбөлөрүнүн аймагында эскерүү курулуштарынын болгону тууралуу белгилер азырынча аныктала элек. Башкача айтканда, б.з.ч I миң жылдыктын эки жүз жылдыгында «сегиз таштуу»

коргончолорду куруу салты үзгүлтүккө учурайт. Кыязы, хуннулар доорунда б.з.ч. II кылымдан тартып, б.з. V кылымдар аралыгында эскерүү каада-салттары жана алардын материалдык калдыктары башкача формада болгон. Же маркумдун урматына арнап эскерүү жөрөлгөсүн аткаруу кошумча курулуштарсыз, көмүлгөн жерлердин чегинде жасалган сыяктуу.

Борбордук Азиянын тоолуу жана талаалуу зоналарында мүнөзү боюнча жакын, ырым-жырымдын кайра жаралышы б.з. биринчи миң жылдыгынын ортосунда түрк каганаттарын мезгили менен байланыштуу. Мүрзөлөрдүн аймагында эскерүү коргончолору төрт бурчтуу же тик бурчтуу формада курулат. Коргончолордун чыгыш же батыш тарабында монументалдык таш айкелдер орнотулган.

**Теңир-Тоонун бугу таштары, таш мамылары жана айкелдери.** Биздин заманга чейинки биринчи миң жылдыктагы маркумду эскерүү жөрөлгөсүнө байланыштуу мүнөздөгү эстеликтердин катарына бугу таштары кирет. Жогорудагы бөлүмдө каралган эстеликтер менен тыгыз байланышта. Алар Кыргызстандын байыркы тургундарынын Борбордук Азиянын аталган чыгыш аймактары менен өзгөчө байланыштарын көрсөтүп турат. Алар жөнүндө биринчи маалыматтар XIX кылымдын акырында, XX кылымдын башында жарыяланган.

Жогорку тарабында эки тегерекче сымал сүрөт түшүрүлгөн чанда кездешүүчү табылга Кыргыз Улуттук тарых музейинде сакталып турат. Ысык-Көлдүн түндүк бөлүгүнөн алынып келинген. Анын үч тарабында тегеректелген белгилер, коломсок (жебе салуучу баштык) жана жантайыңкы сызыктар көзгө урунат.

В.В. Бартольддун эскиздик маалыматтарына таянсак, узундугу 110 см болгон окшош таш Түштүк Ысык-Көлдөн, Жууку дарыясынын оң жээгинен 1893-1894-жылдары табылган [Бартольд, 1996, 426-б.]. Окумуштуунун эмгегинен үзүндү келтирели: "Жуукудагы таштын жанында (дарыянын оң жээгинде) мүрзөлөр көп... Мүрзөнүн түштүк четиндеги чоң таштарда эчкилердин жана башка фигуралардын көптөгөн сүрөттөрү бар; түндүк учунда "призма сымал таш (бийиктиги 110 см), капталдары көтөрүңкү өйдө, жогорку жана төмөнкү тарабы ичке, жогорку бир кырында ортосунда оюкчасы бар тегерекче билинип турат. ал эми чокусунда кичинекей тайыз чуңкур бар"В.В. Бартольддун бул маалыматы биз сөз кылып жаткан бугу таштарды эске салат.

1902-жылы Н.Н. Пантусов Ат-Башы өрөөнүндөгү эстеликтерди изилдөө учурунда, анын батыш бөлүгүндө, Шырыкты суусу жайгашкан жерде бир бетине тегеректелген белгиси бар таш орнотулган эстеликти тапкан.

Археологиялык эстеликтердин ушул түрлөрүнө алгач өзгөчө көңүл бурган археолог В.П. Мокрынин Теңир-Тоонун сак эстеликтеринин бир түрү катары «бугу таштары» деген терминди киргизген. Айтымында, бир нече бугу ташы Чүй

өрөөнүнөн жана Ысык-Көлдөн табылган. Ал бугу таштарынын эки түрүн аныктаган: 1. таш мамылардын үстүңкү бөлүгүнүн эки тарабында, бир деңгээлде тегерек белгилер түшүрүлгөн. Алардан башка жаныбарлардын сүрөттөрү таратылган бугу таштары бар деп жазган. Көп учурда, ошол эле жерде канжар жана жаа контурлары тартылган [Мокрынин, 1986, 28-бет]. Азырынча Кыргызстанда Тува, Забайкалье жана Түндүк-Батыш Монголиядагыдай бугулар тартылган таш мамылар табыла электигин белгилеп кетүү керек.

В.П. Мокрынин эскергендей, эки жагында тегерекче түшүрүлгөн чанда кездешүүчү бугу ташы Кыргыз улуттук тарых музейинде сакталып турат. Ысык-Көлдүн түндүк тарабынан алынып келинген. Анын үч тарабында тегеректелген белгилер, коломсок жана кыйшык кыйгач сызыктар көзгө урунат.

Жогоруда эскерилген узундугу 3,5 метрге чейин жеткен тегерекчелер түшүрүлгөн жана көбүнчө бугу элестери бар таш мамылар «бугу таштары» деп аталган эстеликтердин катарына кирет. Алар Евразиянын кеңири талаалуу аймактарында Монголияда, Забайкальеде, Тувада, Алтайда, Борбордук Казакстанда, Уралда, Поволжьеде, Түндүк Кавказда, Грузияда, Кара деңиздин түндүгүнөн тартып борбордук Европага чейинки мейкиндикте (Болгария, Эльба) белгилүү [Членова, 1981, 14-16-бб.; Савинов, 1989, 150-155-ж.; Ольховский, 1990, с. 113-123; Кубарев, 1979, 163-169-бб]. Коло дооруна жана эрте темир доорунун башталышына таандык деп эсептелинет. Бугу таштарынына нукура мүнөздүү сүрөттөр Балкаш көлү, Монголия тарапта көп кездешет. Адатта, таштын үстүңкү катмарында тегеректин сүрөтү бар. Жогорку тарабында күндүн элесине окшош «сырга-күн» белги, борбордук бөлүгү бугу жана башка ача туяктуу жаныбарлардын элестери, төмөнкү катмарда кур жана курал-жарактын сүрөттөрү бар. Алар бийик тоолордо, ырым аткаруучу жайларда жана херексурларга жакын жерге орнотулган. Алар урпактарына өмүр-жашоо тартуулаган ата-бабага, ыйык күнгө, бугуга кайрылуу, байыркы жоокерлер, ошол чөйрөдөгү көзү өткөн таасирдүү адамдар көмүлгөн жердеги белги болуп эсептелинген [Эрдей, 1978, 139-бет]. Андан башка белгилүү бир жерлердеги, жайыттардагы, ээликтердин, этникалык топтордун чек-белгилери катары орнотулган деген пикирлер бар [Кожин, 1979, 199-210-бб].

Жалпылап айтканда, Борбодук Азиянын чыгыш тарабында коло доорунун соңку учурунда херексурларды жана бугу таштарын жаратып, аны коңшу аймактардын тарашына тиешеси бар бир этно-маданий чөйрө болгон (Худяков, 1987, с. 155-158).

Монголиянын батыш жана түндүк-батышындагы бугу таштарын изилдеген окумуштуулардын эмгектерине кайрылып, төмөнкүлөрдү белгилейбиз. Мисалы, Ушкийн-Увеpанын бугу таштары тегерека таштан тизилген алкактуу херексурлардын жанында, б.а. сыйынуу комплексинин курамында болгон [Волков, 1975, 78-84-б.].

Акыркы жылдары Жети-Суу жана Чыгыш Түркстан аймактарында бугу таштарынын саны көбөйүүдө. Археолог А. Е. Рогожинский Чу дарыясынан түндүккө карай 60 км алыстыкта жайгашкан Тамгалы капчыгайынан тегерек жана жаа сүрөтү тартылган бугу ташын тапкан. Экинчи бугу ташында чукулдук сымал (чекан) курал сүрөтү болгон [Рогожинский, 2001, 126-бет].

Соң-Көлдөгү Кыла жергесинде 1997-жылы өткөрүлгөн археологиялык чалгындоо учурунда «бугу таштары" аттуу эстеликтерге түздөн-түз тиешеси бар объект табылган. Бийиктиги 0,30 м болгон төрт бурчтуу топурактан курулган коргондун эки бурчунда бийиктиги 1 метрге чейин жеткен эки таш мамы болгон. Бул Соң-Көлдөгү объектти ырым аткарылуучу жер болгон деп эсептөөгө негиз бар. Бишкек шаарынын №10-мектебиндеги таш мамыда тегерек белгинин болушу да аны бугу таштарынын катарына киргизүүгө негиз берет.

Бурананын орто кылымдарга таандык айкелдеринин арасынан дагы бир далил табылды. Бир тарабында айкел экинчи тарабында канжардын, тегерек белгилердин, кыйгач тартылган сызыктары байкалган. Демек, илгерки бугу ташы эрте орто кылымда экинчи ирет бугу ташы катары колдонулган. Буранадагы далил, орто кылымдагы түрктөр тарабынан бугу ташын бир жарым миң жылдан кийин байыркы эстелик таш катары кайра колдонулушу Кыргызстандын аймагы үчүн өзгөчө окуя болуп саналат. Мындай учурлар Борбордук Азияда кээде кездешкен.

Соң-Көлдө жана Тянь-Шандын чектеш райондорунда "бугу таштарды" табуу алардын жаратуучуларынын Борбордук Азиянын чыгыш аймактарынан келген миграциясын чагылдырат. Бул миграция мурда изилдөөчүлөр тарабынан ташка мүнөздүү сүрөттөрдүн пайда болушунун негизинде байкалган. Археологдор З. Самашевдин жана Я. А. Шердин ою боюнча, Саян-Алтай же борбордук азиялык калктын миграциясы б.з.ч. II-I миң жылдыктын тогошкон мезгилинде чек арадагы Алтай тоосунан өткөн (Самашев, Шер). Бирок башка изилдөөчүлөр бул миграция эмес, тарыхый-маданий аймактардын деңгээлиндеги байланыштар гана деп эсептешет [Черемисин, Слюсаренко, 1995, 137-бет].

Соң-Көл жана анын айланасында табылган бугу таштары жана сегиз таштуу коргончолор коло доорунда белгилүү болгон эмес. Кыязы, бул байыркы миграцияга байланыштуу. Бирок Теңир-Тоого ал маданият өзгөртүлгөн түрдө келип жетет. Таш мамыларда бугунун сүрөттөрү чыгыштагыдай башын жогору каратып, учуп бараткандай же жаткан абалда тартылган эмес. Таш мамынын үстүңкү бөлүгүндо тегерек белгилер, кыйгач сызыктар гана сакталган. Бул эки аймактын ортосундагы маданий гана байланыш болгон эмес. Эки аймактын ортосундагы байланыштын болгону антропологиялык жактан да далилденген [Тур, 1995, б.44-53; Тур, 1997]. Борбордук Теңир-Тоодо "бугу таштардын" пайда болуу маселесин иликтөөдө анын чыгыш тарабы, Кытай Эл Республикасынын Синьцяндан (Варенов, 66-68; ж. б.) алынган маалыматтар эске алынууга тийиш.

Теңир-Тоодо «бугу таштарын», «сегиз таштуу коргончолорду» куруу маданиятын тараткан калктын теги Борбордук Азия менен байланыштуу. Алар жүрүп отуруп мындагы сак маданиятынын калыптануусуна чоң салым кошушкан. Алардын алгачкы орнотулган жерин таап, изилдеп, эстеликтердин тараган мезгилин аныктоо – өтө зарыл маселелердин бири.

**Таш мамылар, айкелдер.** Бугу таштарынан башка Теңир-Тоодо эч бир бугу сүрөтү чегилип тартылбаган таш мамылар кездешет. Көбүнчө сак дооруна мүнөздүү көрүстөндөр жайгашкан жерде, «сегиз таштуу коргончолор» (таш тулгалар) жайгашкан жерлерде кездешет. Соң-Көлдөгү Таш-Тулгадагы таш мамы «Аккуланын мамысы» деген ат менен белгилүү. Эл айтымы боюнча, Манас келип түнөгөн учурда Аккуланы байлаган мамы таш. Ушундай эч белгиси жок таштар Соң-Көлдүн Кыла деген жеринде, Кочкордо (Көк-Сай), Ысык-Көлдө (Сөгөттү), Ат-Башыда (Кичи-Ача, Шырыкты) кездешет. Эрте сак дооруна таандык Кичи-Ачада таш мамы узун-туурасы 2 метр келген коргончонун ичинен табылган. Коргончону казганда, аталган мезгилге мүнөздүү колодон жасалган буюмдар табылган. Демек, эстеликтин эрте сак маданиятына тиешеси бар деп бүтүм чыгарууга болот.

Жалпы таш мамылар боюнча маалыматтарды топтоп, бугу сүрөтү тартылбаганы менен байыркы сак көрүстөндөрүндө, аларга жакын жерлерде жайгашканын эске алып, баштагы «бугу таштарын» жайылткан калктын салтына үндөшүп турганын баса белгилеп кетүү керек. Экөө тең бири-бирине тектеш элдин калтырган эстеликтери болгон деп болжоого болот. Айтылган пикир дагы жаңы маалыматтар менен толукталган соң, сүрөтсүз таш мамылар дагы эрте сак доорунун эстелиги катары мүнөздөлүшү мүмкүн.

Жалпы Евразия чөлкөмүндөгү скиф-сак маданиятын изилдөө натыйжаларына карап, Теңир-Тоо сактарынын маданиятында адам келбети түшүрүлгөн айкелдерди орнотуу салты болгонбу деген суроо жаралышы мүмкүн.

Арал деңизи, Чыгыш Европа скифтеринде айкел орнотуу салты болгону белгилүү. Аларды изилдөөгө арналган атайын эмгектер чыккан [Ольховский, 1990, ]. Синьцзяндагы коло, эрте темир дооруна таандык айкелдер белгилүү.

Буранадагы бугу ташы кошумча изилденгенден кийин, ошону менен катар өзгөчө түзүлүштөгү, орто кылымдагы түрк тилүү калктардын айкелдеринин айырмаланган айкелдердин табылышы менен балким. эрте темир доорудa да айкел орнотуу салты болгонбу деген суроо жаралууда.

Буранадагы таш мамы биринчи ирет бугу ташы катары жасалганы талаш жаратпайт. Балким, белгилүү мезгил өткөндөн кийин ал эстеликтин экинчи тарабы кайра башкалар тарабынан айкел катары пайдаланылып, киши келбетин элестеткен сүрөт түшүрүлгөн. Моюн тушундагы жасалгасы, далы артындагы чачтары да эрте орто кылымдагы түрк айкелдериндеги сүрөттөрдөн айырмалуу.

Экинчи бир айкел Чүйдөгү Сосновка айылында табылган. Кишинин бет тарабы көтөрүңкү рельеф аркылуу берилген. Муруту орто кылымдагы айкелдерден айырмаланат. Идиш кармаган колу кийин, орто кылымдарда ичке чийиндер аркылуу чегилгени баамдалып турат.

Мамлекеттик тарых музейиндеги айкелдин бет тарабы көтөрүңкү сызык менен тегерете алкактанган. Орто кылымдагы айкелдердеги бет тарабында мындай алкак жок.

Жогоруда эскертилген өзгөчө айкелдер коло жана эрте темир доорундагы айкелдерге жакындашып турат. Жалгыздап гана жолукканы, алардын орноткон жерлеринин казып изилденбей калышынан улам алар тууралуу жарытылуу пикир жаратуу кыйын. Эгер айкел орнотуу салты өкүм сүргөн учур болсо да ал узакка созулган учурду ичине каткан көп сандуу далилдер табылат эле. Ошондуктан киши келбеттүү айкел орнотуу чанда гана кездешүүчү, кеңири тарабаган бир салттын калдыгы деп жыйынтык чыгарууга болот.

**Б.з.ч. I миң жылдыктагы мүрзө-дөбөлөр, маркумду эскерүү эстеликтери.** Учурдагы өзүнүн маанилүүлүгү жагынан көңүл чордонунда турган маселелердин бири катары коло доорунан эрте темир дооруна өтүү учурундагы маркумду көмүү, эскерүү эстеликтерин жана турак-жайларын бөлүп кароо маселеси турат. Ушул маселени талдоодо коло доору менен эрте темир доорунун эстеликтери изилденген көрүстөндөрдөн жана турак-жайлардан алынган маалыматтар чечүүчү ролду ойнойт.

Эрте темир доору боюнча негизги маалымат берүүчү археологиялык булак болуп көрүстөндөр эсептелет. Саны жагынан дагы Теңир-Тоодогу эстеликтеринин ичиндеги эң көп сандуусу – ушул маркум сөөгү коюлуучу эстеликтер.

Коло доорунан эрте темир дооруна өтүү учурундагы эстеликтер башта казуу жүргүзгөн окумуштуулардын эмгектеринде кездешет. А.Н.Бернштам Ала-Мышык эстелигинен казып изилдеген №44 мүрзө-дөбөнү мисал катары алсак болот. Ошондой эле Кетмен-Төбөдөгү Жал-Арык, Жазы-Кечүү эстеликтеринен табылып, Улуттук тарых музейинин сактоо жайындагы чопо идиш калдыктары далил боло алат.

Көрүстөндөгү мүрзө-дөбөлөрдүн жайгашуусу дагы эстеликтердин курулган мезгили боюнча мүнөздөөдө жөлөк болуу мүмкүнчүлүгү окумуштуулар тарабынан эскерилип келген.

Көрүстөндөгү мүрзөлөрдү түндүк-түштүк багыты боюнча тизмектештирип жайгаштыруу эрте сак мезгилинде калыптанганын б.з.ч. VII-VI кк. таандык Кичи-Ача эстелиги аныктап турат. [Табалдиев 2005]. Ат-Башы өрөөнүнүн чыгыш тарабында жайгашкан. Бул традиция улам кылымдар бою уланып, кийин VI-III кылымдарга чейин уланат. Кичи-Ачага жакын жайгашкан Желе-Дөбөдө, Чоң-

Ачада, жана Соң-Көлдөгү (Чоң-Дөбө), ага жакын Каратал-Жапырык, Үч-Эмчек, 1-Май (Суусамыр) көрүстөндөрүндөгү көлөмдүү тизмектешкен кургандар аркылуу традициянын өнүккөн абалдагысын көрүүгө болот.

Эрте сак мезгилиндеги көрүстөндөрдө мүрзө-дөбөлөрдү түндүк-түштүк абалында жайгаштыруунун жалгыз түрү болгон эмес. Тандалып алынган жерге мүрзө-дөбөлөрдү жайгаштыруунун башка түрлөрү да бар. Кеминдеги Боом капчыгайынын башталышындагы Жал-Арык көрүстөнүндө мүрзө-дөбөлөр чыгыш-батыш багыты боюнча тизмектештирилип жайгаштырылган. Мүрзө-дөбөнүн алдындагы маркум жайгаштыра турган жайы дагы өзгөчө. Көлөмдүү гранит таштарынан курулган таш табыттары коло, эрте темир доорундагы Алтай, Түштүк Сибирдеги маданияттарга окшош болгонун белгилөөгө мүмкүн. Археолог В. П. Мокрынин казуу учурунда колодон жасалган, сабынын башы төңөлүктүү эрте темир дооруна мүнөздүү бычак тапкан.

Жогоруда сөз болгон VIII-VI кылымдарга таандык белгилүү эстеликтердин сырткы мүнөздөмөсүнө карап, эрте сак доорундагы калктын теги жагынан, маркум жайын даярдоо жөрөлгөсү түрдүү болгонун көрүүгө болот.

Эрте сак мезгили шарттуу аталыш, болжолу б.з.ч. 800-600 жылдардын аралыгы, аяк чени тарыхый жазма булак маалыматтарда катталган окуялар менен байланыштырууга болот, мисалы, б.з.ч. 558-жылы Ахемениддер династиясы негизделген мезгилге туура келет деп шарттуу айтууга болот. Тарыхый окуу китептерде сактардын тарыхы ушул мезгилдин тегерегинен башталат. Ал эми археологиялык табылгалар тарыхый жазма булактарда эскерилбеген эрте сактардын учурундагы маданияттын сырларынын ачылышына салым кошо алат деген пикирдебиз.

Албетте, соңку жылдардагы археологиялык изилдөөлөр дагы башта колдонулуп келген эстеликтердин хронологиясына, мезгилдерге бөлүштүрүү тизмегине толуктоолорду киргизе алат. Алар кабыл алынышы же четке кагылышы да мүмкүн. Эски аталыштар менен удаа колдонулушу мүмкүн. Эң башкысы, монографияларда, макалаларда, окуу китептеринде эскерилип жаткан эстеликтин хронологиясы, мезгили так, жеңил кабыл алынгыдай жазылышы керек. Кошумча такталган маалыматтардын негизинде жаңы аталыштар сунуш кылынышы мүмкүн. Мисалы, Ала-Мышык эстелигиндеги №44 курганда маркум бир капталына бүрүштүрүлгөн абалда – андрон маданиятына мүнөздүү абалда жаткырылган. Жанындагы табылган сабынын арты шакекче сымал жасалган бычак эрте сак мезгилине мүнөздүү болуп, өткөөл мезгилдин эстелиги катары каралышы толук мүмкүн.

Маркумду көмүүчү, эскерүүчү жайлардан башка турак-жайларды казуу аркылуу өткөөл мезгилдеги маданият издерин табуу келечектүү. Кыргыз Улуттук тарых музейинин археологиялык табылгаларды сактоо бөлүмүндөгү Кетмен-

Төбө өрөөнүндөгү Жал-Арык, Жазы-Кечүү эстеликтеринен алынган чопо идиштерде коло жана эрте темир доорлоруна мүнөздүү белгилер болгондуктан, өткөөл мезгилдин эстеликтери катары мүнөздөөгө болот.

Азыркы учурда жогорудагыдай изилдөөлөрдү улантып, байыркы-турак-жайлар менен көрүстөндөрдү удаа изилдеп, табылгаларын салыштыруу мүмкүнчүлүктөрү кеңейүүдө. Эскерте кетүү керек, баштагы изилдөөлөрдө көрүстөндөрдү изилдөөгө өзгөчө басым жасалган. Кочкордогу Чап, Ысык-Көлдөгү Уч-Курбу эстеликтериндеги маданий катмарларда өткөөл мезгилдин катмарларынын ачылышы бул багытта жаңы изилдөөлөргө нук салды. Чүйдөгү Шамшы капчыгайынан, Талас өрөөндөрүндө Россиянын мамлекеттик Эрмитажынын илимий кызматкери А. Торгоевдин хуннулар доорундагы турак-жайдын ордуларын таап изилдеши б.з. I миң жылдыгынын биринчи жарымындагы отурукташкан калктын маданияты боюнча жаңы маалымат барагын ачты.

**Теңир-Тоо калкынын б.з.ч. V – б.з. V кылымдардагы мүрзө-дөбөлөрү.** Теңир-Тоо калкынын б.з.ч. V – б.з. V кылымдардагы маданиятын изилдөөдөгү негизги булактар – сөөк коюучу жайлар, мүрзө-дөбөлөр. Алар Теңир-Тоонун жана ага чектеш аймактардагы эстеликтердин саны боюнча биринчи орунду ээлейт. Алар тууралуу маалыматтар XIX кылымдын орто ченинен тартып эскерилип келе жатат. XX кылымда атайын изилдөөлөр жүргүзүлүп келди.

Археолог изилдөөчүлөр сак мезгилиндеги чоң мүрзө-дөбөлөрдү куруунун туруктуу тартиби болгонун эскеришет. Мисалы, Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү изилдөөлөргө караганда, түндүк-түштүк багыты боюнча көбүнчө ири мүрзө-дөбөлөр жайгаштырылып, алардын тегерегинде кичинекей көлөмдөгү дөбөлөр системасыз жайгашкан. Бул көчмөндөрдүн коомундагы социалдык айырмачылыктын чагылдырылышы катары кабыл алынат [Ташбаева, 2000, 38-б.].

Эрте темир доорундагы көрүстөндөр, эрте көчмөндөрдүн көрүстөндөрү көбүнчө суугa жакын тектирлерде, тоо этегиндеги же ага жакын үстү түз, жайык жерлерге жайгашкан. Маркум сөөгүн көмүү үчүн атайы тандалган түзөң, мейкин жерлер, тоо этегине, бийик тоонун мөңгүлөрүнөн агып түшкөн суу-дарыялардын эки тарабы, тоо этектерине жакын жайгашкан көл жээктерин жерлерди тандашкан. Көрүстөндөрдөгү мүрзө-дөбөлөрдүн саны ар түрдүү: бир, он чакты, кээде жүздөп саналат.

Ушул тартип көбүнчө көлөмдүү, шартуу айтканда, диаметри отуз метрден жогорку көлөмдөгү дөбөлөргө мүнөздүү. Кээде биринчи көлөмдүү, отуз метрден жогорку, андан соң орточо 20-10 метрге жеткен мүрзө-дөбөлөрдү удаалаштырып, коомдогу ээлеген ордуна, социалдык абалына ылайыкташтырганы ачык эле баамдалып турат. Алдыда бир мүрзө тобуна

жайгаштырылган маркумдардын туугандык жакындыгын аныктоого багытталган эл аралык генетикалык изилдөө проектиси башталууда.

Түндүк-түштүк багыты – меридиан боюнча дөбө-мүрзөлөрдү жайгаштыруу тартиби эрте сак доорунда башталган. Бул тууралуу ишенимдүү хронологиялык материалдар табылган Буга б.з.ч. VII-VI кылымдарга таандык Кичи-Ача көрүстөнү мисал боло алат [Табалдиев 2005]. Бул салттын улам өнүгүп жүрүп отурганын Соң-Көлдөгү Чоң-Дөбө, ага жакын Каратал-Жапырык, Суусамырдагы Чоң-Үч-Эмчек, Биринчи-Май мүрзө-дөбөлөрү көрсөтүп турат. Аталган эстеликтерде Кичи-Ачадагыдай чоң дөбө-мүрзөлөрдүн жанында «сегиз таштуу», кичине тегерек коргончолор жайгашкан. Алар сак доорундагы ири уруу бирикмелери калыптанган мезгилге туура келет. Мүрзө-дөбөлөрдү түндүк-түштүк багытында жайгаштыруудан башка да түрлөрү болгон. Ар түрдүү түзүлүштөгү сактардын археологиялык мурастартары анын ар түрдүүлүгүн аныктап турат.

Жогорудагы б.з.ч. V-III кылымдардагы дөбө-мүрзөлөрдүн көрүстөндө жайгашуусун кийинки кылымдардардагы эстеликтер менен салыштырып карасак, окшоштуктар да, айырмачылыктар да байкалат. Улуу көч доорундагы мүрзөлөрдө, орто кылымдарда түндүк-түштүк огунда жайгашуу сейрек кездешет. Көбүнчө чаржайыт (шахматтык тартипке окшош) же жер шартына жараша бири-бирине ыкташкан абалда болот. Бирок Теңир-Тоодогу Сүттүү-Булак мүрзө-дөбөлөрү өзгөчө көңүлдү бурат. Б.з. миң жылдыгынын биринчи жарым жылдыгына таандык бул көрүстөндө мүрзө-дөбөлөр түндүк-түштүк огунда, үч катар жайгаштыруу салтын сактап келген. Катарда турган бир эстеликтеги маркумдун тишин радиоуглероддук анализ аркылуу изилдегенде б.з. 250-430-жылдарга таандык болуп чыккан. Эстеликтин изилденишин улантуу аркылуу байыркы калктар менен Улуу көч доорундагы калктардын маданиятынын аралашуусу боюнча маселени талдоодо зарыл боло турган маалыматтардын топтолушуна мүмкүнчүлүк алынат.

Б.з.ч. V-III кылымдарга таандык көрүстөндөрдө таштан, таш-топурак аралаш дөбө-мүрзөлөр кездешет. Айрымдарында тегерек же төрт чарчы сымал дөбө мүрзөлөр бар. Чоң, көлөмдүү мүрзө-дөбөлөр алгачкы курулган учурда жалпайыңкы жарым сфера сымал болгон. Тизмектешип турган көлөмдүү мүрзө-дөбөлөрдүн арасында үстү туура кесилген пирамида сыяктуулары бар (Чар (Ат-Башы), Чоң-Үч-Эмчек (Суусамыр).

Соң-Көлдөгү Чоң-Дөбө көрүстөнүнөн алынган пландарыбыз, геосканер (георадар) аркылуу изилдөөлөр тирүүсүндө мансаптуу болгон адамдарга карата болгон узатуу, эскерүү жөрөлгөсүнүн изилдөө боюнча маанилүү перспективаларды ачты.

Жердин деңгээлинде жарым сфера сымал таш курулуш жана аны курчаган жазы таш алкак топурактын үстү жапырт таш аралаш топурак менен жабылып, жарым сфера сымал абалга келген. Чүйдөгү Беловодск мүрзө-дөбөсүнүн алдында тазаланган саны тогузга жеткен таштан шакекче сымал курулган курулуштар сак доорундагы мүрзө-дөбө курулушу боюнча дагы илимде белгисиз курулуштар боюнча изилдөөнүн келечектүүлүгүн көргөздү (Солтобаев, Абдыканова). кайталоо?

Кочкордогу Бугучу, Кара-Сеңир көрүстөндөрүнөн байкалган көлөмдүү дөбө-мүрзөлөрдүн курамы жөнөкөй бир тектүү же татаал. Жердин деңгээлинде жарым сфера сымал таш курулуш жана аны курчаган жазы таш алкак топурактын үстү жапырт таш аралаш топурак менен жабылып, жарым сфера сымал абалга келген. Чүйдөгү Беловодск мүрзө-дөбөсүнүн алдында тазаланган саны тогузга жеткен таштан шакекче сымал курулган курулуштар сак доорундагы мүрзө-дөбө курулушу боюнча дагы илимде белгисиз курулуштар боюнча изилдөөнүн келечектүүлүгүн көргөздү. Кочкордогу Бугучу көрүстөнүндөгү жара кесилиштер боюнча алып караганда, көлөмдүү мүрзө-дөбөлөр бир эмес бир нече жылдар аралыгында улам көтөрүлүп отургандай. Ар бир калың катмардын арасында каралжын издер бар. Ал издер өсүп чыгып кийин топурак алдында калган чөп-чардан калгандай туюлат.

**Мүрзө-дөбөлөр астындагы курулуштар.** Мүрзө-дөбөлөр алдында жердин үстүңкү тегиз катмары бар деп шарттүү айтууга болот. Кочкор, Алай районундагы, Нарын дарыясынын агымына жакын жердеги жаңы казуулар б. з. ч. I миң жылдыктын экинчи жарымындагы маркум көмүлүүчү жайларды куруу боюнча мурда археологдор Кыргызстанда жана коңшу аймактарда таап изилдеген таш курулуштар ачылды. Ошол учурдун жыл мезгилине жараша көчүп жүргөн, жарым көчмөн жана жер иштетип дан эгиндерин өстүргөн калктардын дөбө-мүрзөлөрүнүн алдында тегерете орнотулган таш курулушу көп кездешет. Ал түздөн-түз маркум көмүлгөн жайды же анын айланасын курчап турат.

Мүрзө-дөбө алдындагы белгиленген тегерек таш курулуштар Евразиянын көптөгөн көчмөн, жарым көчмөн маданияттарына мүнөздүү, алар Монголиядан, Саян-Алтайдан Чыгыш Европага чейинки чөлкөмдөрдө учурайт. Мисалы, Алтайдагы мүрзө-дөбөлөрдүн дөбөлөрдүн астында тегерек таш төшөмөлөр болгон. [Тишкин, 1994, 94-бет].

Кийинки жылдары археологиялык казуулардын натыйжасында көп түрдүү курулуштар ачылууда. Алардын бири мүрзө дөбөнү тургузуудан мурун, маркум жайынын үстүндөгү көлөмдүү, жарым шар (боз үй) сыяктуу таш үйүндүсү болгон. Аны кургандан кийин гана үстүнө мүрзө дөбөсү тургузулган. Мындай курулушту Чаткал менен Талас өрөөндөрүнүн ортосунда кездештиргенин археолог Ы. Кожомбердиев өз учурунда белгилеп, аларды изилдөөнүн

келечектүүлүгүн эскерткен. Кийин 1987-1988-жылдары Кочкордогу биз катышкан археолог А. Абетеков жетектеген экспедиция учурунда көп кездештирдик. Ушундай курулуштардын кеңири тараганын Ысык-Көлдөгү казылган жана бузулган мүрзө-дөбөлөр далилдөөдө.

Ушул сыяктуу эле маркумдун сөөгүн жайгаштырып, дөбө көтөрүлгөнгө чейин ар түрдүү ырым аткарылып, символдоштурулган белгилерди калтыруу адаты да болгон. Соң-Көлдөгү Чоң-Дөбө эстелигин казууда сегиз кырлуу, узундугу 2 метрге жакын жыгач мамы табылган.

Мүрзө-дөбөлөр айрым учурда бир эле учурда үйүлгөн эмес чыгар. Кочкор жергесиндеги Бугучу дөбөлөрдүн жара кесилишинде ортосу каралжын тактар аркылуу бөлүнүп турганы байкалган. Болжолу, биринчи ирет дөбө көтөрүлгөндөн кийин өскөн чөп калдыгынын изи болуу керек.

Чүйдөгү Беловодск көрүстөнүндөгү бир дөбө-мүрзөнүн алдындагы катары менен тогуз шакекченин археологдор О. Солтобаев менен А. Абдыканова тарабынан казылып изилдениши маанилүү жаңылык болуп калды (Солтобаев, Абдыканова 2022).

Теңир-Тоодо, ага удаалаш жайгашкан Фергана, Алай тоо кыркаларынын этегинде б.з.ч. I миң жылдыктын экинчи жарымындагы маркумду көмүү жайларын даярдоо, мүрзө-дөбөсүн көтөрүү жана маркумду узатуу зыйнаттарындагы окшоштуктар мезгил-мезгили менен белгиленип келе жатат.

Алайдагы Гүлчө дарыясынын бассейниндеги Жылгын көрүстөнүндө таштан курулган мүрзө-дөбөлөрдү ички Теңир-Тоодогу сак-усун эстеликтери менен салыштырууга болот. Мүрзө-дөбөлөрдүн алдында тегерете курулган таш алкактары бар. Чопо идиштери дагы ички Теңир-Тоодогу сак-усундардын чопо идиштерине жакын. Айырмасы, дөбөнүн батыш тарабында сүйрү формадагы узундугу 12, туурасы 7 м, тереңдиги 1,20 м болгон чанда учуроочу жер алдындагы маркумду узатуу жөрөлгөсү менен байланыштуу курулуш ачылды. Курулуштун ички тарабы толук бойдон таштар менен кыналган. Ортосунда төрт чарчы, от жагып ырым аткаруучу (узун-туурасы?) жайы бар. Анын ичи, айланасы жагылган оттун катмарына толгон. Жалпысынан Жылгын мүрзө-дөбөсүн маркумду көмүү алдындагы ырым аткаруу жайы жана сөөк көмүү адаты боюнча маалымат берүүчү комплекс деп айтууга болот [Табалдиев, Бозер, 2000]. Ушул сыяктуу жер алдындагы курулуш Ысык-Көлдүн чыгышындагы Сан-Таш көрүстөнүндө бар. Эки метрден ашуун, ичи таш менен бир канча кыр чыгарылып кыналган курулуш дагы маркумду узатуу зыйнаты менен байланыштуу болгон деп эсептейбиз. Ысык-Көлдөгү Челпек, Кырчын коло буюмдары, коло казандар 2 метрге жакын тереңдиктен ачылган. Ушул сыяктуу маалыматтар сак-усундар жашаган учурда маркумду көмүү менен байланыштуу жарым жартылай же толук

жер алдындагы курулуштардын болгонунан кабар берет [http://www.archeo.ru ; Табалдиев К.Ш. Расположение погребально-поминальных...].

Маркум көмүлүүчү көрлөр. Б.з.ч. I миң жылдыктын экинчи жарымында маркумдүн сөөгү кадимки чуңкур көрлөргө жайгаштырылганы алгачкы казуулардан бери белгилүү. Түз чуңкур көрдүн узундугу 2 метрдин, туурасы 1 метрдин тегерегинде болот. Кээде көрдүн капталын оюп, тамак-аш, чопо идиштерин жайгаштырышкан. Сөөктү жайгаштыргандан кийин үстү аска таш плиталары, узун сай таштар, жыгач менен туурасынан жабылганы алгачкы казуулардан бери белгилүү. Коло доорунан бери белгилүү болгон бул традиция жакынкы мезгилдерге чейин уланып келди. Мындан башка дагы маркум сөөгүн көмүүчү жайлардын түрү арбын.

Таш табыттар. Жердин алдын казып, капталдарын аска таш плиталар, узун сай таштар менен каптап, маркумга жай даярдоо айрым гана көлөмдүү мүрзө-дөбөлөр тобунда кездешет. Тирүүсүндө мансаптуу абалда болгондор үчүн курулган деп эсептөөгө негиз бар. Узундугу 4,5 метрге, туурасы 1 метр тегерегинде (тереңдиги?). Тандалган сай таштардан кыналып курулган. Кээ бир таш табыттардын бир капталында символикалык түрдө маркум жанына коюлуучу буюмдарды, тамак жана идиштерди жайгаштыруу үчүн бөлүмчө (ниша) жасалган. Таш табыттардын көрүнүктүү үлгүлөрү б.з.ч. V-IV кылымдарга таандык Ысык-Көлдөгү Туура-Суу (Ачык-Таш), Кочкордогу Бугучу, Асабай-Акун эстеликтеринде казылып изилденген. Кочкордогу айрым таш табыттардын ичинде маркум сөөктөрү тепкич (шаты) өңдүү жыгачтан ашталып жасалган замбилдин үстүндө болгон. Кийинки жүз жылдыктардагы ушундай түзүлүштөгү замбилдерди туруктуу кездештирүү азырынча мүмкүн боло элек. Кеңкол эстелигинде, кеч орто кылымдагы эстеликтерде чанда учурайт (Боз-Адыр).

Ушундай таш табыт өңдүү жайлардын келип чыгышы кеч коло доорундагы, эрте темир доорунун башталыш учуру менен байланыштуу деп эсептөөгө болот. Айтылган пикирге Кеминдеги Жел-Арык, Ат-Башыдагы Кичи-Ача эстеликтери далил болушу мүмкүн [Мокрынин, Гаврюшенко, 1975, Табалдиев, 1989].

**Теңир-Тоону мекендеген б.з. I миң жылдыгындагы калктын маданияты.** Борбордук Азияны мекендеген калктардын тагдырына күчтүү таасир тийгизген окуялар б.з.ч. III кылымдагы көчмөндөрдүн батышты карай көчүүлөрү менен байланыштуу. Тарыхта хуннулар (гунндар) доору деп аталган доор боюнча жазганда, Теңир-Тоо жана ага чектеш аймактардагы окуяларды шарттуу түрдө эки мезгилге бөлүп коюуга болот. Биринчиси б.з.ч III кылымдардагы Борбордук Азиялык хуннулардын бийлигинин күчөшү менен байланыштуу. Экинчиси - б.з. II – V кылымдарындагы «түндүктүк хуннулардын» Жунгариядан, Чыгыш Теңир-Тоодон батышты карай багыт алуу мезгили. Жогоруда айрым тарыхый булактарга негизделеген окуялар археологиялык

булактарда бир беткей далилдерди таба элек. Бул окуялар Борбордук Азиянын аймактарындагы издери негизинен маркумду көмүүчү жайлар, алардан кездешкен табылгалар, физикалык антропология, генетика тармагы аркылуу талданат.

Улуу көч доорундагы мүрзө-дөбөлөрдү көрүстөндө жайгаштырууда өзгөрүүлөр болгону сезилет. Чоң дөбөлөрдүн айланасында майда дөбөлөрдүн топтолушу байкалат [Бернштам, 1952, рис. 29]. Бул белгилер Бурама-Чап, Туюк, Ала-Мышык көрүстөндөрүнүн пландарында ачык баамдалып турат. Чоң дөбөлөр катардагы майда мүрзө-дөбөлөрдөн анча обочо жайгаштырылган эмес, тескерисинче чоң дөбөлөрдү курчап турат. Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү көлөмдүү Миң-Дөбө сыяктуу көрүстөндөрдөгу мүрзө-дөбөлөрдүн бири-бирине тыкыс жайгашканына караганда, алардын коомунда узакка созулган өз ара биримдик, тугандык байланыштар бекем болгонун болжоого болот.

Теңир-Тоодогу хуннулар доорундагы маркумга арналып мүрзө-дөбө куруу жөрөлгөсүнүн көрүнүктүү белгиси бар. Көлөмдүү мүрзө-дөбөнү төрт тарабынан курчаган аң казылган. Алайдагы Туюк көрүстөнүндө төрт тарабынан курчаган терең аңдардан алынган топурак менен ортодогу көлөмдүү пирамида же конус сымал мүрзө-дөбө курулган. Мурдагы сак-усун мезгилиндеги дөбө-мүрзөлөрдү курчаган аңдар кездешпейт.

Сөз болуп жаткан мезгилдеги жөрөлгөлөрдүн мүнөздүү белгилеринин бири дөбө-мүрзөнүн астында, жердин үстүңкү деңгээлинде күйгүзүлгөн жыгач көмүрүнүн калдыктарынын табылышы менен байланыштуу. Бул Теңир-Тоо, Алай калктарынын көмүү жөрөлгөсүндө оттун пайдаланылганын көрсөтүп турат. Жөрөлгө маркумдун сөөгүн көргө жайгаштырып, мүрзөнүн дөбөсүн көтөрөр алдында аткарылган. Хуннулар дооруна чейинки мүрзө-дөбөлөрдө жагылган оттун калдыктарынын табылганы бизге белгисиз. Эрте орто кылымдагы түрк мезгилинде жагылган от калдыгы чанда кездешкенине караганда, бул жөрөлгө кийин уланган.

Көрлөр

Б.з. I миң жылдыгынын биринчи жарымына туура келген мезгилдин эстеликтеринин өзгөчөлүгү – дөбө-мүрзөнүн астында катакомбалар жана жармоо көрлөрдүн болушу (Кожомбердиева). Теңир-Тоодо жана чектеш аймактарда катакомбалар жана жармоо көрлөр айырмаланып турат. Мисалы, Талас жана Кетмен-Төбө өрөөндөрүндө катакомбаны көздөй кире бериштери (дромостору) узун келет (16 метрге чейин). Мындай узун дромостор Чыгыш Түркстанда жана Казакстандын Арыс дарыясынын бассейнинде белгилүү. Катакомбага перпендикулярдуу жайгашкан узун кире бериштер (дромостор) Теңир-Тоонун ички өрөөндөрүндө, Ысык-Көлдө азырынча табыла элек.

Б.з. I миң жылдыгынын биринчи жарымында баштагы сак-усун мезгилиндеги калктын урпактары Кеңкол маданияты мезгилиндеги маркумдарды казанак (катакомба), жармоо көрлөргө көмгөн калк менен каада-салттарын параллель сактап, өлгөндөрүн таш плиталар, жыгач менен жабылган кадимки жер чуңкурларына көмүүнү улантышкан. Буга Ат-Башы өрөөнүндөгү Чет-Келтебик көрүстөнүндөгү органикалык калдыктардан алынган радиокөмүртектүү анализ далил боло алат. Чет-Келтебиктеги үстү узун таш плиталар менен жабылган чуңкур көрлөр, алардан табылган чоподон жасалган идиштер усун же сак-усун мүрзө-дөбөлөрү деп аталган эстеликтерге окшош. Алынган жаңы дата күтүлбөгөн жерден б.з. V кылымдан VI кылымдын ортосуна чейинки мезгилди көрсөттү (1575 ± 30; 430-540AD; 410-560AD). Жаңы радиокөмүртектүү анализден алынган дата кошумча изилдөөлөрдү талап кылууда. Мурда мындай дөбөлөр жана идиштер мурунку казуулардын материалдары менен салыштырылып, б. з. ч. II кылымдан – б. з. II (III) кылымдарынын ортосундагы мезгилге туура келет деп жыйынтык чыгарылмак.

Жаңы эранын биринчи жарымындагы маркумду көмүү адатындагы жаңылыктар иретинде төмөнкүлөрдү белгилеп кетүүгө болот. Казанактуу (катакомба) жана жармоо көрлөрдүн кире беришинде чанда жылкынын сөөгү кездешкени эскерилет. Бир катар мүрзө-дөбөлөрдүн кире бериш жеринде жылкынын, эчкинин баш сөөгү коюлганы боюнча маалымат бар.

Бир нече жыл бою биз маркумдун жанынан табылган үй жаныбарларынын сөөктөрүнө көңүл бөлүүдөбүз. Алар – символдуу түрдө маркумду тамак-аш менен камсыздандыруу жөрөлгөсүнүн кыйыр далилдери. Бара-бара ар бир доордо, этникалык топтордун чөйрөсүндөгү тамак-аш менен камсыз кылуунун туруктуу мүнөзү аныкталып келе жатат. Улуу көч доорунда, же б.з. II-V кылымдарында маркумдун жанына көбүнчө койдун жамбаш сөөгү, далысы, омурткалар ж.б. коюлган. Бирок башка доорлордон айырмаланып, койдун жамбаш сөөгүнүн оюкчасы бар тарабын кертип алып, маркум жанына коюшкан. Алар ушул учурдагы маркумду казанак жана жармоо көрлөргө көмгөн калктардын салтында кездешет. Ошондой эле алар менен удаа жашап, маркумду төрт чарчы, бурчтарында тик орнотулган таш мамылары бар мүрзөдө көмгөн калктарда да кездешти.

Койдун жамбаш сөөгүнүн оюкчасы бар тарабын гана кертип алып маркумдун жанына жайгаштыруу ар кандай сөөк коюучу жайларда көмгөн калктын ырым-жырымдарынын жакындыгын көрсөтөт. Ырым-жырымдагы бул жакындык алардын ошол аймакта эриш-аркак жашаган мезгилинде калыптанмак. Эгерде жамбаш сөөктүн жарымын жайгаштыруу салты ар кандай дөбөлөрдүн топторунда кездешсе, анда бул нерсе узак мезгил бою удаалаш жашап, каада-салты, жөрөлгөлөрү аралашкан чөйрөдө гана болушу мүмкүн эле.

Теңир-Тоодогу Чоң-Дөбө (Соң-Көл) мүрзөсүндө Улуу көч доорундагы дөбөлөрдү изилдөөдө, жамбаш сөөктүн оюкчасы бар бөлүгү негизинен жаш балдар көмүлгөн жерден гана кездешкен. Башка мүрзөлөрдө чоң адамдардын жанынан табылды (Кароол-Дөбө, Мечит, Үч-Курбу).

Биз этнографиялык маалыматтардын негизинде кесилген сөөктү маркум жанына жайгаштыруу себебин билүүгө аракеттендик. Кыргыздарда маркумдун жанына кулпу коюп коюу салты ушул кезге чейин сакталып калган. Ал үй-бүлөдө өлүм улам кайталанганда, жаш балдар көз жумганда коюлган. Кулпу коюуну өлүм-житим кайталанбасын, жаш өлбөсүн, өлүм эми күчсүз болуп, тирүүлөргө зыян келтирбесин деген ишеним менен байланыштырышат.

Кыргыздардын айрым топторунда анча белгилүү эмес бир салт сакталып калган, анын маңызы төмөнкүдөй. Сууга бышырылган жамбашты мүлжүп, жегенден кийин, жамбаш сөөктүн оюк тарабын туюк калтырбай ажыратып коюу керек, б.а. бүтүн бойдон калтырбоо керек деп ажыраткан учур катталган. Ушул унутулуп калган жамбаш сөөктүн оюк тарабын туюк бойдон маркум жанына калтыруу жөрөлгөсү менен кулпунун коюлушу маанилеш болушу да мүмкүн. Жакын туугандарды улам кайталанган өлүмдөн алыстатуу, балдардын өлүмүн чектөө үмүтү менен байланыштуудур? Бир эле жөрөлгөнүн эки формасы, бири илгерки, бири кийинки формасы болуп калышы да мүмкүн. Ушул келтирилген мисалдан улам, Улуу көч доорундагы салт кылымдарды аралап отуруп, кийинчерээк өзгөрүлүп, жаңы формага ээ болуп, жакынкы этнографиялык мезгилге жетти деп айтууга болот.

**Бурчтарына таш мамы орнотулган мүрзөлөр.** Соңку жылдары Ысык-Көл ойдуңунун тоо этектеринде өзгөчө түзүлүштөгү – төрт чарчы көлөмдүү, бири-бирине ыкташтырылып курулган, бурчтарында тик орнотулган таш мамылары бар, маркумдун жанына коюлган чопо идиштери аркылуу да айырмалаган көрүстөндөр тобу ачылып, изилдене баштады. Биз аларды Улуу көч доорундагы «бурчтарына таш мамы» орнотулган мүрзөлөр деп шарттуу атап келе жатабыз. Ушул көрүнүштөгү көрүстөндөрдүн ичинен азырынча көрүнүктүүсү Ысык-Көлдүн түштүк тарабындагы Тосор суусунун оң тарабындагы тектирде жайгашкан Үч-Курбу көрүстөнү болуп саналат.

Алгачкы 2000-жылдагы археологиялык чалгындоо учурундагы бири-бирине ыкташтырып курулган, таштан курулган мүрзөлөр көңүлдү буруп, бири казылган. Казууда баш тарабы түндүктү көздөй, узун абалда көмүлгөн. Оң тарабында төрт чарчы көлөмдөгү жыгач буюм (жыгач тактайча) табылган. Ушул сыяктуу алдында буттары бар үстөлдөр хуннулар доорундагы Кеңкол маданиятындагы эстеликтерде кездешерин эске алып, Үч-Курбу эстелиги деле ушул учурга таандык болушу болжонгон.

Үч-Курбу көрүстөнүндө таштан курулган мүрзөлөр тоо этегинен ылдый карай салаалап түшкөн жылгалардын ортосундагы үстү түзөң дөңсөөлөрдө жайгашкан. 14 аянт белгиленген. Мүрзөлөр жердин шартына жараша жайгаштырылган, атайын түндүк-түштүк же чыгыш-батыш багытында тизмектештирип жайгаштыруу тартиби болбогондой туюлат.

Эстеликтин бул түрүнүн эң мүнөздүү тышкы белгилеринин бири төмөнкүлөр. Адатта, алар төрт бурчтуу же тик бурчтуу формада болот. Сырткы тарабы чоң таштар менен жээктелген. Дөбөлөрдүн бурчтарында тигинен орнотулган массивдүү, узун таштар байкалат. Бири-бирине жабышкан дөбөлөрдүн топтору көп кездешет. Бурчунда таш мамылуу көрүстөндөр Ысык-Көлдүн түндүк жана түштүк тоо этектеринде төмөнкү пункттарда - Алабаш, Тосор, Дархан, Өрнөк, Чолпон-Атада табылды. Окшош конструкциядагы, төрт чарчы, бурчтарында чоң таштары бар мүрзөлөр Ысык-Көлдүн күнгөй (түндүк) этектеринде археолог Зяблин тарабынан изилденген [Зяблин], 1959, 140, 145, 152-153]. 2022-жылы Кочкор өрөөнүнүн батыш тарабынан бурчтарында тик таштары бар көрүстөндөр ачылды.

Тосор дарыясынын бассейнинин террасаларында көптөгөн дөбөлөрдүн чакан топтору жайгашкан. Аларды таап изилдегенден кийин, ушул төрт бурчтуу мүрзө-дөбөлөрдү курган калк менен, аларга мезгилдеш жашаган Кеңкол маданиятынын калкы менен жана усундар менен эриш-аркак жашаган деген жыйынтыкка келүүдөбүз. Маркум жанына коюлган жыгач үстөлчө, деформацияланган баш сөөк, окшош малдын сөөктөрүнүн табылышында жакындыктар бар. Сөз болуп жаткан өзгөчө дөбөлөрдү таштап кеткен уруулар өз-өзүнчө, байланышсыз жашашкан эмес, муну сөөк коюу ырым-жырымындагы окшош элементтер күбөлөндүрөт. Маркумду көмүүчү жайлары айырмаланган менен, көмүлгөн маркум сөөгүнүн жанындагы табылгалар, алардын салтынын аралашкандыгын тастыктап турат.

Маркумдар көмүлгөн жайдан алынган маалыматтар Кеңкол тибиндеги эстеликтерге мүнөздүү. Маркум сөөгүн коюу жөрөлгөсүндөгү окшоштуктар күбөлөндүрүп тургандай, өзгөчө мүрзө-дөбөлөрдү таштап кеткен калк өзүнчө обочолонуп, башка калктар менен байланышсыз жашаган эмес. Жакындык маркумга арналган тамак-аш калдыгы болгон койдун сөөктөрүнүн туруктуу калдыктары тастыктап турат. Сөөк коюучу жайдагы таш мамылар Улуу көч доорундагы башка көрүстөндөрдөгү мүрзө-дөбөлөрдүн арасында аз санда байкалгандыгы өзгөчө белгилей кетүү керек. Соң-Көлдөгү Чоң-Дөбө, Нарын дарыясынын боюндагы Ала-Мышык, Кочкор өрөөнүнө жакын жердеги Сүттүү-Булак, Нарын дарыясынын боюндагы Ала-Мышык көрүстөнүндө алар тегерек формадагы топурактан же таш аралаш дөбө-мүрзөлөрдүн жанында же катарында кездешти. Көрүстөндө атайын обочо топ болуп жайгашкан эмес. Болжолу, алар бурчунда тик таштары бар мүрзө-дөбөлөрдү калтырган уруулардын мүчөлөрү

болсо керек. Алар кийин башка калк арасына аралашкандан кийин дагы өз жөрөлгөсүнө ылайык көмүлүшү мүмкүн эле.

Ушул каралып жаткан бурчунда тик ташы бар мүрзө-дөбөлөрдүн жалгыздап, же эки-үч сандуулары жайгашкан жерлер да табылды. Кыскартып айтканда, ушул субмаданият катары бөлүп карап жаткан дөбө-мүрзөлүү көрүстөндөрдүн саны улам артууда.

Тосор дарыясынын бассейниндегү көрүстөндө биз бурчунда тик таштары бар чакан мүрзө-дөбөлөрдү көрүп турабыз. Мүрзө-дөбөлөрдүн бири-бирине ыкташтыра жайгаштыруу жөрөлгөсү биримдигин да көрсөтөт. Балким, мүрзө-дөбөлөрдүн ар бир тобу алардын туугандык байланыштарынын көрсөткүчү болуп саналат. Ар бир топто бир үй-бүлөнүн же уруунун муундарынын мүчөлөрүнүн сөөктөрү көмүлгөн. Өзгөчө "субмаданият" катары "бурч таштары бар дөбөлөрдү" бөлүп көрсөтүү менен, аларды таштап кеткен уруулардын маданиятын максаттуу изилдөө үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр ачылып отурат. Жакынкы мезгилде Үч-Курбу эстелигинен табылган маркум сөөктөрүнөн алынган үлгүлөр генетикалык изилдөө жүргүзүү үчүн адистерге сунуш кылынат.

Алар Борбордук Азиянын чыгыш аймактарынан келген этникалык топтордун бири болушу мүмкүн, же болбосо алардын маданияты ошол аймакта улуу көч доорунда калыптанган. Бул мезгилде алар Кеңкол, усун мезгилиндеги маданияттар менен тыгыз байланышта жашашкан жана орто кылымдын башында түрк тилдүү калктардын чөйрөсүндө изи калган. Мисалы, Ысык-Көлдөгү Кой-Суу дөбөлөрүнүн биринде маркумдун аты менен аттын сөөгү коюлган төрт чарчы таштан курулган мүрзө алардын маданиятынын келген түрк тилдүү калк менен болгон байланышын аныктап турат. Маркумду жылкы менен бирге көмүү VI-IX кылымдардагы түрк тилдүү калктардын маркум көмүү жөрөлгөсүнүн эң көрүнүктүү белгиси болуп саналат.

Ошентип, Теңир-Тоого Улуу көч доорунда өзгөчө маданий элементтер кирген. Жергиликтүү жана келген калктар, маданияттар сөөк коюу жайларынын түрлөрүн калыптандырышкан. Бул – көчмөн маданияттардын ички ар түрдүүлүгүнүн белгилери. Археологиялык материалдар сөз болуп жаткан доордун урууларынын ортосундагы тыгыз маданий байланыштарды тастыктайт, атүгүл алар бири-биринен сөөк коюу жөрөлгөсүнүн айрым элементтерин алышкан.

Үч-Курбу, Токчулук эстеликтеринде табылган көлөмдүү чопо чөйчөктөрдүн баары колго ийленип жасалган, жалпысынан капталдары тик, түбү жалпак. Капталдары бир аз кеңейтилген, капталында кармагыч сымал жармаштылыган чапчасы бар идиштер дагы бар. Теңир-Тоонун II-V кылымдарындагы катакомба жана жармоо көрлөрүнөн, сак-усун эстеликтеринен табылган идиштерден айырмаланат. Капталдары кенен, түбү жалпак, ооз тарабы кенен, туурасынан

узундугу ашып түшкөн хуннулар мезгилине мүнөздүү карапалар кездеше элек. Бирок бурчунда тик ташы бар эстеликтерде жок деп кесе айтууга болбойт, алардын арасында тик капталдуу чоң чөйчөктөр, капталы кеңейтилген идиштер чанда кездешип калат.

Ушул учурдун чоподон жасалган идиштери жөнүндө кеп болгондо, Теңир-Тоонун ичиндеги өрөөндөрдөн табылган идиштер менен ага чектеш, Ысык-Көл, Чүй идиштери менен салыштырууга болот. Ал эми Талас өрөөнүдөгү идиштер түрдүү келет. Таласта Казакстандын түштүгүндөгү Арыс археологиялык маданиятына мүнөздүү идиштер бар.

Маркум жанынан табылган бүркүттүн тырмактарынан, иттин (?) жаагынан жана камандын азуусунан жасалган тумарлар табылгалардын өзгөчө тобун түзөт. Албетте, аларды тагынуу, асып жүрүү эстеликтерди калтырган калктын диний ишенимдери, салттары менен байланыштуу.

Теңир-Тоо калктарынын батыш аймактары менен Чыгыш Европага чейинки жана коңшу Чыгыш Түркстан, Фергана аймактары менен болгон байланыштары байкалат. Мисалы, полихром стилинде (көп түстүү таштарды, металл үлгүлөрүнөн зер буюмдарын жасоо) жасалган жасалгалар көп кездешет.

Улуу көч доорунда көчмөндөрдүн аскердик ишинде олуттуу өзгөрүүлөр болуп өтөт. Бул темир жебелердин учтарынын көрүнүшүнөн жана жаанын баштагыга караганда татаал түзүлүшү көрүнүп турат. Археологиялык казууларда саны жетиге чейин жеткен сөөктөн жасалган бастырмалар кездешет. Үч-Курбу жергесинен табылган жаа калдыктарын реконструкциялоого мүмкүн болду. Бул доордо темирден жасалган жебелердин учтары эң көп колдонулат. Азырынча Теңир-Тоодо канат тарабы баскычтуу (ярусный) түрлөрү табыла элек. Эгер болгондо, борбордук азиялык хуннулардын курал-жарактары менен салыштырып, жакын болгонун аныктоого мүмкүн болот эле.

Алгачкы изилдөөлөрдө Улуу көч доорунда көчмөндөрдүн чыгыштан батышка карай миграциясына өзгөчө көңүл бурулган, ал эми жаңы изилдөөлөрдө батыш жерлеринен чыгышка маданий элементтер келгенин аныктаган табылгалар кездешүүдө. Мисалы, алыскы байланыштар "кесилиш белги (крест) же «х» сымал белгилер менен тастыкталат. Алардын ичинен кыйгач кесилиш сыяктуу белгилер тогонун тилчесине түшүрүлгөн. Кудум ушундай белгилер Крымда (Боспор) [Засецкая, 12-таблица], Кара деңиздин түндүк-чыгышында (Дюрсо) [Дмитриев, 2003, таблица, 79] б.з. V кылымына таандык эстеликтериндеги кемер курдун жана бут кийимдин тоголорунда бир канча ирет кездешкен. Белгилүү аймактарда чанда, бирок турктуу учуроочу символ Теңир-Тоо менен батыштагы аймактар менен болгон маданий, экономикалык байланышты аныктоочу далил болуп саналат. Балким, бул кайра чыгышты карай жылган миграция менен байланыштуу болушу мүмкүн.

Жазма булактардын маалыматы боюнча, аталган аймактардагы эстеликтер сак, усун, юэдж, кангюй жана борбордук азиялык хунндардын урпактары менен байланыштырылып келген. Алардын көпчүлүгүнүн келип чыгышы Борбордук Азия чыгыш аймактары менен байланыштуу. Кеңкол катакомбалары алгач А.Н. Бернштам тарабынан гунндар менен байланыштырылган. Кийин И.Кожомбердиев менен Ю. С. Худяков алардын курал-жарактарын изилдеп, Кеңкол эстеликтериндеги курал-жарактар хуннулардын куралдарынан айырмалана турганын далилдешкен [Кожомбердиев, Худяков, 1987, 75-106-бб]. Акыркы убактарда Ю. С. Худяков жана В.П. Никаноров Кеңкол курал-жарактарын Ташкент оазисинен табылган орлат плитасындагы жоокерлердин сүрөттөрү менен дал келе турганы аныкталгандан кийин, Кеңкол эстеликтерин калтырган калк кангюй менен байланыштуу деген пикирди сунуш кылган.

Антрополог С. С. Тур краниологиялык материалды изилдеп, Кеңкол маданиятынын калкынын арасында борбордук азиялык хунндардын антропологиялык типтеринин белгилери байкалбайт деп эсептейт. Бирок хунндарга мүнөздүү Борбордук Азиядагы монголоиддик белгилер коңшу Кетмен-Төбө өрөөнүнүн материалдарында бар. Ошондуктан, биздин оюбузча, Талас жана Кетмен-Төбө өрөөндөрүнүн археологиялык жана краниологиялык материалдарын өзүнчө карап чыгуу керек. Бул өрөөндөрдүн этникалык курамы ар кандай болушу мүмкүн жана Кеңкол маданиятынын тегерегиндеги бардык экспонаттарды бириктирүү эрте, зарылдыгы жок сыяктуу көрүнөт.

Теңир-Тоодо Борбордук Азиянын, хуннулардын таасири байкалбайт. Бирок сейрек кездешүүчү хунн элементтерин алып жүрүүчүлөр болушу мүмкүн. Хунндар менен байланыштуу окуялардын натыйжасында жергиликтүү уруулардын курамына киргендер болгонун четке кагууга болбойт. Мисалы, биздин заманга чейинки 98-жылы усун күнбагы (гуньмо) Унгуйми хунндар менен болгон салгылашуудан кийин 40000 хунн жоокерин туткунга алганы эскерилет [Бичурин, Бартольд].

Кыязы, улуу көч доорундагы көчмөн уруулардын бир бөлүгү түрктөрдүн курамына кирген жана өз ара маданий алака процесси жүргөн. Мисалы, түрктөргө мүнөздүү маркумду жылкы менен көмүү жөрөлгөсүнө өткөн.

**Муруттуу дөбө-мүрзө.** Теңир-Тоодогу археологиялык изилдөөлөр учурунда Казакстанда, Уралдын түштүгүндө белгилүү бологон "муруттуу" мүрзө-дөбөлөр деп аталган эстеликти бөлүп алууга мүмкүн болду. Азырынча Кочкор өрөөнүндө изилденген дөбөлөрдүн бири гана өзүнчө каралып жатат. Курган Кочкор өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө, өзүнчө жайгашкан узундугу 2 км жакын адырдын үстүндө изилденген. Диаметри 15 м болгон таш-топурак дөбөнүн ортосунда жайгашкан. Дөбөнүн чыгыштагы эки тарабында бир катар таштар тизилген, алардын учтарында кичинекей үйүлгөн таштар болгон. Курган байыркы учурда

каракталган. Борбордук бөлүгүндө чуңкуру болгон. Анда адамдын бут сөөгүнүн сыныгынан башка эч нерсе табылган жок. Борбордук бөлүгүндө күлдүн калың катмары катталган. Болжолу от жагылып, жөрөлгө аткарылган. Күлдүн арасынан башы тоголок, ийилген абалдагы ичи бош, түтүкчө сымал алтын буюм табылды. Болжолу, алтын буюм ырым аткарууда пайдалануучу буюм (жезло) болгон.

Маалыматтын азырынча жалгыз булагы болгонуна карабастан, сырткы түзүлүшү боюнча "муруттуу кургандар" - «муруттуу мүрзө-дөбөлөр» катарына ишенимдүү киргизүүгө мүмкүндүк берүүчү эстелик. Ал «муруттуу мүрзө-дөбөлөр» маданиятынын жайылышынын чектерин кеңейтти. Алар, археологиялык далилдер боюнча, борбордук Казакстан аймагында, Урал тоосунун түштүк тарабында белгилүү [Маргулан, 1966, 309 -; Бейсенов, 1993, 59-бет; Боталов, 2009, 6-бөлүм; Свиридов, 2003, 31-32 ]. Бул объект коомдогу социалдык жактан же диний даражалуу мүчөсүн көмүүгө арналып тургузулган. Дөбөнүн борборунда мүрзө чуңкуру жайгашкан. Дөбөнүн аянтында күлдүн калдыгынын болушу бул объекттин ырым-жырымга арналгандыгын көрсөтөт. Объект ошол коомдун ардактуу мүчөсү көмүлгөндөн кийин, оттун жардамы менен ырым-жырымдарды жасай турган жер катары пайдаланыла берген. Тилекке каршы, бул объект - азырынча жалгыз табылга. Анын көрүнүшү «муруттуу дөбө-мүрзөлөрдүн» алып жүрүүчүлөрдүн катышуусу менен курулганы талаш жаратпайт. Эстеликтин бийик жерде жайгашканы, «муруттарынын» чыгышты карай созулушу, эстеликти калтырган калктын күнгө карата ыйык сезимин күбөлөндүрөт.

Борбордук Казакстанда мындай дөбөлөр алгачкы көчмөндөрдүн эстеликтеринин катарына кошулган [Маргулан, Кыдырбаев 1966, 99-бет]. Кийин «муруттуу дөбө-мүрзөлөрдүн» жайылышынын чектери кыйла кеңейди. Кийинчерээк, Канаттас жана Зевакино көрүстөнүндөгү дөбөнү таап, изилдеп чыккандан кийин, мурут дөбөлөрүнүн хронологиясы өзгөрдү. Түштүк Уралда мындай дөбөлөрдүн бар экендиги жөнүндө маалымат бар. Любчанскийдин оюу боюнча, «мурутуу дөбө-мүрзөлөрдүн» тараган мезгили кеңири жана аларды белгилүү бир этноско байланыштыруу кыйын [Лобчан, 1998]. Кочкор өрөөнүндө табылган эстелик Евразиянын «муруттуу» эстеликтеринин эң түштүк чек арасын билдирет. Буюм түрүндө сакталып калган жалгыз алтын табылга азырынча салыштырып мезгилин аныктоого мүмкүнчүлүк түзөт. Азырынча үзгүлтүктүү маалыматтарга таянуу менен, эстелик б.з. I миң жылдыгынын биринчи жарымына таандык деп айтууга болот.

Улуу көч доорунан кийин Теңир-Тоодо жана ага чектеш аймактардын калкынын маданиятында олуттуу өзгөрүүлөр байкалат. Ошону менен бирге мурунку маданияттын бир катар элементтери – улуу көч доорундагы калктардын маданиятынын издери сакталып калган. Археологиялык маалыматтарга ылайык, биринчи Түрк каганатынын убагында (552-603-жж.) келген түрк тилдүү уруулар

менен жергиликтүү калктын ортосунда тыгыз эриш-аркактык менен маданий өнүгүү уланган.

Орто кылымдарда Алтай тараптан келген түрк тилдүү калктар маданияттын өзгөчө түрүн алып жүрүүчүлөр болгон. Алар маркумду жылкы менен бирге көмүү, маркумга арнап коргончосу менен бирге айкел орнотуу өңдүү эстеликтердин жаңы түрүн таратуучулар болушкан.

Акыркы жылдары Теңир-Тоодо коло доорундагы, эрте темир доорундагы, орто кылымдардагы конуштарды комплекстүү изилдөө жана археоботаникалык, зооархеологиялык, изотоптук, палинологиялык, генетикалык анализдерди жүргүзүү башталды. Алгач адам жана жаныбарлардын калдыктарын изотоптук анализдөө колдонулду. Коло доорунан баштап темир дооруна чейинки өткөөл мезгилди комплекстүү изилдөө багытында аткарылган иштер бар.

## 3. бөлүм. Коло, эрте темир доорундагы турак-жайлар;

Археологдор ушул мезгилге чейин Кыргызстандагы сак-усун доорундагы турак-жай калдыктарынын табылышы, изилдениши боюнча маалыматтарды калтырышкан. Бирок системалуу изилдөө жүргүзүлгөн эстеликтер боюнча маалыматтар жокко эсе.

Физикалык-географиялык жактан алганда, Кыргызстандын тоо этектери, тоо арасындагы өрөөндөрү бардык экологиялык шарттарга ээ, алар мал чарбачылыгын жана дыйканчылыкты өнүктүрүүгө ыңгайлуу. Бүгүнкү күндө коло доорунда жана алгачкы темир доорунда дан өсүмдүктөрүн эгип, өстүрүү боюнча археологиялык далилдер топтоло баштады.

Чүй жергесиндеги байыркы турак-айылдарды, көрүстөндөдү изилдөө учурунда усундар мезгилиндеги калктын дыйканчылыгы боюнча маалыматтар XIX кылымдын 30-жылдарынан тартып табыла баштаган. Алар усун доорунан, б.з. ч. I миң жылдыктын акырына – б.з. алгачкы кылымдарына таандык болгон (Тереножкин, 1938; Воеводский, Грязнов, 1938). Археолог И. Кожомбердиев мезгил-мезгили менен байыркы отурукташкан калк конуштарына байкоо жүргүзүп келген. Мисалы, изилдөөлөрдөн кийин: "Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү отурукташкан конуштар коло доорунан бери белгилүү. Сак жана гунндар доорундагы калктуу конуштар атайын изилдене элек. Бирок сак дөбөлөрүндө жана казанак (катакомба) мүрзөлөрүндө табылган көп сандаган чопо идиштер (Торкен, Алмалуу) Кетмен-Төбө жергесинде отурукташкан конуштардын бар экендигин тастыктап турат",- деп жазган [Кожомбердиев, 1977, 23-24-бб].

Кара-Балта шаарынын жанындагы Чүй дарыясына жакын жерде археолог А. К. Абетеков усун доорундагы турак-жай калдыгын казган. Бөлмөнүн дубалдары сокмо дубалдан курулган. Бөлмөнүн ортосунда калыңдыгы 8 см болгон күл катмары, очоктун калдыктары сакталып калган. Бөлмөдөгү очоктун айланасында чопо идиштердин сыныктары, жаныбардардын сөөктөрү, чарбалык чуңкурлар, ийик таш, ошондой эле турак-жайдан таштан жасалган сүрмө жаргылчактар табылган. (Абетеков , 1970, 67-70-бб).

Б.з. ч. VIII-VII кылымдарга Ысык-Көл жергесинде дыйканчылыктын өнүккөндүгү чуст тибиндеги орок сымал таш бычактар аркылуу далилденген. Ысык-Көлдө изилдөө жүргүзгөн В. П. Мокрынин жана В.М Плоских Сары-Булуң шаарчасынын материалдык маданиятынын бардык түрү, өзгөчө чопо идиштер, таштан жасалган эмгек куралдары, коло орок сымал бычактар б. з. ч. I миң жылдыктагы Фергана, Ташкент оазиси жана Чыгыш Түркстан конуштарынын материалдарына абдан жакын экендигин баса көрсөтүшкөн. (Мокрынин В.П., Плоских В.М. 1989, 78-б.).

**Чап конушу**. Теңир-Тоо калкынын жашоо тиричилиги боюнча маанилүү маалыматтарды берген дагы бир кызыктуу эстелик – Кочкор өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө жайгашкан Чап конушу. Алгач 1992-жылы ачылган. Алгачкы казууларда таштан жасалган майдалагычтар, бүлөө, таш ороктун сыныктары, үй жаныбарларынын сөөктөрүнүн сыныктары табылган. Мал сөөктөрүнүн арасында көбүнчө жаактар, шыйрак, бут сөөктөрү, майда жана бодо малдын (жылкы, кой эчки) сөөктөрү болгон. Табылгалардын эң көп бөлүгүн колго ийленип жасалган чопо идиштин сыныктары түзгөн. Табылган маалыматтар боюнча, биринчи кезекте чопо идиштердин мүнөзү боюнча Чап конушун тургундары жыл мезгилине жараша кыштоо, жаздоо, күздөө, жайлоо жерлеринде мал асыраган туугандаш чөйрө менен тыгыз байланышта болгон. Жасалышы боюнча тургун жайда табылган чопо идиш, «көчмөндүн» мүрзөсүнөн табылган идиштерден эч айырмаланбайт.

Табылган маалыматтар боюнча, биринчи кезекте чопо идиштердин мүнөзү боюнча, Чап конушунун тургундары жыл мезгилине жараша кыштоо, жаздоо, күздөө, жайлоо жерлеринде мал асыраган туугандаш чөйрө менен тыгыз байланышта болгон. Жасалышы боюнча тургун жайлардан табылган чопо идиш «көчмөндүн» мүрзөсүнөн табылган идиштерден эч айырмаланбайт. Чап эстелигинде түбү тоголок жана жалпак түрү кездешет. Сырткы бети жылма, сапаттуу бышырылып, ангоб менен сырдалган идиштердин сыныктары аз санда кездешет.

Чап турак жайынан табылган чопо идиштердин калдыктарына карап, тургундардын турмушунда карапачылык орчундуу орунда турганын айтууга

болот. Алар капталдары калың көлөмдүү идиштерди, кулактуу идиштерди, казандарды даярдашкан. Бул жерден коло доорунун кеч мезгилинен тартып эрте темир доорундагы калктын маданиятын байланыштырган мурда ачылбай келген учурду мүнөздөөчү маалыматтар алынууда.

Алынган материал изилденип жаткан объектинин уникалдуулугун көрсөтөт. Биринчиден, керамикалык буюмдардын сыныктары эки тарыхый доордун белгилерин байкоого мүмкүндүк берди. Бул жерде коло доорундагы идиштерге окшош формадагы керамикалык буюмдар табылды. Мындан тышкары, бул жерде көчмөндөр чөйрөсүнө мүнөздүү идиш-аяктар даярдалган. Көрүнүп тургандай, эстеликти изилдөө Кыргызстандын археологиясында аз чагылдырылган, мисалы, Теңир-Тоодогу комплекстүү, бирдиктүү чарба жүргүзгөн калк жашоосун мүнөздөөгө мүмкүндүк берет.

1992-жылдагы жана 2002-2003-жылдардагы алгачкы тыянактар 2004-жылы Түрк цивилизациясынын биринчи эл аралык конгрессинин маиериалдарында (Түрк цивилизациясынын ролу жана орду башка цивилизациялар арасында. Бишкек, 2004). жарыяланган.

Азыр бул жер дыйканчылык, малчылык, карапачылык менен алектенген калктардын маданиятын жана алардын сөөк коюу каадасын комплекстүү изилдөө үчүн маалымат берүүчү көрүнүктүү эстеликке айлануу жолунда турат. Эң төмөнкү 2,80-3,20 м тереңдиктеги катмардагы органикалык калдыктар радиоуглероддук анализ боюнча төмөндөгү мезгилдер аралыгын көргөздү: 3909±29; 3831±30. Ушул эле тереңдиктеги буттарын бүгүп, чалкасынан жаткырылган маркум сөөгүнүн мезгили – 3913±28. Эл аралык экспедиция учурунда бул жерден палеоботаникалык, палеозоологиялык изилдөө үчүн материалдар алынган. Жалпы жыйырмадан ашык радиокөмүртектүү даталардын натыйжалары бар.

Кезектеги турак-жай калдыгы Ысык-Көлдүн түштүк тарабындагы Тосор суусунун күн чыгыш жагындагы тектирде Улуу көч доорундагы дөбөлөрдү изилдөө учурунда табылган. Казуу учурундагы андрон маданиятына мүнөздүү чопо идиш калдыктары жана жогорку 30-70 см катмардагы түбү жумуртка сымал идиштин калдыктары коло доору жана темир доорунун алгачкы конушу болгонун көрсөттү. Казууда алынган материалдын негизинде бул турак-жай калдыгы коло доорунда калыптанып, кийин жашоо эрте темир доорунда уланган деп жыйынтык чыгарылган.

Бийик тоолуу өрөөндөрдүн алгачкы турак-жай калдыгын изилдөөдөгү маанилүү объектилердин бири - Туюк конушу. Бул объект Алайдагы Гүлчө

дарыясынын оң өйүзүндө табылган [Табалдиев К., Бозер Р., Москалев М., Солтобаев О., 2002, 2003]. .

Жогорудагы Тосор, Чап өңдүү коло доорунун, эрте темир доорунун маданий катмарларынан органикалык калдыктарды иргеп, археоботаникалык изилдөөлөрдү жүргүзүү, дан өсүмдүктөрүнүн калдыктарын (арпа, буудай, таруу) аныктоо менен бул багытта кечиктирилгис изилдөөлөрдүн жаңы келечектүү нугу ачылды. Археоботаника, палеозоология адистеринин тыянактары сезондуу көчмөндөрдүн (мал асыроочулардын) чарбасы жана алардын жарым отурукташкан, отурукташкан дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк, карапа өндүрүү, жыгач иштетүү, металлургия, зергерчилик иштери ж. б. менен алектенген өз чөйрөсүнүн өкүлдөрү менен тыгыз байланышы жөнүндө учурдагы көз караштарды өнүктүрүүгө жана жаңы актуалдуу түшүнүктөрдү калыптандырууга мүмкүндүк берет. Теңир-Тоодо ар кандай убакыттуу конуштар археологдордун жана табигый илимдердин (археоботаниктердин, палеозоологдордун, палинологдордун, генетиктердин) адистерин тартуу менен комплекстүү изилдене элек. Жыйырмага жакын абсолюттук датанын негизинде турак-жай калдыгындагы катмарлардан биринчи жолу коло доорунун алгачкы жана кеч мезгилдери жана коло доорунан эрте темир дооруна (Үч-Курбу, Чап) өтүү мезгилин бөлүп талдоого шарт түзүлүп отурат.

Кечээ жакынкы мезгилге чейин Кыргызстанда археологдор тарабынан усун дооруна (б.з. ч. II – б.з. II (III) кылымдарына туура келген турак-жай конуштары изилденип келген. Бирок туруктуу изилдөө жүргүзүлгөн эмес. Орто кылымдардагы турак жайларды, конуштарды, шаарчаларды казуу учурунда алынган маалыматтар боюнча отурукташкан турмуш сырттан көчүп келген согдиялыктарга мүнөздүү болгон деген пикир кеңири жайылган. Согдиялыктар келгенге чейинки дыйканчылык, отурукташкан чарба, карапачылык, металл эритүү, өндүрүү боюнча маселе Кыргызстан археологиясынын атайын изилдөө алкагына кирген эмес. Кызыл-Суу (Краснореченское городище), Бурана шаарларынын мүрзөсүндө жылкы менен көмүлгөн түрк тилдүү этностордун көмүлгөн жерлери табылган. Бул маселе Кыргыз ССРинин тарыхында кыскача эскертилген (1984, 267, 336-бб.).

Шаардын аймагынан табылган ат жабдыктары, үй жаныбарларынын сөөктөрү, мөмө-жемиш данектери жана дан эгиндеринин калдыктарынын табылышы шаарларда жана ага чектеш жерлерде комплекстүү чарба жүргүзгөн калктардын иш-аракеттерин көрсөтөт. Жазуу булактары ири шаарлардын калкынын эки тилдүү экендигин тастыктап турат.

Талас жазма эстеликтери тоо арасынан эмес, Айрытам-Ой сыяктуу отурукташкан калк жашаган, дыйканчылык, карапачылык, металлургия өнүккөн жерден табылган.

Теңир-Тоо өрөөндөрүнүн ичиндеги жана ага жакын жерлердеги шаарлардын ортосундагы аралык минималдуу жана бири-бири менен тыгыз байланышсыз болгон деп бүтүм чыгарууга мүмкүн эмес. Адистешкен экономикасы бар, эриш-аркак кылымдар бою жашаган калктарды турак-жайын изилдебей туруп «отурукташкандар» жана «көчмөндөр» деп көнүмүш адатка салып же жасалма түрдө бөлүү орундуу эмес. Түрк тилдүү этностор менен согдиялыктардын ортосундагы маданияттын синкретизминин бир канча кылымдык процесстери жалпыга белгилүү. Мындай чөйрөнүн карапачылык, металлургия, зергерчилик, курулуш менен байланыштуу тармактарын тигил этнос өкүлдөрүнө таандык деп аныктама берүү да негизсиз.

Теңир-Тоодо эл оозунда «таш короо» деген ат менен белгилүү эстеликтер боюнча жаңы изилдөө багыты ачылды. Алардын биринин маданий катмарларынан алынган мал сөөктөрү радиоуглероддук анализден өткөрүлүп, коло доорунан тартып кечээ жакынкы мезгилге чейинки мезгилдин издери так аныкталды. Таш-короонун жанында турак жайлар көп кездешет (Көк-Сай, Сөгөттү, Туюк-Жар). Ысык-Көлдөгү Тескей Ала-Тоо, Күнгөй Ала-Тоонун этектеринде дан эгиндерин себүү, өстүрүлүү үчүн даярдалган террасалуу участоктордун изин картага түшүрүү иштери жүрүп жатат.

Корутундулап айтканда, "көчмөндөрдүн" жана маданий тарыхы толук ачыла элек "отурукташкандардын" эстеликтерин чогуу изилдөөнүн натыйжасында Теңир-Тоо жана Жети-Суу эрте темир доорунун калкынын маданиятынын тарыхы кайрадан жандануууда. Теңир-Тоонун ички өрөөндөрү, ошондой эле Чүй өрөөнү сыяктуу тоого жакын, сууга мол түздүктөрүн аймагы чексиз талаа зонасы менен түздөн-түз салыштырууга болбойт. Тоо кыркаларынын ортосундагы ар бир өрөөн, тоо этектеринин көбү деңиз деңгээлинен 2000 метрден жогору эмес, көпчүлүгү мал багуу жана дыйканчылык үчүн ыңгайлуу. Аралык өрөөндөр 80 кмге чейин, 20 км кең эмес. Ар бир өрөөн суу, өсүмдүктөр менен камсыздалган. Өрөөндөр жана анын тегерегиндеги бийик тоолуу жайыттар мезгилдүү көчүүгө (жайкы, күзгү-жазгы) жана кыштоого ыңгайлуу. Азыркы учурда гана эмес, байыркы мезгилде да дыйканчылыктын өнүгүшү үчүн шарттар болгондугун археологиялык казуулар жана табылгалар аркылуу далилдөөгө болот. Материалдык калдыктар малчылар менен дыйкандардын ортосундагы терең байланышты көрсөтүүдө. Ага ылайык турак-жайлар табылган жердин тургундары өздөрүнүн мал асыраган тууганадарын дан азыктары, карапа идиштер,

металлдан жасалган буюмдар менен камсыз кылууга тийиш эле. Кеч күздөн тартып, эрте жазга чейин алар кыштоонун айланасында туруктуу тиричилигин эриш-аркак уланткан деп деп ойлоого болот.

Ландшафт археологиясы деп аталган багыттын ыкмаларын, усулдарын пайдалануу Теңир-Тоо этегиндеги илгерки маданият издерин учуучу аппараттын (дрондун) жардамы менен каттоонун жана алынган маалыматтар менен иштөөнүн артыкчылыгын көргөздү. Мисалы, Көк-Сайда 380 гектар жерде 900дөн ашуун археологиялык эстелик катталды.

Катталган эстеликтердин жарымынан көбүн маркумду көмүүчү жайлар түзөт. Калган жарымын таштан жасалган курулуштар, сугат арыктары, таш короолор, турак-жай калдыктары түзөт. Топтолгон маалыматтардын негизинде байыркы жана орто кылымдагы өздөштүрүлгөн жерлерди кайра элестетип түзүүгө болот. Учуучу аппараттан алынган маалыматтарды кошумча тактоо максатында аянтты жөө кыдырып тактоо жүргүзүлүүдө. Ушул изилдөө иштеринин натыйжасында жүрө-жүрө Көк-Сайдын жаратылыш чөйрөсүн өздөштүргөн калктардын маданиятын чагылдырган бардык объектилер: курулуштар, гидрокурулуштар, ырым аткаруучу жайлар топографиялык картага түшүрүлүп, изилдөө иштери улана берет

Жыл өткөн сайын Теңир-Тоо, Жети-Суу тоо этектериндеги археологиялык маалыматтардын көбөйүшү жыл мезгилине жараша ар кыл экологиялык шартта мал асыраган (сезондуу көчмөндөрдүн) жана туруктуу турак-жайларда тиричилик өткөргөн туугандарынын, уруулаштарынын бирдиктүү маданиятынын өнүгүшү жөнүндө изилдөөдө традициялык жана жаңы изилдөө ыкмаларын пайдаланууну талап кылууда.

## 4 бөлүм. VI – XVI кылымдардагы Теңир-Тоо калкынын маданияты

Теңир-Тоодо жана ага чектеш аймактардагы калктардын өнүгүү жолундагы кескин өзгөрүүлөр эрте орто кылымдардагы шаар куруу, архитектура, искусство, материалдык жана руханий маданияттын тез өнүгүшү менен мүнөздөлөт. Түрк тилдүү калктардын отурукташып, жер иштеткен калктар менен тыгыз өз ара байланышы тез өрчүп, өнүгүшүнүн жаңы доору башталат. Башка чөйрө, башка калктар менен байланышы тереңдегени менен алар өз маданиятын сактап, орто кылымдагы жалпы түрк маданиятынын алкагында өз алдынчалыгын сактап келген.

Кыргызстандын аймагында орто кылымдагы түрк тилдүү калктардын дөбөлөрү негизинен Теңир-Тоонун ички өрөөндөрүндө, Ысык-Көл, Чүй жана Талас өрөөндөрүндө изилденген. Мүрзөлөрдөгү дөбөлөрдүн саны 1ден 20га чейин жетет. Азыркы учурда Кыргызстандын аймагында 50дөн ашуун жылкы менен бирге көмүлгөн эстелик катталган жана изилденген. [Табалдиев, 1996, 16-18-бб].

Изилдөөчүлөр маркумду жылкы менен бирге көмүүнү орто кылымдагы түрк тилдүү калктардын туруктуу салты деп эсептешет. Бул пикир Кыргызстандын аймагындагы акыркы он жылдыктардын археологиялык изилдөөлөрүнүн натыйжалары менен да тастыкталды. Жылкы менен бирге көмүүдөн тышкары маркумдун өзү гана көмүлгөн учурлар да көп. Эки ирет жылкы ордуна койду, бир жолу бука менен бирге койгон учур кездешти.

Маркумду көргө чалкасынан жаткырышкан, колдору тулку боюна жанаша, буттары сунулган абалда жаткырышкан. Жылкы менен бирге көмгөндө, көбүнчө маркум жармоо көргө чыгышты, жылкы көрдүн кире беришине (чарасына) батышты баштандырып жайгаштырылган. Ошондой эле маркумду жана жылкысын бир багытта батышты көздөй же түндүк тарапка баштандырып койгон учурлар да бар. Теңир-Тоодо атайын жылкыны жабдыгы менен бирге көмгөн мүрзөлөр кездешет. Мындай мүрзөлөрдүн сырткы түзүлүшү маркум менен көмүлгөн дөбөлөрдөн дээрлик айырмаланбайт. Маркумду жылкы менен көмүү жөрөлгөсү б.з VI кылымынын экинчи жарымынан тартып, Түрк каганатынын негизделген учурунан тартып тарайт.

Теңир-Тоодогу сөөк коюучу жайлар аркылуу эрте орто кылымдагы түрк тилдүү калктар менен ага чейинки жергиликтүү калктардын маданияттарынын аралашуусу да болгонун баамдоого болот. Мисалы, мүрзө-дөбөнүн алдынан күлдүн, оттун, мал сөөгүнүн калдыгы кездешип калышы, маркум сөөгүн жармоо көргө жайгаштыруунун басымдуулугу – түрк каганаттары түзүлгөнгө чейин жашаган калктарга мүнөздүү көрүнүш. Нарындагы Чоң-Ноо, Айгыр-Жал эстеликтериндеги маркум сөөгүн казанак көргө (катакомбага) кире беришине жылкы сөөгүн жайгаштыруу, мурунку Кеңкол маданияты мезгилиндеги жөрөлгө менен жаңы VI кылымдан бери тарай баштаган жөрөлгөнүн айкалышып калганын көрсөтөт.

Адамдын жана аттын сөөгү коюлган дөбөлөрдүн арасында көмүлгөн жылкынын сөөгү гана кездешкен учурлар бар. Алар кенотаф катары каралышы мүмкүн. Мындай көмүүлөрдүн саны аз. Кочкор өрөөнүндөгү Бел-Саз жана Беш-Таш-Короо II көрүстөндөрүндө, Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү Теке-Таш

көрүстөнүндө жана Ысык-Көлдүн тескейиндеги Боз-Адыр көрүстөнүндө бирден казылган. Алардын мүрзөсүнүн тышкы түзүлүшү жылкы менен көмүлгөн дөбө-мүрзөлөрдөн дээрлик айырмаланбайт. Эгерде жылкынын жанынан ат-жабдыктан башка кишиге таандык буюм кошо коюлса, ал кенотаф – киши сөөгү жок каймана (символикалык) түрдө маркумга арналган мүрзө катары кабылданышы мүмкүн.

Эрте орто кылымдагы Беш-Таш-Короо көрүстөнүн изилдөөдөн кийин, жылкылардын скелеттери маркумду эскерүү үчүн курулган төрт чарчы коргончолордо көмүү жөрөлгөсү болгонун тастыктайт. Кийин ушундай эле коргончого көмүлгөн жылкы скелети Тоң районундагы Кош-Дөбө эстелигинен кездешкен. Ээри токулган бойдон табылган жылкы сөөгүнүн үстүнөн кемер кур, жаа жебелерин сала турган коломсок табылган.

Эрте орто кылымдагы сөөк коюу-эскерүү жөрөлгөсүндө жаныбарларды же анын айрым бөлүктөрүн пайдаланууда маркум жанына койдун толук бойдон же айрым сөөгүнүн коюлушу өзгөчө орунду ээлейт. Теңир-Тоодогу Сүттүү-Булак көрүстөнүн казуу учурунда аял сөөгүнүн жанынан койдун скелети табылган. Жогорудагы археологиялык далилдерди этнографиялык материалдар менен салыштырып изилдөөдө кызыктуу жыйынтыктар чыгары бышык. Биз буга чейин кыргыз этнографиясынан өлгөн адамдын ордуна же маркумдун жанына символдуу (каймана) түрдө койду көмүү жөнүндө бир нече мисалдарды келтирүүгө аракет кылдык.

**Маркумга арнап каймана (символикалык) түрдө тамак-аш калтыруу жөрөлгөсү.** Казуу учурунда маркум жанынан табылган жаныбарлардын сөөктөрү сөөк коюу каадасы менен байланыштуу, башкача айтканда, алар маркумдун урматына, аны көмгөндөн кийин каймана түрдө аткарылган ырым-жырымдын материалдык калдыктары болуп саналат. Жаныбар сөөктөрү мүрзө-дөбөлөрдү казып-тазалоодо, маркум көмүлгөн жердин үстүндө, көрдүн киришинде (чара, дромос), маркум сөөгүнүн жанынан табылат.

Экинчиден, көмүлгөндөрдүн жанынан табылган сөөктөр "маркум үчүн" коюлган каймана маанидеги тамактын калдыктары болуп саналат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, бул ырым Теңир-Тоодогу ар бир доорго мүнөздүү, ал – белгилүү бир чөйрөдөгү туруктуу мүнөзгө ээ жөрөлгөнүн далили. Ошону менен бирге объективдүү себептерден улам өзгөрүлүп турган. Мүрзөдөгү маркум менен бирге тамак-аш калтыруу жөрөлгөсү илгертен бери эле башталган. Биздеги маалымат боюнча, Теңир-Тоодо коло доорунан тартып белгилүү. Тамак-аш калтыруу маркумду жарык дүйнөдөгүдөй зарыл болгон нерселер менен камсыз кылуу аракети менен, экинчи жагынан узатуу маалындагы ага болгон боорукер мамиле,

ага атайын көңүл буруу жана урматтоо менен байланыштуулугу боюнча көптөгөн изилдөөчүлөрдүн пикирлери бар.

Биздин изилдөөлөрдө байыркы жана орто кылымдагы калктардын сөөк коюу жөрөлгөсүндө жаныбарлардын сөөктөрүн жана жаныбарлардын түрлөрүн маркумдун көмүү жөрөлгөсүндө колдонушун көрсөткөн көп жаңы табылгалар топтолгон. Ар бир тарыхый доордогу ырым-жырымдын туруктуу өзгөчөлүктөрү жөнүндө маалымат азыркы учурга чейин чогултулууда.

Маркум жанына жаныбарлардын сөөктөрүн калтыруу коло доорунан тартып байкалат. Бирок табылгалар аз санда болгондуктан, жаныбардын кайсы бөлүгү туруктуу түрдө калтырылганын айтуу кыйын. Б.з. ч. I миң жылдыктагы эстеликтерде койдун куймулчагы көп учурда аял кишилердин жанынан жолугат. Жылкынын учасы мансаптуу эркек сөөгүнүн жанына коюлганы боюнча далил бар. Алар Кочкор өрөөнүндө археолог А. Абетеков тарабынан Бугучунун мүрзө-дөбөлөрүн  казууда кездешкен. Бул 2022-жылы А. Абдыканова жетектеген Боз-Бармак эрте темир дооруна таандык эстеликтеги маалымат менен толукталды.

Б.з. миң I жылдыгынын биринчи жарымында жармоо жана казанак (катакомба) көрлөргө сөөк койгон калктарда каралып жаткан жөрөлгө жаңы сапатта уланган. Теңир-Тоодо жана Алайда улуу көч доорундагы дөбөлөрдү казууда маркум жанынан көбүнчө куймулчак, далы, омурткалар, кашка жилик кездешкен. Жото жилик, кабыргалар аз учурайт. Жалпы Теңир-Тоо, Алай жерлери боюнча талдаганда, ар бир көрүстөндө айырмалары байкалып турат.

Ушул мезгилдеги айрым дөбө-мүрзөлөрдө майда мүйүздүү малдын, жылкынын баш сөөгү табылган.  Арпадагы Бурама-Чап көрүстөнүндөгү көрдүн кириш жагы таш плиталар менен жабылып, плита үстүндө аттын эки баш сөөгү жаткан. Кызарт мүрзөсүндө адамдын сөөктөрүнүн арасында майда мүйүздүү малдын баш сөөгү болгон. Үй жаныбарларынын баш сөөктөрү сак-усун мезгилиндеги Теңир-Тоо дөбө-мүрзөлөрүндө сейрек учурайт. Соң-Көлдөгү Чоң-Дөбө мүрзө-дөбөлөрүн казууда чарчап калган наристелердин, балдардын жанынан койдун жамбаш сөөгүнүн оюкчалуу тарабы табылган.

Эрте орто кылымдарда маркумдун жанына тамак-аш калтыруу жөрөлгөсүндө өзгөрүү байкалып турат. Койдун жото жилигинин маркум жанына жайгаштырылышы эрте орто кылымдагы жылкы менен бирге көмүү салтын Теңир-Тоого алып келген түрк тилдүү калктар менен байланыштуу. Бул фактыны биз Кочкор өрөөнүндөгү эрте орто кылымдагы Беш-Таш-Короо, Бел-Саз, Ысык-Көлдөгү Боз-Адыр  көрүстөндөрүнөн көп ирет байкадык. Жото жилик маркумду эскерүүдө курулган коргончолордо да учурайт. Беш-Таш-Короо мүрзөсүндөгү

тосмонун борбордук бөлүгүндө туурасынан жайгаштырылган эки плитанын астында бирден жото жилик (чүкөлүү жилик) табылган [Табалдиев, 2013, 157-167].

Жогоруда эскерилгендей, эрте орто кылымдарда Теңир-Тоого жылкы менен көмүү салтын тараткан түрк тилдүү калктардын келиши менен маркумду көмүү каадасында бир өзгөрүү болот. Маркумдун жанына койдун жото жилигин (чүкөлүү жиликти) жайгаштырышат. Дал ушул жөрөлгө кийин XII-XIV кылымдарда Борбордук Азияда, анын ичинде Теңир-Тоодо кеңири жайылат. Бул белгини башка аймактардын жөрөлгөлөрү менен салыштырып көрүп, анын Байкал көлү, Монголия тараптагы жөрөлгө менен окшоштугун билдик. Аталган жерде изилдөө жүргүзгөн окумуштуулар аларды өзүнчө топко бөлүп «эрте монгол» эстеликтеринин мүнөздүү белгиси катары көрсөтүп келишкен. Бирок бул ырым, биздин маалыматтар боюнча, б.з. VII-VIII кылымдарындагы Теңир-Тоодогу түрк тилдүү калктардын чөйрөсүндө мурда эле тараганы аныкталды. Ал Алтайдын эрте орто кылымдагы түрктөрдүн маркум көмүү жөрөлгөсүндө сейрек кездешет. Мезгили боюнча жөрөлгө монгол эмес, түрк тилдүү калктардын чөйрөсүндө калыптанган. Бул жөрөлгө жалпы Теңир-Тоодо, Борбордук Азияда кийин бир нече кылымдар бою уланып келген. Анын таралышы бир жол эмес, бир канча ирет болуп өткөн түрк каганаттары доорунда жана монгол чапкынына чейин, андан кийинки доорлордо батыштан чыгышка жана чыгыштан батышка Саян-Алтай тоолору менен Теңир-Тоонун ортосунда миграцияга илебине туш болгон урууларга мүнөздүү болгон.

Мезгил ченеми боюнча алганда, Чыгыш түрк каганаты урагандан кийин, же кийинки 840-жылдардагы окуялардан кийин эриш-аркак жашаган түрк-монгол чөйрөсүндө каада-салттардын аралашуусу болуп өтөт. Натыйжада монгол урууларынын бир бөлүгү түрк тилдүү калктардын маркум жанына коюлуучу жото жиликти жайгаштыруу жөрөлгөсүн кабыл алышкан.

Археологиялык булактарга кайрылсак, бул жөрөлгөнүн келип чыгышын он ок элинин (батыш түрктөрүнүн) маркумду узатуу жөрөлгөсүнөн так байкайбыз. Мындай туруктуу белгилер бизге түрк-монгол элдеринин маданиятында окшош сапаттарды калыптандыруу жолдорун табууга жардам берет.

XII-XIV кылымдарда маркумдун башына койдун жото жилигин жайгаштыруу уланат. Кээде жото жиликтин жанында койдун далысын жайгаштыра башташат. Мындан тышкары, аялдардын жамбаш тушундагы омуртканын алдынан койдун эки же үч омурткасы жайгаштырылган чуңкурлар табылган. Археологиялык далилдер бир нече жолу көрсөткөндөй, койдун

сөөктөрү эрте орто кылымдагы түрк тилдүү калктарга мүнөздүү болуп, кийин түрк-монгол чөйрөсүндө андан ары өнүгүү жолунда болгон.

Ислам динин таасири менен бул жөрөлгө өзгөрөт. Маркумдун жанына буюм-терим, ритуалдык тамак коюуга тыюу салынат. Ошентип, археологиялык далилдер байыркы ырым-жырымдарды, үрп-адаттарды, материалдык жана руханий маданияттын салттуу элементтерин акырындык менен калыбына келтирүүгө мүмкүндүк берет. Мындай жөрөлгөнүн бири жогоруда кеп козголгон символикалык түрдө «маркумду тамак менен камсыздандыруу» менен байланыштуу.

Байыркы түрк доорундагы дөбө-мүрзөлөр жайгашкан жердин айланасында маркумду эскерүү жөрөлгөсү менен байланыштуу эстеликтер – айкелдер (балбалдар) орнотулган жер болот. Алар атайын жасалган коргончонун батыш тарабына орнотулат. Алар сөөк коюучу жай менен бирге түрк калктарынын маркумду-көмүү-эскеруу каадаларын чагылдыруучу бирдиктүү комплексти түзөт.

Азыркы учурда Кыргызстанда 700дөн ашуун б.з. VI-IX кылымдардагы бедизчилер (скульпторлор) даярдаган айкелдер катталган. Айкелдерди орнотулган жеринде каттоо, изилдөө аркылуу толук маалымат алууга болот. Мисалы, айкелди коомдогу ээлеген ордуна жараша даярдашкан. Ысык-Көлдөгү Тоң жергесинде өзгөчө кадыр-барктуу адамдар үчүн көлөмдүү жана жогорку чеберчиликте даярдалган, көлөмдүү айкелдер жайгашкан жерлерди издөөдө ийгиликтер бар.

Айкелдердин басымдуу бөлүгүндө мурутчан, кемер курунда кылыч-канжарлары эркектердин элеси чагылдырылган. Аялдардын айкелдери аз кездешет.

Өзгөчө «үч мүйүздүү таажычан» айкелдер көңүлдү бурат. Алар байыркы түрк тилдүү калктардын ишениминдеги Умай образын чагылдырат деген пикир бар [Сагалаев, 1993, 53-57-бб]. Алар түрк элдеринин ишениминдеги жоокерлердин, балдардын колдоочусун, канышанын образын чагылдырат деген да пикирлер бар. Тараган аймагы - Теңир-Тоо, Жети-Суу Чыгыш Теңир-Тоо (Чыгыш Түркстан). Азыр отуздан ашуун «таажычан» айкел эсепке алынды. Таажылуу образ Теңир-Тоодогу Сүттүү-Булак эстелигинде табылган сөөккө тартылган сүрөттө, Чу-Иле тоосу тараптагы айкелдин курсак тушунда чагылдырылган [Рогожинский].

Айкелдердин бир «кимак-кыпчак» тибиндеги айкелдер деп шарттуу аталган Ермоленко, 2004] түрү Нарын дарыясына жакын жерлерде (Эки-Нарын, Ак-Талаа

районундагы Кош-Дөбө айылынын айланасында), Ысык-Көлдүн чыгыш тарабындагы Жыргалаң дарыясынын агымына жакын жерлерде, Соң-Көлдө, ошондой эле Талас өрөөнүндө жолуккан. Жайгашкан жерлерине караганда алардын көрсөтүлгөн аймактарда көп топтолгонун билдирет. Ак-Талаа өрөөнүндө аларды көбүнчө «келин таш», же «кемпир таш» деп аташат. Алар Казахстандын түштук табабындагы архелог А. Досумбаева изилдеген Мерке тоолорундагы айкелдерге жакын.

Байкоого караганда кимак-кыпчак тибиндеги айкелдер жалгыз мүрзө-дөбө сыяктуу дөбөнүн жанына жана бир дөбөнүн үстүндө бир канча айкел орнотулган. Ушундай абал Казахстанда көп учурайт.

Ушул түзүлүштөгү айкелдер эрте темир доорундагы жоокерге арнап төрт бурчтуу коргончолордун жанына орнотулган эмес. Курал-жарактуу оң колунда кармаган белгилер дээрлик жок. Эки колу менен курсактын деңгээлинде цилиндр сымал идиш кармаган аял кейиптуу айкелдер басымдуулук кылат.

**Маркумду эскерүү жөрөлгөсү үчүн курулган коргочолор.** Маркумду эскерүү үчүн орнотулган айкелдер ар дайым төрт чарчы, жээги кырынан орнотулган таштар менен коргондолгон эстеликтин батыш тарабынан табылат. Эстеликтердин бул эки түрү эрте орто кылымдагы түрк тилдүү калктардын маркумду эскерүү адатын аткарылна жерде сакталган материалдык калдыктар болуп саналат. Эгерде ушундай коргончо табылса, демек ал жерде мурда айкел орнотулган жер болгонун болжоого болот. Тескерисинче айкел баштапкы жеринен жылдырылса дагы жакын арада коргончонун орду изделет.

Азыркы учурга чейин Кыргызстандын аймагында археологдор тарабынан 60ка жакын маркумду эскерүү үчүн курулган коргончолор табылып изилденди. Айкелдер коргончонун батыш, түндүк-батыш же чыгыш тарабында орнотулган. Батыш жана түндүк-батыш тарабында айкелди орнотуу аларды Алтай, Тува жана Монголиянын эскерүү эстеликтеринен айырмалап турат. Ал жерлерде алар тосмолордун чыгыш тарабына орнотуу адат болгон.

Эскерүү жөрөлгөсү аткылуучу коргончолорду казууда маркум сөөгүү кездешпейт. Ырым аткаруу учурунда от жагылганын далилдеген күл, жыгачтын көмүрү катталган. Алардын табылганына караганда эскерүү аземдерин өткөрүүдө отко өзгөчө маани берилген деген тыянак чыгарууга болот.

Кээде коргончонун ичиндеги чуңкурда жылкы скелети толук бойдон табылат. Азыркы күндө беш учур катталган. Ат токулган, жүгөндөлгөн бойдон, чуңкурга көмүлгөн. Маркумду эскерүү процессинде курмандыкка чалынган жаныбарларды бүттарын бүгүп, жаткан абалда жайгаштырышкан. Мисалы,

Ысык-Көлдөгү Кан-Дөбө шаарчасынын батыш тарабындага Кош-Дөбөдө жыйырмага жакын коргончолор бири-бирине ыкташ курулган. Биринен токулган, жүгөндөлгөн абалда жаткырылган жылкы скелети казылган. Үстүндө жебе салына турган коломсок жана кемер кур табылган. Коргончонун ичиндеги чуңкурда табылганына ылайык жылкыны маркум жоокерди эскерүү зыйнаты учурунда курмандыкка чалып көмгөнү көрүнүп турат. Жоокердин буюмдары бирге табылгандыктан жоодон кайтпай калган маркумга да арналышын болжолдоого болот.

Эстеликтер курула турган жерди тандоого өзгөчө маани берилип, кенен, тегиз, бийик, түзөң жерлер, тандалып алынган. Жүрө-жүрө алар ата-бабаларды эскерүүчү ардакталган жерлерге айланган.

Ислам динин кабыл алуу менен Теңир-Тоо жана коңшу жаңы дин тараган аймактарда айкел, коргончо куруу жөрөлгөсу токтогон. Бирок, маркумду эскерүү жөрөлгөсү, ата-бабалардын рухтарын урматтоо салты да жок болгон деп айтууга болбойт; алар өзгөртүлгөн түрдө улана берген. Жаңы диндин таасири астында эскерүү жөрөлгөсү жаңы формага ээ болот: таш коргончолордун ордуна маркумдун мүрзөсүндө күмбөздөр, сагналар, араб графикасы менен жазылган эпитафия эстеликтери (кайрактар) тургузулат.

**Теңир-Тоонун орто кылымдагы малчыларынын чарбасы жана руханий маданияты.** Борбордук Азиянын ар кандай, экологиялык шарттарында жашаган уруулар байыркы доордон бери чарбанын ар кандай түрлөрүн өздөштүрүүгө адистешкен. Жылуу аймактарда, оазистерде жер иштетип, дыйканчылык менен алектениши шек жаратпайт. Теңир-Тоонун этектеринде, ички жылуу өрөөндөрүндөө дыйканчылык жана мезгилдүү көчмөн мал чарбачылык удаа өнүккөн.

Дыйкандар менен малчылардын туруктуу байланышы илгертен бери келе жаткан салтка айланган. Коло доорунда жана темир доорунун башында дыйкандар менен малчылардын өз ара аракети байкалган. Мезгилдүү көчмөн түрк тилдүү калктар менен дыйкандардын ортосундагы туруктуу байланыш мезгил-мезгили менен көчмөндөрдүн акырындык менен отурукташуусуна алып келген. Тоо этектериндеги конуштарда жана шаарчаларда аралаш калк жашаган. Түрктөр менен согдиялыктардын ортосунда аралаш никелер болгон. Жазма Хрониканын авторлору Чүй өрөөнүндөгү шаарлардын жашоочуларынын эки тилдүүлүгүн өзгөчө белгилешет, Бир жердеги эриш-аркак мамле түрк тилдүү калктардын жана согдиялыктардын тыгыз байланышына алып келген. Шаарларда жанан анын айланасында эки тилде сүйлөгөн калктын аралаш топторунун түзүлүшүнө алып

келиши мүмкун эле. Бир нече кылымдар бою уланып келген бул байланыш Караханид каганаты кулаганга чейин уланган мамиле өз ара байланыш түрк тилдүү калктардын арасына согдулуктарды сиңирген [Махмуд Кашгари].

Ар бир аймактагы жыл мезгилине жараша мал асыроонун өзгөчөлүгү климаттык шарта байланыштуу болгондуктан үч зонада ишмердүүлүк өздөштүрүлгөн. Кыштоо үчүн мээлүүн, кышкы жайыттуу жерлер тандалып алынган. Кыштоо менен жайлоонун ортосунда жаздоого жана күздөөгө арналган жерлери болгон. Күн жылып жайлоого чыгаарга чейин жана жайлоонун абасы сууганча туруп күздөй турган жерлерге көчүп келишкен. Археологиялык маалыматтарга караганда жыл мезгилине жараша орун которуу коло доорунна тартып калыптаган баштап, эрте темир доорунда, орто кылымдарда уланган.

Мал асыраган түрк тилдүү калктар негизинен жылкы жана кой-эчки багышкан. Кыштоолорго жакын шаар жергесиндеги казууларда табылган мал сөөктөрүнүн курамы дал ушул жаныбарлардын сөөктөрү түзөт. Жылкы унаа катары пайдаланылса, жалпы мал эми тамак ашка, териси иштетилип бүт кийим, идиш жана башкаларга керектелген. Жылкы маркумду көмү салтында пайдаланылган. Түрк элдеринин фольклорунда жылкы образы адам жашоосу менен тыгыз байланышта болгону чагылдырылат.

Орто кылымдагы петроглифтерде жаа тартып аңчылыкты чагылдырган сүрөттөр бар. Кочкордогу Көк-Сай жеринен табылган бир сүрөттө ичке узун баштуу, куйругу чагарак сымал ийилген тайган түспөлдүү иттердин сүрөттөрү табылган. Аңчылыкта тайгандар тоо эчкилерин, аркарларды жарга такап айдай алышкан. Тайган коро-жайды, малды кайтаруучу ит эмес. Алар адамга берилген, аңчылыкка жакын.

Орто кылымдагы Теңир-Тоодо жашаган калктардын экономикасында майда өндүрүш, тиричилик менен байланыштуу бычак, бүлөө, оттук таш, ийиктин башы өңдүү буюмдар кездешет.

Эрте орто кылымдын маданиятын изилдөөдө сөөктөн жасалган буюмдарга жана сөөккө оюп, чиип тартылган сүрөттөргө өзгөчө көңүл бөлүндү. Суттүү-Булак эстелигинен табылган табылга Тенир-Тоонун орто кылымдагы түрк тилдүү калктарынын искусствосун изилдөөнүн жаңы барагын ачып, Борбордук Азияны мекендеген түрктөрүнүн орто кылымдагы археологиясы боюнча адистердин көңүл чордонуна алынды. Сөөккө тартылган үч мүйүздүү баш кийим кийген аял сындуу кейипкердин жана анын жанында тартылган эркек сындуу кейикерлердин образдарынын жайылган аймактары аныкталды. Ал көрүнүш Балхаштагы айкелде, Батыш түрк каганатынын тыйындарында кездешти.

Албетте, сөөккө тартылган образ орто кылымдагы түрк калктарынын руханий маданиятында маанилүү ролду ойногон каармандын образы. Сүттүү-Булактагы эки сөөккө тартылган сүрөттү бирге талдаганда, ал жоокердин колдоочусу сымал кабылданат. Ташкент оазисинен, Чүй жергесинен табылган Батыш түрк каганатынын тыйынында каган менен каныша тартылгандай туюлат [Babayar, 2007, c. 66-69; Бабаяров, 2007, с. 14-15; Камышев] . Балхашта табылган айкелдин курсак тушунда тартылган ушул эле эки адамдан турган көрүнүш бул теманын Он ок элинин маданиятында, алар ээлик кылган территорияда кеңири жайылгандыгынын далили [Рогожинский, 2010, рис. 8]. [Табалдиев, 1996, 60, 69-70-бб]. Эскертилген табылгалар эки адам тартылган сценанын мааниси биз башта болжогондон да кеңири, ошол көрүнүштүн түрк тилдүү калктардын идеологиясында өзгөчө ардакталган тема болгондугунун көрсөтүп турат.

**Түрк тилдүү калктардын рун сымал жазуулары** Эрте орто кылымдан тартып Кыргызстанда жана чектеш аймактарда ар кандай жазуу түрлөрү тараган. Алардын бири – түрк руна сымал (рун сымал?) жазуусу түрк тилинде сүйлөгөн калктардын мамлекеттин турмушунда жана руханий маданиятында орчундуу орду болгон. Табылган жазуулардын негизги бөлүгү эскерүү салтын изилдөөдө үчүн булак болуп саналат. Тексттерди изилдеген окмуштуулардын пикирине караганда Теңир-Тоо, Жети-Суудагы руна жазууларынын тили Енисейдеги, Алтайдагы жазуу тилине окшош жана алардын кеңири аймакта таралганын көрсөтөт.

Батыш түрк тилдүү калктары рун сымал жазууну канча убакытка чейин колдонушканы так белгисиз. Ал араб алфавити келгенден баштап которулган деп эсептелет. Кандай гана айтылбасын "«орхон алфавитинин бар экендиги жөнүндө Махмуд Кашгарский эч нерсе билген эмес» [Бартольд, 1968, 209-бет]. Кыргызстандын орто кылымдагы түрк рун сымал жазууларын изилдөөнүн башталышы 1895-жылы чыгыш таануучу В.В. Бартолддун демилгеси боюнча Түркстан археологиясын сүйүүчүлөр ийримин түзүү менен байланыштуу. Азыр Кыргызстандын аймагында руна жазуулары сакталып калган 50гө жакын эстелик бар. Талас өрөөнүндө 20 жазуу табылды. Алардын ичинен көлөмдүү сай таштарда 12 жазуу, аскаларда 7 жазуу, бири жыгач таякчада, бири маскада.

Таластагы 12 жазуунун негизги бөлүгүн мааниси жагынан бири-бирине жакын «эпитафиялык лирика» деп шарттуу аталган таштагы жазуулар түзөт. Чачыкей жана Куру Бакайырдан табылган аска таштарда жердин аталышы, адамдын аты же наамы гана көрсөтүлгөн. Тюрколог С.Г. Кляшторныйдын баамында Ачык-Ташта табылган жыгачтагы жазуу түрк рун сымал жазууларынын чыгыш-европалык вариантына жакын. Мазмуну кат сымал. Талас

районунун Жон-Арык айылынын түндүк тарабында 2002-жылы он экинчи жазуу эстелиги табылган [Табалдиев, 2002]. Текстти түрколог Р.Алимов төмөндөгүчө окуган.

1. (Бул) сыйынуу ташы, о, кайгы, Аны үчүн.
2. (Анын) өзү, (анын) кулдары, (анын) казынасы калган жок.
3. Оо, кайгы, аялы ачка, анын ую ачка калды.
4. (Анын) уруусу инисинин уулу менен бирге
5. калды...

Таластагы жазуулардын эң көрүнүктүүлөрү Айрытам-Ой жазуулары Жон-Арык айылынын түндүк тарабында). Тоо этегинен 4 км алыс түздүктүү, азыркы учурда айдоо аянтына айландырылган, орто кылымдагы турак-жай ордулары жайгашкан жер. Талас жазуусун жараткандар тоолордун арасында эмес, калктуу конушта – жер иштетүү, карапачылык жана металл иштетүү өнүккөн жерде жашашкандай пикир туюлат.

Соңку жазуу Талас өрөөнүнүн күн чыгыш тарабындагы Талдуу-Булак айылынын айланасынан табылган айкелдин моюн тарабындагы жазуу болуп саналат.

Кочкор жазуулары Кочкор өрөөнүнүн түштүк-чыгыш бөлүгүндө 1998-2010-жылдар аралыгында ачылган. Алар тууралуу маалымат 30дан ашуун басылмаларда жергиликтүү жана чет элдик басылма беттеринде автор жана археолог түрколог кесиптештер тарабынан жарыяланган. Жазуулар Терскей Ала-Тоо кыркасынын батыш этегиндеги Көк-Сай, Бөйрөк-Булак, Тик-Булак,Төө-Карын, Көк-Бука жерлеринде табылган [Табалдиев, Солтобаев; Табалдиев, Абдиев]. Тексттер тюркологдор С. Г. Кляшторный [Клякторный, 2001, 73-71-Б.], А. К. Аманжолов [Аманжолов, 2001, 97-100], Р. Алимов [2003], И. Л. Кызасов [Кызласов, 2005, 54-65-бб] тарабынан окулган.

Биринчи ирет негизги жазууну окуп, которгон профессор С.Г. Кляшторныйдын транслитерациясы жана негизги тексттин котормосу: "эр атым Адык ал Ок Ярышым" - "Менин эркек (баатыр) ысымым Адык. Менин (биздин), Йарыш он ок өлкөсүндө. С. Г. Кляшторныйдын пикири боюнча, алар маркум болгон адамдын – Адыктын атынан жазылган, анын Он ок элинен болгону көрсөтүлгөн. Эки учурда, жазуулар чоң көлөмдөгү сүрөттөр менен коштолуп, колунда алгыр куш кармаган, сыягы, Адыктын өзү чагылдырылган.

Кочкор өрөөнүнүн түрк руникалык жазууларынын негизги бөлүгү ар кандай редакциялардагы бир эле текст болуп саналат. Көк-Сайдын чыгыш тарабындагы Калмак-Таш жергесинде «эр атым Билге» деген түрк рун жазуусу табылган. Бул жазуунун өзгөчөлүгү – солдон оңго карай жазылып, окулат. Негизи түрк калкатрынын рун сымал жазуулары оңдон солго карай жазылып, окулат.

Ысык-Көл жазуулары. 2008-жылы Тескей Ала-Тоо кыркаларынын чыгыш тоо этектеринде, Чийин-Таш аймагында түрк руникалык жазуунун уникалдуу эстелиги табылган [Tabaldiev, Alimov, Belek, 2010, 267-271; Табалдиев, Белек,

2008, с. 93-94; Табалдиев, Белек, 2008, 93-94]. Түркolog Рысбек Алимов өзүнүн окуу варианты боюнча: «Теңриде (асманда) жайгашкан Көр Тегиндин үнү жана анын аты окшош». Түрколог Н.Усеев тексттердин башталышы Алтайдагы Эломан жазуусуна окшош (84).

Мезгил мезгили менен Кыргызстанда түрк рун сымал жазууларынын тараган аймакары кеңейүүдө.

2018-жылы Жалал-Абад облусунун, Токтогул районунун Саргата айылында мүрзө казылып жаткан жерден табылган көлөмдүү чоподон жасалган идиштин (хум) ооз тарабында 11 тамгадан турган жазуу табылды. Ичке курал менен ныгырып жазылган. Тюрколог Т.Абдиевдин окуп, которгону боюнча *йонык кылыкы,* башкача айтканда *«жонуп жасалган»* деген сөз айкалышы жазылган.

Ысык-Көлдүн чыгыш тарабындагы соңку жазуу, Сары-Жаздагы Кайыңды аттуу жердеги көлөмдүү таш бетинен табылды. «Теңир» деген жалгыз тест жазылган.

1928-жылы археолог А.И. Тереножкин тарабынан Чүй өрөөнүндөгү Ысык-Ата капчыгайынын чыга беришиндеги Сынташ айылынан жонунда эстелик жазуусу бар таш плита орнотулуучу таш баканын айкелип тапкан [Тереножкин, 1935, 146-бет]. Таш Таш бака сымал келбеттеги мындай негиз азыркы Монголия жериндеги Чыгыш түрктөрүнүн ак сөөктөрдүн урматына тургузулган стеликтери менен салыштырууга болот. Сынташтагы археологиялык чалгындоо иштеринде жазуусу бар плитанын өзүн табууга мүмкүндүк боло элек.

Уруулардын тамга-белгилери ар кандай мезгилдеги петроглифтердин арасында кездешет. Пероглифтер жайгашкан жерлер менен байланышпаган жерлерде да учурайт. Салыштырмалуу орто кылымдагы түрктөрдүн тамгалары салыштырмалуу көп. Буга чейин тамгалар Талас өрөөнүндө (Жалтырак-Таш), Алай өрөөнүндө (Бүлөлү), Ысык-Көлгө жакын жерде (Ак-Өлөң) [Шер, Миклашевич...1987, рис. 10, 1; Шер, Советова, 1995; Самашев, графитти; Жумагулов, 1987, таб. XV; Табалдиев, Бозер, Солтобаев, 2000, 89-бет] кездешкен. Кочкор өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө түрк руна жазуулары табылгандан кийин рун сымал тексттерди коштогон же аларга жакын жерге түшүрүлгөн тамгалардын тобу белгилүү болду [Табалдиев, 2003, сүрөт. 7, 12-13; Табалдиев, Солтобаев, 2001, 68-73-бб; Табалдиев, Жолдошов, 2003, 125-132-бб]. Алардын учтары ар башка тарапка ийилген (лира музыкалык аспабы сыяктуу) формага окшош, бир тарабында таякчасы бар. Тамгалардын көлөмү дээрлик бирдей, негизги бөлүгүнүн узундугу 10-25 см түзөт.

Түрк руникалык тексттери табылган ажерлердеги уруулардын тамгаларынын жалпы окшоштугу алардын алардын бири-бирине жакын мезгилде ташка чегилгендигин билгизип турат. Изилдөө учурунда Кочкор жергестнде (Кыргызбай-Булун), Ысык-Көл өрөөнүндө (Тосор, Дон-Талаа, Карой), Алайда (Бүлөлү) жаңы, башта белгисиз тамгаларды табууга мүмкүн

болду. Аталган жерлерде табылган жаңы тамгалар эки тараптуу илгич түрүндө. Окшош тамгалардын тараган чөйрөсүн картага түшүрүп, уруу тамгаларынын жазуулар менен болгон байланышын эске алып, биз аны орто кылымдагы Теңир-Тоодогу түрк урууларынын бир чөйрөсүнө байланыштыруу мүмкүн. Көк-Сай жазуусундагы Он ок деген жазуу жана тамга бир ташка түшүрүлүшү буга далил болуп саналат.

Окшош тамгалар, уруулук символдор археологиялык жана этнографиялык адабияттарда белгилүү. Көрүнүшү жакын тамгалар Монголиядан тартып Кара Деңизге чейинки аралыкта хуннулардын доорунан баштап кездеше баштайт [Новгородова, ]. Азыркы учурда орто кылымдарда, ислам тараганга чейинки Евразия мейкиндиги боюнча таралышынын чектери такталып, алардын бир доордо, белгилүү аймакта жайылышына байланыштуу пикирлер жаралууда [Тамги...]. Тамгалар көп ачылып картада белгилениши менен алардын жакындыгын, айрмасын, келип чыгышын аныктоо үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр ачылып келе жатат.

Кочкор өрөөнүндө табылган тамга Батыш-Түрк каганатынын тыйындарында белгиленген тамгаларга жакын. Мисалы, "каган" наамы бар чач оазисинин моneталарынын арасында лира сымал тамга түшүрүлгөн [Бабаяров, 2007, 36-бет]. Айрым орто кылымдардагы түрк тилдүү калктардын тамгалары жүрүп отуруп XX кылымга дейре кыргыздарда, казактарда жана алтайлыктарда [Винников, Joseph Castage, Сагалаев, Самашев,] кездешкен.

**Аска таштагы сүрөттөр.** Орто кылымдагы түрк тилдүү калктардын сүрөттөрүнүн үлгүлөрү алгач изилдөөчүлөр тарабынан Таластагы Урмарал дарыясынын жогору жагында, Жалтырак-Таш эстелигинде [Шер ж.б.] изилденип жарыяланган. Изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча эрте орто кылымдагы түрк тилдуу калктардын петроглифтеринде жөө же атчан жоокердин образы өзгөчө мааниге ээ. Аска таш бетине чийип тартылган (граффити). Байыркы сүрөттөрүнө караганда так жана даана тартылган. Сүрөттөгү кейипкерлер менен жанындагы жаныбарлардын дене түзүлүштөрү, кыймылдары туура берилген.

Кийинчерээк Кочкор өрөөнүндө ташты чегип көлөмдүү сүрөт түшүрулгөн жерлер табылды. Алардын бир бөлүгү байыркы түрк рун тексттери менен коштолгон. Көк-Сай аймагынан көрүнүшү жагынан бири-бирине окшош, бирдей ыкма иенен чегилген, колуна куш кондурган, башына туулга кийген атчан жоокерлердин төрт сүрөтү табылып көчүрүлдү. Эки сүрөт бир эле мазмундагы жазуулар менен коштолгон. Алардын бир доордо, бир элге таандык богону кошо чегилген уруулук тамга да күбөлөндүрөт.

Теңир-Тоодо, Жети-Сууда табылган түрк дооруна таандык сүрөттөр Саян-Алтайдагы, Енисейдеги түрк тилдүү калктардын сүрөттөрүнө мүнөздөш,

басымдуу бөлүгү ичке чийиндер аркылуу тартылган (графитти). Баары жалпы борбордук-азиялык түрк тилдүү калктардын айрым этнографиялык белгилерин чагылдырат. Айрыкча, өрүлгөн чачтары жоокерлердин түрк журттуу калктын өкүлдөрү болгонун айкындап турат.

Чыгыштагы жана батыштагы түрк калктарынын маданиятынын бирдейлигин петроглифтер кошумча ирет аныктоодо. Сүрөттөгү кейипкерди, окуяны чындыкка жакындатып (реалдуу) чагылдырууга болгон аракет эки аймакта тең бирдей. Экөөндө тең негизги каармандар катары атчан же жөө жоокер образы даңазаланат. Алардан башка аңчылык, жаныбар сүрөттөрү боюнча маалыматтар бар.

**Тоолорго сыйынуу (табынуу) менен байланышкан жерлер.** Жазма булактарга ылайык, орто кылымдагы түрк тилдүү калктардын сыйынган, ырым аткарган жерлери болгон. Мисалы, жазма булак боюнча Чүй өрөөнүнүн орто кылымдардагы Суяб шаарынын түндүгүндө Цзядан тоосу жайгашкан. Ал жерде он уруунун каганынын (Батыш түрк каганаты) башчыларды жана аскер командачыларды дайындоо адаты болгон [Лубо-Лесниченко, 115-бет]. Алар Токмок шаарынын түндүк тарабында, Чүй дарыясынын (Казакстан Республикасынын аймагы) артында жайгашкан, "Ыйык-Тоо" - ыйык тоо деген аталышы сакталып калган бийик тоо кыркалары болсо керек.

XI Фарсы тарыхчысы в. Абу Саид Абд аль-хай аль-Гардизинин эмгегинде түрк жана жикил уруулары жөнүндө маалымат бар. Алардын айылдарынын бири тоонун жанында жайгашкан. Түрктөр бул тоого сыйынып, ант беришет жана "бул эң жогорку Кудайдын үйү" дешет; бизди мындай сөздөрдөн куткарсын! [Гардизи, ].

«Диван-лугат тат-түрк» аттуу гениалдуу эмгектин автору Махмуд Кашгари (Барскани) өз эмгегинде Таңгри сөзүнүн эки маанисин ачып берип: «Ыймансыздар – Кудай аларды Аллах жок кылсын! – Таңгри деп асманды аташат. Ошондой эле Таңгри сөзү менен алар бийик тоо же чоң дарак сыяктуу улуу көрүнгөн нерселердин бардыгын аташат. Ошондуктан алар ушундай нерселерге сыйынышат...» [Махмуд Аль-Кашгари, орус тилине котормосу з-а.м. Ауэзова, 2005, 1022-б.; Чоротегин, 2017, 211-212, 251, 272-бб].

Бүгүнкү күнгө чейин Кыргызстанда, коңшу аймактарда уланып келе жаткан ыйык жерлерге сыйынуу жана жөрөлгөлөрдү аткаруу эрте орто кылымдагы түрк доорунан бери уланып келе жатат. Бул кабылдоолор жана ырым-жырымдар Исламга чейинки жөрөлгөлөр жергиликтүү шартка жараша ыңгайлашып, исламга чейинки  жана кийинки ишенимдердин аралашуусуна алып келген.

Теңир-Тоодогу (Миң-Куш), Алайдагы (Бүлөлү, Кара-Кулжа), Теңир-Тоонун батышындагы Кетмен-Төбөнүн түндүк таратбында Тастар-Ата деп аталган өзүнчө турган тоолор бар. Орто кылымдагы түрктөр диний ырым-жырымдарды өткөргөн ыйык тоолорго сыйынуу жөнүндө этнографиялык маалыматтар бири-бирине байланыштуу деп эсептейбиз. Биздин оюбузча, тоо культу Бүгүнкү күндө «Тастар-Ата» деп аталган жерлер менен түздөн-түз байланышта. Ысык-Көлдөгү Ыйык Тастар-Ата тоосуна чыгып алдын ала байкоо жүргүзүүдө атайын жөрөлгө аткаруучу курулуш орду ж.б. белги, калдыктар табыла элек.

Бул аймакты атайын изилдөөнүн зарылдыгы жазуу жүзүндөгү булактар, археологиялык табылгалар аркылуу дагы толукталгандай. Батыш түрктөрүнүн кагандары ыйык тоолордун жанында өз калааларын негиздөөгө аракет кылышкан [Takashi Osawa, 2009, 55-Бет]. Тастар-Атадагы тоонун жанында орто кылымдагы Кан-Дөбө шаарынын урандылары жайгашкан. Шаардын төмөнкү катмарларында эрте орто кылымга туура келген катмарлар ачылган. Ошол эле аймакта көптөгөн таш айкелдер, эскерүү коргончолору менен кошо табылган. Таш айкелдердин бир бөлүгү жогорку сапаттагы сейре кездешүүчү айкелдер, түрк коомундагы даражалуу өкүлдөргө арнап жасалып, атайын тандалган жерге тургузулган. Кан-Дөбөдөн табылган археологиялык маалыматтар шаардын Батыш Түрк каганатынын борборлорунун бири болгонун көрсөтөт.

Кыргызстандын ардакталган, ыйык жерлеринин бир бөлүгү ата-бабаларга жана ыйыктарга табынуу менен байланыштуу. Ата-бабалардын рухуна, ыйык саналган инсандарына арналган жана ыйыктарына сыйынуу исламга чейинки ишеним тутумунда өзгөчө орунду ээлеген. Алардын айрымдары туруктуу зыярат кылуучу жайга айланган. Айрым ыйык жерлер жаратылыш объектилерине байланыштуу: ысык булактар, булактар, өзүнчө бийик тоолор, ажайып жаратылышы бар жерлер. Кээде жалгыз бийик дарак өскөн жер ыйык деп эсептелген. Кээде мындай жерлерде эл ичинен чыккан белгилүү инсандарды көмүшкөн.

**Теңир-Тоонун этектериндеги, өрөөндөрдөгү шаардыктар жана "көчмөндөр" маданияты** Бөлүмдүн маанилүү маселелери төмөндөгүлөр: эрте орто кылымдардагы отурукташкан элдердин дыйканчылык маданиятынын калыптанышы; түрк тилдүү калктардын отурукташуусу; түрк-согду калктарынын маданий алакасы

Бардык окумуштуулардын эмгектеринде Чүй өрөөнүндөгү түрк жана согд (согдак) калктарынын ортосундагы маданияттын айкалышкандыгы (синтез, синкретизм) баса белгиленип айтылып келе жатат. Сокулук шаарчасынын

мисалында, орто кылымдагы шаарлардын пайда болуу маселесин изилдөө менен А. Н. Бернштам «... биздин замандын V кылымынан тартып биз бул жерде эки маданий алаканы так айырмалай алабыз. Бири илгерки жергиликтүү уруулардын маданий традициялары менен генетикалык жактан байланыштуу, экинчиси согдактардын (согдулуктардын) таасири менен байланыштуу». Ошол эле учурда, ал V кылымдарга таандык стратиграфиялык катмардагы табылгалар байыркы Сокулук калкынын мурунку маданий традициялардын жана согдулуктардын ортосундагы үзгүлтүксүз байланышты көрсөтөт деп белгилеген (Бернштам А., 1943, 12-бет). А.Н.Бернштамдын жогорудагы пикири алдыда туруктуу, максаттуу изилдөөлөрдү талап кылат. Чындыгында, кээ бир эстеликтердин алдыңкы катмарында орто кылымдарга чейинки катмардын анын алдындагы катмарлар менен болгон байланышы билинген учурлар бар.

Археолог П. Н. Кожемяко Чүй өрөөнүндөгү калктуу конуштардын (турак-жайлардын) археологиялык казуулары Согд жана Шаш шаарларында чогултулган коллекцияларга түздөн-түз окшош материалдарды берди. Ошол эле учурда П. Н. Кожемяко: «... биздин стратиграфиялык казуулар бул жерде отурукташкан айыл чарба конуштарынын пайда болуу жана өнүгүү процесси көчмөн-малчылардын отурукташкан жашоо образына өтүүсү менен байланыштуу деп эсептөөгө мүмкүндүк берген материалдарды берип жатат» -деп жазган (Кожемяко, 1959, 168-б.). Окумуштуу ошол учурда саясий бийликтеги түрк тилдүү уруулардын (түргөш, карлук ж.б.) ичинен изилденип жаткан калктын калктуу конуштарынын жашоосуна катышкандыгын тастыктаган жазуу жүзүндөгү далилдерди жана археологиялык маалыматтарды мисал иретинде келтирет.

Азыр калктуу конуштар тууралуу маалыматтын көбөйүшү менен эрте темир доорундагы жана орто кылымдардагы көчмөндөрдүн чарбасына өзгөчө көңүл бургубуз келет. Евразиянын көптөгөн көчмөн империялары кандайдыр бир деңгээлде отурукташуу менен тааныш болушкан [Крадин, 1992, б.74.].

Биринчиден, археологиялык изилдөөнүн натыйжасында жүргүзүлгөн антропологиялык изилдөөлөрдүн натыйжаларын эскерте кетүү керек. Антрополог Ходжайовдун изилдөөлөрүнө ылайык, Кыргызстандын орто кылымдагы калкы антропологиялык курамы боюнча көп түрдүү (гетерогендүү) болгон. X-XII кылымдарга таандык Красная Речка шаарчасынан, Таластагы Бейшеке жана Кан-Дөбөдөн алынган краниологиялык материалдарда Кыргызстан аймактарындагы сак жана усун калктарына мүнөздүү европеоиддик типтер кездешкен [Ходжаев, 134].

Кочкор өрөөнүнүн орто кылымдагы түрк тилдүү калктарынынын мүрзө-дөбөлөрүнөн табылган баш сөөктөрүн тобун изилдеп, антропологдор С. С. Тур жана И.Р. Газимзянов түрктөрдүн антропологиялык курамында европеиддик курам (компонент) олуттуу болгон деген тыянакка келишкен [Газимзянов, Тур, 2012, 227-б.]. Балким, түрк чөйрөсүнө сиңген согдиялыктардын бир бөлүгү расалык типтеги пайыздык коэффициенттерге да таасирин тийгизген. Ошондой эле байыркы эрте темир доорундагы калктардын тийгизген таасирин четке кагууга болбойт.

Орто кылымдын алгачкы мезгилинен тартып Ысык-Көлдөгү Кан-Дөбө шаарчасы маанилүү саясий жана маданий борборуна айланган. Батыш Түрк каганатынын борборлорунун бири катары Кан-Дөбө шаарчасына жакын жайгашкан жерде мансаптуу, даражалуу бул жердин ролу жогорку даражалуу адамдардын урматына орнотулган таш айкелдердин мисалында байкалат. Шаарчанын чыгыш тарабындагы казууда турак-жайдагы бөлмөнүн полу 1,20 м терeңдикте белгиленип, VIII-IX кылымдарга мүнөздүү колго ийленип жасалган эки кумура жана сөөктөн жасалган того табылган.

Кан-Дөбө шаарынын аймагында туруктуу от жагып ырым аткаруучу жайдын табылышы жаңы маалыматтардын бири болуп калды. От жагып сыйынуу Орто Азияда гана эмес, Индияда, Кавказда, Жакынкы Чыгышта да кеңири жайылган. Байыркы убакта от жаккан жер диний жана магиялык ырымдарды аткарууда маанилүү ролду ойногон жана зороастр динин тутунгандардын сыйынуу объектиси болгон, аларга бутпарастардан өткөн [Обельченко, 1992, 131-132-бб]. От культу менен байланышкан атайын курулуштар Орто Азиянын эстеликтерин изилдөөдө бир нече жолу белгиленип келген [Брыкина, Горбунова, 1999. 105-б]. Чүй өрөөнүндөгү калктуу конуштарда табынуу очокторунун, тосмолордун, от жагып ырым аткаруучу идиштердин көп санда табылышы отурукташкан калк арасында отко табынуучулардын кеңири таралышынын далили болуп саналат [Байпаков, Горячева, 1999, 157-б.].

Казуулардын жыйынтыгы боюнча, Кан-Дөбө шаары Тоң суусунун агымына жакын жерде жайгашкан түрк каганатынын калктуу конуштарынын алкагында пайда болуп, мезгилдин өтүшү менен көлөмдүү чептүү шаарга айланган. Изилдөөнүн аркасында тоолор менен курчалган Кан-Дөбө шаарчасынын калкы менен сезондуу көчмөн жамааттарынын маданиятын изилдөө үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр ачылууда. Алар комплекстүү экономика менен алектенген калк маданиятын изилдөө жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Чоподон идиш жасоо технологиясы Чүй өрөөнүндөгү шаар жерлеринин материалдарына жакын.

Биздин болжолдуу пикирибиз боюнча, Кан-Дөбө жайгашкан аймак тарыхый жазма булакта эскерилген Чигу (Чигу-чен) шаарынын ордунда негизделген.

**Теңир-Тоонун орто кылымдагы калкынын маданиятын Борбордук Азиянын маалыматтары менен салыштырып талдоо** Изилдөөчүлөр тарабынан Орто жана Борбордук Азияда жаңы эстеликтердин ачылышы, илимий макалалардын жана монографиялардын жарыяланышы менен Теңир-Тоо жана Саян-Алтайдагы түрк тилдүү этносторунун эстеликтерин жаңы деңгээлде салыштырып изилдөө зарылдыгы өз актуалдуулугун жоготкон жок.

Теңир-Тоодо түрк маданиятынын жайылышы ырааттуу мүнөздө болгон. Жылкынын коштоосунда көмүү, коргончолор менен бирге айкел орнотуу Борбордук Азиянын түрк маданиятынын канондоруна толук дал келгенин көрсөтөт. Биринчи Түрк каганатынын жана Батыш Түрк жана кийинки түрк каганаттарынын мезгилинин миграциялык процесстеринин материалдары боюнча Теңир-Тоо, Жети-Суу аймагында түрк тилдүү этностордун маданиятынын биригишине алып келди. Теңир-Тоодо жармоо көрлөргө маркум сөөгүн жайгаштыруу Саян-Алтайдагылардан айырмалап турат. Мисалы, Беш-Таш-Короо көрүстөнүндөгү биринчи Түрк каганатынын убакыт маданиятынын элементтеринин кездешүүсүн Истеми-каган мезгилинен жана кийинки миграциялардан келген биринчи түрктөрдүн жакындашуусунун далили катары кароо керек.

Маркумду көмүү жана эскерүү эстеликтери жана алардан топтолгон маалыматтар чыгыштагы жана батыштагы түрк тилдүү калктардын маданиятынын жакындыгын бизге чейин изилдеген ар бир археологдон белгилешкен. Жаңы биз топтогон маалыматтар мурда басмаларда жарыяланган пикирлердин жакындыгын толук бойдон ырастады.

Теңир-Тоодогу түрк тилдүү калктардын мүрзө-дөбөлөрүндө чоподон колго ийлеп жасаган чопо идиштер сейрек кездешет. Белгилүү орто кылымдагы түрк идиштеринин формасы, тулкусу окшош. Жогорку тарабы кең, түбү жалпак банка сымал. Идиштердин бийиктиги 15 см чейин, капталынын диаметри 10 см чейин жетет. Бардык көрсөткүчтөрү боюнча алар Саян-Алтайдагы түрк тилинде сүйлөгөн элдердин идиштери менен окшош [Митько, Журавлева, 1994; Худяков, 2004, 88-90-б. ; Кубарев Г., 2005, 17,5-6]. Атайын изилдөөлөр көрсөткөндөй, Биринчи Түрк каганатынын мезгилинде тараган ээр, үзөңгүлөр, жүгөндөр, басмайылдын тогоолору кийинки Чыгыш Түрк жана Батыш Түрк түрк каганаттары көп жагынан окшош формалардын алкагында өнүккөн

[Худяков,125-б...]. Ушул эле сыяктуу кемер курлар, сыргалар (сөйкөлөр) көп жагынан эки аймактын маданиятынын окшоштугун көргөздү.

Отуз чамалуу баш сөөктөрдүн табылышы жана физикалык антрополог С.С.Тур жана кийин коллегалары менен бирге улантып  изилдеши биз талдап жаткан маселе боюнча баа жеткис пикирлерди жаратты.

Кочкордогу Беш-Таш-Короо I, II, III эстеликтериндеги эркек маркумдардын баш сөөктөрү VI–X кылымдардагы Саян-Алтайдагы жана Миң-Суу өрөнүндөгү эркек маркумдардын баш сөөктөрү менен абдан жакын болуп чыкты. Ошону менен бирге азыркы хакастардын ичиндеги сагай жана белтирлерге жакын болгон аныкталды. Аталган Беш-Таш-Короо I, II, III көрүстөндөрүнөн табылган аял маркумдардын баш сөөктөрү VI–X кылымдардагы Тоолуу Алтай VII–XI кылымдардагы  жана Миң-Суу ойдуңундагы аял маркумдардын баш сөөктөрү менен жакындыгы такталды. Баса белгилөөчү дагы бир жагдай, алар азыркы кыргыздар менен абдан жакын болгон. Кыргызстандагы Чоң-Калба, Шамшы, Кара-Кужур, Ак-Коргон, Кара-Саз, Бел-Саз эстеликтеринен табылган аралаш антропологиялык белгилери бар баш сөөктөр Теңир-Тоодо б.з. I-V кылымдарында жашаган, усун мезгилиндегии аял маркумдардын баш сөөктөрү менен жакындыгы аныкталды.

Краниологиялык материалды изилдөө Теңир-Тоодогу түрк каганаттары доорундагы калктын келип чыгышы Тоолуу-Алтайдын VII–X кылымдарындагы, Миң-Суудагы ойдуңундагы VII–XI кылымдарга таандык көчмөндөр менен байланыштуулугу боюнча ишенимдүү бүтүм чыкты. Ушул чыгыштан көчүп келгендер менен жергиликтүү теңир-тоолук топтор дароо жапырт аралашпастан, салыштырмалуу обочолонуп турган. Беш-Таш-Короо материалдарына караганда, түрк тилдүү көчмөндөрдүн Теңир-Тоого көчүп келип келүүсү б.з. VI кылымынын экинчи жарымынан, VII кылымдын баш ченинен тартып башталган.

Батыш Түрк каганатынын калкы өзүнүн антропологиялык өзгөчөлүктөрү боюнча азыркы Кыргызстан менен Саян-Алтайдын аймагында жашаган байыркы калк менен жакын. Теңир-Тоо жана ага жакын жашаган калктардын антропологиялык курамы европеоиддик жана монголоиддик расаларынын бардык расалык белгилерин айкалыштырган, б.а. алар түштүк сибирь кичи расасынын (туран расасынын) өкүлдөрү болушкан. Эрте темир доорундагы жана эрте орто кылымдардагы уруулардын урпактарынын ортосунда байланыштын бар экендигин археологиялык материалдар да тастыктайт [Тур, 2001, 76-78-б.; Газимзянов, 2012, 227-230-б.].

Антропологдордун пикири боюнча, аталган изилдөөлөрдүн натыйжалары азыркы Орто жана Борбордук Азиянын калкынын антропологиялык түрүнө байланыштуу. Жогоруда эскерилген окшоштуктар Батыш Түрк каганатынын курамындагы байыркы жана эрте орто кылымдагы түрк тилдүү калктардын азыркы кыргыздардын генетикалык байланыштарынын далили катары кабыл алууга болот.

Теңир-Тоо менен Саян-Алтай материалдарын салыштырмалуу талдоо маанилүү натыйжаларды берүүдө. Ошол сыяктуу эле Теңир-Тоодон батышка карай ушул сыяктуу байкоолорду жүргүзүүнүн зарылчылыгы бар. Аларды изилдөө орто кылымдагы түрк тилдүү калктардын археологиясынын көйгөйлөрүн иштеп чыгуу үчүн маанилүү жаңы далилдерди алып келиши мүмкүн.

**XII-XV кылымдардагы Теңир-Тоо жана ага жанаша жайгашкан калктардын маданияты.** Биздин замандын экинчи миң жылдыгынын биринчи жарымындагы мүрзө-дөбөлөрдү системалуу казуунун, изилдөөнүн натыйжасында ушул мезгилдеги сөөк коюу каадасы, материалдык маданият, этномаданий жана миграциялык процесстер жөнүндө маанилүү маалыматтар алынды (Табалдиев, 1996). Мүрзөлөрдүн көбү тоо этектериндеги бийик түздүктөрү бар бөксө тоолордо, тоо этектериндеги бийиктиктерде табылган. Жалгыз мүрзө-дөбөлөр кездешет, чоң көрүстөндөрдө мүрзө-дөбөлөр 10-15 эле чамалуу. Башка доорлорго салыштырганда, мүрзө-дөбөлөрдүн сырткы мүнөздүү белгиси - мүрзө-дөбөлөрдүн сүйрү формада болушу. Узун жактары негизинен түндүк-түштүк жактарга карай созулат. Бир катар мүрзө-дөбөлөрдүн түндүк, түндүк-батыш секторунда жапыз, тик орнотулган таш мамычалары бар. Маркумдун баштары түндүк, түндүк-батышты карай багытталып көмүлгөн. Батыш тарапты карай каратылган мүрзө топторунун болушу этникалык өзгөчөлүгү менен байланыштуу болсо керек.

Мүрзө-дөбө алдындагы түз чуңкур көрлөргө жана жармоо көрлөргө (подбой) маркум сөөгү жайгаштырылган. Чанда, ички тарабы таш менен кыналган таш табыт сыяктуу жайлар кездешет. Азырынча маркум жыгач табытка салынып көмүлгөн бир гана дөбө-мүрзө белгилүү. Изилденип жаткан Теңир-Тоодогу сөөк коюу каадасынын өзгөчөлүктөрү бар дөбө-мүрзөлөр кездешип калат. Айрым дөбөлөрдүн дөбөсүнүн астында атайын көмүлгөн темир буюмдар тобу, ошондой эле сөөк коюучу чуңкурдун жанында, от жагылган изи бар тайыз чуңкур табылган.

Маркумдар көргө чалкасынан жаткырылып, баш тарабын түндүк, түндүк-батыш тарапка каратып көмүлгөн. Кээде батышты карай баштантып көмгөн дөбө-мүрзөлөр тобу бар. Маркум жанына жаш курагына, жынысына ылайык буюмдарды жайгаштырышкан. Эркек маркумдардын жанынан темир жебе, бир боо жебе, чанда кайың кабыгынан, териден тигилген жебе сала турган коломсок, жаа кездешет. Аял маркумдардын жанынан сөйкөлөр, шакектер, билериктер жолугат. Айрым аялдардын жанынан кайыңдан жасалган баш кийиминин калдыктары (бокка), жыгач тарак табылган. Кээде маркумдун бут жагында же тизе үстүнө чейинки аралыкта ээр, үзөңгүлөр жайгаштырышкан. Эркектердин, аялдардын жана балдардын ээрлерин жынысына жана жашына жараша коюшкан деп айтууга болот. Маркумдардын баш жагында, капталына жакын жерде чанда жыгач аяк же металл идиштер коюлган. Маркумдар кийими менен көмүлүп, кээде кездеме менен жабылган.

Орто кылымдагы калктардын сөөк коюу жөрөлгөсүнүн өзгөчө бир белгиси - маркум үчүн, символдуу түрдө коюлган тамак-аш. XII–XV кылымдарга таандык жайды ачууда маркум жанынан койдун жото жилиги, далысы табылат. Мындан тышкары, эки же үч кой омурткалары камтылган чуңкурлар аялдардын жамбаш, бөйрөк тушунан табылган.

Каралып жаткан Теңир-Тоодогу кеч орто кылымдагы калктардын сөөк коюучу комплексин салыштырмалуу изилдөөдө, ар бир көрүстөндүн өзгөчө элементтери алардын ар башка этносторго тиешелүү болгону болжонот. Алар ар кандай мезгилдерде, түрк тилдүү жана монгол тилдүү же аралаш этникалык топтордун өкүлдөрү тарабынан калтырылган. Табылгалар коңшу аймактар менен катар алыскы Алтай, Монголия, Бурятия жергесиндеги маалыматтар менен салыштырылып изилденип келе жатат.

Казылган мүрзө-дөбөлөрдүн мезгили үч ирет маркум жанынан табылган XIII кылымдын акырына – XIV кылымдын башына таандык тыйындар аркылуу аныкталган. Калган учурда эстеликтер материалдарды салыштырып талдоо аркылуу окшоштуктарга негизделген.

Эми радиокөмүртектүү даталарды тартуу менен мезгилин аныктоо маселелери акырындап такталууда. Мисалы, Боз-Адырдан (Кош-Дөбөдөн?) XIII-XIV кылымдарга мүнөздүү буюмдар топтому менен көмүлгөн маркум C14 радиоуглероддук анализи боюнча 1170-1180-жылдарга таандык деп аныкталды. Жаңы дата Теңир-Тоо жана Жети-Суудагы этномаданий кырдаалды изилдөө багытын көп жагынан өзгөртчүдөй абалга алып келди. Ошондуктан, кошумча анализдер аркылуу тактоо зарылчылыгы бар.

Борбордук Азиянын түрк жана монгол элдеринин маданияты кийинки кылымдарда Орто жана Борбордук Азия аймактарында уланат. Батыш тараптан алыстаган миграциялык процесстердин мурунку толкуну сыяктуу эле, жаңы этно-маданий чөйрөлөрдө жаңы өзгөчөлүктөргө ээ болуп отурат. Бул маселени талдоодо аль-Омаринин: «татар-монголдордун келиши менен кыпчактар аларга баш ийишти. Андан кийин алар (татарлар) жер которуп, алар менен (кыпчактар) аралашып, туугандашып, жер алардын (татарлардын) табигый жана расалык сапаттарына ээ болушту, алардын бардыгы бирдей кыпчактар сыяктуу болуп калышты, анткени монголдор (жана татарлар) кыпчак жеринде отурукташып, никелешип, кыпчак жеринде жашап калышкан» (кара. Арсланова, 1970, 58-бет.).

Теңир-Тоодо изилденген маркум көмүлгөн жай жана андан табылган маалыматтар тобун Борбордук Азиянын кеңири чөйрөсүнүн маалыматтары менен салыштырууга болот. Теңир-Тоонун орто кылымдагы көчмөндөрүнүн сөөк коюу комплексин салыштырып изилдөөдө ар бир көрүстөндүн өзгөчөлүктөрүнө карап алардын ар башка этностордун маданияты менен байланышы талданат. Алар ар кандай мезгилдерде, бири-бирине жакын аймактарда жашаган, кээ бир учурда тыгыз байланышы болгон, чарбасы, материалдык маданиятында көп окшоштуктары бар, расалык түзүлүшү жакын түрк тилдүү жана монгол тилдүү этникалык топтордун өкүлдөрү тарабынан калтырылган.

Казакстанда, Алтайда, Байкалда, Монголия тарапта изилденген эстеликтер кайсы этникалык топтун өкүлүнө таандык болгонун талдоодо талаш маселелер көп жаралат.

Теңир-Тоо, Жети-Сууда XII-XIV кылымдарда жашап, сүйрү формадагы мүрзө-дөбөлөрдү калтырган калк кыргыз элинин жана маданиятынын калыптанышына салым кошкон. Сүйрү мүрзө-дөбөлөр Теңир-Тоодо VIII-X кылымдардан, эрте орто кылымдан тартып белгилүү болгону Беш-Таш-Короо I эстелиги аркылуу далилденет. Кийин XII-XIII кылымдан тартып ушундай кургандардын тараган аймактары Теңир-Тоодо, жалпы Борбордук Азияда көбөйүп, бир канча варианттары калыптанат. Баарын түрк же монгол деп атоого мүмкүн эмес. Балким, кийинчерээк, туруктуу генетикалык изилдөө аркылуу бул маселени тактоого мүмкүн болор.

Теңир-Тоодо б.з. II миң жылдыгынын ортосунан – XV кылымдан тартып мусулманчылык талабы боюнча көмүү жөрөлгөсү тарайт. Аларда маркум жанына буюм коюлган эмес, маркумдун башы түндүк тарапка, жүзү кыбыланы – Мекке тарапты каратылып көмүлгөн. Бирок мүрзө-дөбөлөрү, анын ички түзүлүштөрү жогоруда кеп кылган XII-XV кылымдагылардан эч айырмаланган эмес. Ошондуктан, Теңир-Тоодогу мурдагы мезгилдин салттарын уланткан XV-XVI кылымдардагы, андан да кеч мезгилдеги маданияттарды изилдөө этникалык жана диний процесстерди изилдөө үчүн маанилүү маалыматтарды берет.

Теңир-Тоо калктарынын кеч орто кылым мезгилиндеги маданиятын изилдөөчүлөр Садыр-Коргон, Ак-Төбө, Садовое, Сретенск, Ак-Чий сыяктуу сарай комплекстеринин жана шаарчаларынын материалдарынын негизинде мүнөздөп беришкен. Садыр-Коргон (Шельжи) шаарчасынын монеталары боюнча XVI-XVII кылымдарда экономикалык потенциалын жоготкон эмес. (Бурнашева, Аитова, 1999, 80-бет). Таластагы край таануучу Н.Ф. Турдун Кызыл-Адыр мектебинде, Чүйдөгү край таануучу В.А. Лапконун Петропавловка айылдык музейинде топтогон материалдары Кыргызстанда өтө аз чагылдырган XV-XVII кылымдын материалдарын камтып турат. Алардын коллекцияларын пайдаланып, көркөмдөлгөн, боёлгон чоподон жасалган кыштарда сакталып калган оюуларды кайра түзүп чыгууга мүмкүн болду.

**Б.з. II миң жылдыгындагы мусулман сөөк коюучу жана эскерүү эстеликтери.** Теңир-Тоодо XIV кылымдын экинчи жарымынан кийин мусулмандар көмүлгөн сөөк коюучу жайлар негизинен мурдагыдай XII-XIV эле сакталып калган. Айрым дөбө-мүрзөлөрдүн мисалында жармоо көрлөрдүн санынын көбөйгөнүн байкаса болот. Мусулман дининин кабыл алынышы менен маркумду түндүк, түндүк-батышка баштантып, жүзүн Меккеге каратып, жанына буюм-терим, символикалык тамак-аш калтыруу токтогон (Табалдиев, 1996, 156-160-б). Мурунку мезгилдин салттарын улантуу менен коштолгон XIV-XVI кылымдардагы жаңы өзгөрүүлөрдү изилдөө этникалык, маданий жана диний процесстерди талдоого арналган маанилүү маалыматтарды берет.

Сүйрү формадагы таштан, таш-топурак аралаштырып мүрзө-дөбө (курган) куруу кийинки кылымдарда да уланган. Бизге белгилүү маалыматтар боюнча XVIII кылымдан тартып күмбөз, сагана, жөнөкөй топурак дөбөлүү мүрзө кеңири жайылат. С.М. Абрамзон, Т.Д. Баялиева тарабынан жүргүзүлгөн этнографиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча, XX кылымга чейин сөөк коюу каадасында исламга чейинки ишенимдердин айрым элементтери сакталган. Биздин изилдөөлөр мурунку изилдөөчүлөрдүн пикирлерин кошумча ирет тастыктайт.

Жалпысынан, мурунку изилдөөчүлөрдүн изилдөөлөрүнүн маалыматтарына жана биз топтогон маалыматтарга таянып, Теңир-Тоодогу ислам динин кабыл алуу менен байланышкан курулуштардын түрлөрүн, келип чыгышын жана жайылышын аныктоого болот. Алардын катарында кадимки чуңкур көрлөр, жармоо көрлөр, капталдары таш, бышырылбаган кыш менен капталган көрлөр бар. Үстү жыгач, кыш, таш плиталар жабылган. Эскерүү эстеликтеринин бир нече түрлөрү кездешет: 1) араб ариби менен жазылган мүрзө ташы (эпитафия); 2) кыштан же паксадан курулган сағаналар; 3) күмбөздөр. Күмбөздөрдүн жеке бир маркумга арналгандары жана үй-бүлө мүчөлөрүнө арналгандары да курулган. Жакын үй-бүлө мүчөлөрү бир жерге көмүлүп, сыртынан коргондолгон мүрзөлөр кеңири тарайт.

Б.з. II миң жылдык ичиндеги, ислам дини тараган мезгилдеги эстеликтердин түрүн, курулган мезгилин аныктоо аркылуу ислам дининин жайылуу этаптарын байкоого мүмкүн болду (Табалдиев, 2001 г. –С.239-245). Бул иштин натыйжалары тарыхый жана этнографиялык изилдөөлөрдүн натыйжалары менен бирдей экендиги далилденди.

Биринчи этап. Караханиддердин башкаруу мезгили (XI-XII кк.). Алгачкы ирет мусулманчылык тартиби боюнча сөөк коюу тараган мезгил. Негизинен шаарлардын жанында, Караханид доорундагы шаарчалардын жанында, изилденген. Баштагы айкел (балбал) ордуна арабографиялык эпитафиясыбар таштар орнотула баштаган. Сейрек курулган күмбөздөр жана эпитафиясы бар мүрзө таштары айрыкча тирүү кезинде жогорку, өзгөчө социалдык абалдагыларга арналган. Жазуу таштары ошол учурдагы жазма маданият, эскерүү салттары, диний, руханий иш-аракеттердин  далили болуу менен бирге тарыхый маалыматтарды да беришет. Ислам динин тарашынын биринчи этабында тоолуу аймактардагы калктын бир бөлүгү негизинен мурунку көмүү салттарын улантышкан, башкача айтканда, буюмдар менен көмүү сакталып калган. XIII кылымдын башынан тартып чыгыш тараптан келген баскынчыл согуштардын таасири менен ислам дини менен байланышкан маданий элементтердин тарашы солгундайт. Эпитафиялар дээрлик кездешпейт.

Экинчи этап. Бул этапта, XIV кылымдын акырынан тартып XVI кылым аралыгында Теңир-Тоодо мусулман салты боюнча көмүлгөн мүрзө-дөбөлөр (кургандар) кеңири жайылган. Сөөк көмүлө турган жайлардын түзүлүшү XIII-XIV кылымдардагыдай болуу менен бирге, мусулмандардын каада-салттарына акырындык менен өтүү учурун так көрсөтөт. Мүрзөгө көмүлгөн маркумдардын башы түндүк, түндүк-батышты карай баштантылып, жүз тарабы батыш секторуна (Меккени карай) багытталган. Маркум жанына буюм-терим, символикалык тамак-аш калтыруунун жоктугу баштагыдан өзгөчөлөнтүп турат. Бирок мусулманчылык тартибин бузган учурлар бар. XIV-XVI кылымдар арасындагы эпитафия таштары Кыргызстанда өтө сейрек кездешет.

Үчүнчү этап. XVII кылымдын экинчи жарымы, Жунгар хандыгы талкаланган мезгилден тартып, Кокон хандыгы учуру. Бышырылбаган кыштан курулган күмбөздөр кеңири тарайт. Сагана түрүндөгү мүрзөнүн үстүндөгү курулуштун жаңы түрү тарайт (топурактан курулган, тепкичтүү узун курулуш). Арабографиялык жазуулары бар сөөк коюучу эпитафияларды орнотуу уланат. Сүйрү көлөмдөгү таш, топурак-таш мүрзө-дөбөлөрдүн саны кыйла азаят. Кадимки тегерек топурак мүрзө-дөбөлөрдүн саны көбөйөт. Кээде алардын алды мурунку мезгилдеги дөбөлөрдөгүдөй таштар менен курчалган. Бири-бирине туугандык байланышы бар мүрзөлөрдү бириктирген коргончолор курулат. Сөөк

коюу ырым-жырымынын негизги белгилери негизинен XX кылымдын ортосуна чейин уланган.

Археология жана этнография (этноархеологиялык) ыкмалары менен мусулмандардын сөөк коюу каадасын изилдөө илимий изилдөө үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачууда.

**Археологиялык булактардын маалыматтары боюнча кыргыздардын маданиятын калыптандыруу.** Кыргыз элинин калыптанышында Борбордук Азия, Түштүк Сибирь жана жергиликтүү уруулардын ролу чоң болгон деген окумуштуулардын 1956- жылдагы сессиядагы тыянак кийинки мезгилдеги археологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгына толук дал келүүдө. Кыргыз элинин түпкү тегин, тамырларын иликтөөдө маркумду көмүүчү, эскерүүчү жайлардын ролу жогору. Археологиялык булактарды этнографиялык маалыматтар аркылуу салыштырмалуу изилдөөдө да ишенимдүү тыянактар алынып келе жатат.

Белгилүү этнограф С.М. Абрамзон «кыргыздын мусулманчылык каадасы боюнча сөөк коюу каадасына карабастан, мурунку доорлордун эстеликтери менен белгилүү генетикалык байланышта, аларда мурунку жергиликтүү каада-салттар орун алганы баамдалып турат" деп белгилеген [Абрамзон, 1961, 113-116-бб.; ака. 1990, 337-343-бб].

Ал б.з. биринчи миң жылдыгынын башындагы казанак көрлөргө (катакомбалык) салыштырып, учурдагы кыргыздардын маркум көмүүчү жайларындагы жалпы окшоштуктарын белгилеген. Орто кылымдагы маркум көмүлүүчү жайларда аталган окшоштуктар ачык көрүнөт. XII-XV кылымдардагы мүрзө-дөбөлөрүнүн археологиялык казуусу көптөгөн маданий жана тиричилик буюмдар боюнча маалыматтар алынды. Алардын бир бөлүгү Теңир-Тоодогу жана айланасындагы азыркы кыргыздарынын материалдык маданиятында жана прикладдык искусствосунда чагылдырылган.

Тарыхый жазма булактардын, археологиялык материалдардын негизинде узак убакыт бою көп талкууга алынган маселе Енисей жана Теңир-Тоо кыргыздарынын генетикалык байланышы тууралуу маселе менен байланыштуу болду.

Кыргызстандын аймагындагы археологиялык изилдөөлөрдүн тарыхына кайрылып, биз биринчи кезекте профессор А. Н. Бернштамдын эмгектерине кайрылабыз. Нарын облусунун аймагындагы археологиялык маалыматтарга таянып, ал биринчи жолу кыргыз элинин этногенезин талдоого аракет кылган.

Эмгегинде атайын «Теңир-Тоо жана Енисей» деген бөлүм ачып, эки аймактын ортосундагы кыргыздардын байланыштарын изилдеген. Маселени

талдоо үчүн далил катары Кочкор өрөөнүнөн XIX кылымдын акырында табылган күмүштөн даярдалган кемер курдун бастырмаларын (каптамаларын) Енисейдеги Көпөн (Копен)  чаатасынан табылган алтын идиштердин жасалгасы менен салыштырып, мындай деп жазган: «Бул кол өнөрчүлүктүн мыкты үлгүлөрү Теңир-Тоого Енисей кыргыздары менен түздөн-түз өз ара байланышынын натыйжасында, же кыргыздардын IX кылымда, X кылымдын башындагы Енисейден кезектеги көчүп келиши учурунда келиши мүмкүн эле. Кыргыздар бул жерге Чыгыш Түркстан аркылуу келишкен...» [Бернштам, 1952, 89-94-бб].

Ошол эле эмгегинде А.Н.Бернштам Нарын шаарынын батыш четиндеги Ала-Мышык көрүстөнүндө изилденген эки мүрзө-дөбө (№69, №102) кыргыздарга таандык деп эсептеп «...бизде Теңир-Тоого IX кылымда Енисей кыргыздары келгендигин күбөлөндүргөн енисейлик-кыргыз тибиндеги маркум көмүлгөн жайларыбыз бар" деп жазган (Бернштам, 1952, 83-84, 88-беттер). Жогорудагылар менен бирге, орто кылымдардан тышкары, мурунку I-IV вв.кылымдардагы гунндар убагындагы казанакта (катакомбада)  көмүлгөн маркумдары бар эстеликтерди байыркы кыргыздар менен байланыштырган. «Теңир-Тоодогу кыргыздар гунн-түрк чөйрөсүнүн ичинде калыптанып, өзүнүн өнүгүү процессинде бул этникалык топтордун кыйла бөлүгүн сиңирип, алардын байыркы аймактарын ээлеп алышкан» деп жазган (Бернштам, 1952, 89-б.).

А.Н. Бернштам – Кыргыз археологиясынын пайдубалын түзгөн археолог. Анын эмгектери дагы деле изилдөөчүлөр туруктуу окушат, эмгектеринин илимий мааниси жоголгон жок. Эмгектеринин баалуулугу, анын көптөгөн тыянактары жана божомолдору кийинки изилдөөлөр аркылуу тастыкталгандыгында. Бирок илим дайыма өнүгүү жолунда болот, ага жараша жаңы маалыматтар анын айрым пикирлерин тактоону талап кылат. Өмүрүнүн акырында ал өзүнүн айрым тыянактарын, анын ичинде кыргыздардын этникалык тарыхына байланыштуу айрым корутундуларын өзү ондоп-түздөгөн. Кийинчерээк Ала-Мышыктан изилдеген №69 маркумдун кой менен бирге көмүлгөн эстелик кыргыздарга тиешеси жок деп далилдеген. Ал кезде Енисейдеги жылкы менен көмүлгөн мүрзө-дөбөлөрдүн бир бөлүгү Енисей кыргыздарынын маркумду көмүү жөрөлгөсүнүн төртүнчү түрү деп эсептелчү. Ала-Мышыктагы №102 мүрзө-дөбөсүнүн кыргызга тиешелүү болушу азырынча толук далилдене элек.

Илимий чөйрөдө Енисей жана Теңир-Тоо кыргыздарынын генетикалык байланышы жөнүндө талкуу узак убакытка созула берди. Бул маселелер 1953-жылы Кыргыз комплекстүү археологиялык-этнографиялык экспедициясынын жыйынтыктоочу сессиясында, 1988-жылкы түркологиялык конференциянын

учурунда жана 1995-жылы «Кыргыздар: Борбордук Азиядагы байыркы жана орто кылымдардагы этногенетикалык жана этномаданий процесстер» аттуу илимий конференциясын өткөрүүдө жигердүү талкууланды. Тарыхчылардын, антропологдордун, археологдордун басымдуу бөлүгү далилдүү аргументтердин негизинде Енисей жана Теңир-Тоо кыргыздарынын ортосундагы генетикалык байланыштардын болгонун баса белгилеп келишти.

Жазуу жүзүндөгү тарыхый булактардын маалыматы боюнча, Енисей кыргыздары «маркумду узатууда, коюуда жүздөрүн тытышпайт, өлгөн адамдын денесин үч катар ороп алып ыйлашат; анан өрттөп, ошол эле сөөктөрдү бир жылдан кийин көмүшөт. Андан кийин белгилүү мезгилдерде ыйлашат (үн чыгарышат)» деп жазылган. [Бичурин, 1950, 353-бет]. Эгерде кыргыздар Енисейден Теңир-Тоого көчүп кетишсе, анда эмне үчүн бул жерде орто кылымдагы өрттөлүп көмүлгөн изи табылган жок? деген суроого жооп табылбагандыктан, талаш-тартыш улана берди.

Изилдөөчүлөр салттуу сөөк коюу каадасы аркылуу Енисей менен Теңир-Тоо кыргыздарынын ортосундагы байланышты көрсөтүүгө же четке кагууга аракет кылышкан. 1963-жылы археолог Я.А. Шер мындай деп жазган: «Теңир-Тоонун көчмөн этногенезинин алгачкы этабындагы Енисей кыргыздарынын ролун жасалма апыртуу археологиялык эстеликтер менен да, жазуу булактары менен да тастыкталган эмес» [Шер, 1963, 158-166-бб]. Я.А. Шер орто кылымдагы жылкы менен көмүлгөн мүрзөлөр, таш эстеликтер (айкел, балбалдар) жана петроглифтерди изилдеп,  кыргыздардын этногенезинде маанилүү компонент Алтай-Орхон түрктөрүнө таандык деген жыйынтыкка келген. Л.Р. Кызласов Теңир-Тоодо өрттөлгөн көмүүлөрдүн жоктугунан теңир-тоолук кыргыздар менен алардын хакас ата-бабаларынын этномаданий жалпылыгы четке кагылды деп жазган [Кызасов, 1959, 104-116-бб ].

Ошону менен бирге Алтай, Казакстан, Чыгыш Түркстан, Тянь-Шанда археологиялык изилдөөлөрдө Енисей кыргыздарына мүнөздүү буюмдар кезигип, алардын бул жерлерде болгонун белгиленген. Бул тууралуу Д.Г. Савиновдун, Ю. С. Худяковдун атайын эмгектери жазылган [Кляшторный, Савинов, 2005, 263-274; Худяков  (Кыргыз Вост. Турк, 1995, 180-194].

Бизде, Кыргызстандан XIX кылымдын аягында табылган өрттөлгөн белгилери бар сөөк коюу жөрөлгөсүнө байланыштуу үзгүлтүк маалыматтар бар. 1891-жылы сентябрда Россиянын Императордук Археологиялык Комиссиясынын тапшырмасы боюнча археологиялык изилдөөлөрдү жүргүзгөн Пишпектин окумуштуу-багбаны А.М. Фетисов Кочкор  өрөөнүндө казуу иштерин жүргүзгөн. Кескен-Таш жеринде А.М. Фетисов жер алдында бышырылбаган кыштан курулган, ички бети алебастр менен шыбалган склепти ачып, ичинде күйгөн сөөктөрү бар идиш тапкан [Фетисов, 1892, 117-б.]. Башка

билдирүү В.В. Бартольддун илимий отчетунда бар. Казакстандын түштүгүндө (Жамбыл менен Мерке ортосундагы аймакта) катталган. Ал жерден сөөктөрдү өрттөө салтын карманган элге таандык мүрзө-дөбөлөрдүн табылганы эскерилет [Бартольд, 1964, 39-бет].

Тарыхый жазма булактарда кыргыздардын жана түрк тилдүү калктардын диний ишениминде отко сыйынуу мүнөздүү болгон далилдер эскерилет. Отко болгон ишеним сөөк коюу каадасында айкын болгон, алар кирди жана күнөөнү тазалоо үчүн маркумдун сөөгүн өрттөп, сөөктөрдү көмүшкөн. Енисей кыргыздарына сөөктү өрттөө жөрөлгөсү мүнөздүү болгону белгилүү. Маалыматтардын кыргыздарга карата айтылганы талаш жаратпайт. 1050-1053-жылдары жазылган персиялык автор Гардизинин «Зейн аль-ахбардын» («Украшение известий», «Маалыматтардын жасалгасы») аттуу эмгегинде: кыргыздар индустарга окшоп өлгөндөрдү өрттөшөт: «от эң таза нерсе; отко тийген нерсенин баары тазаланат: (ошентип) маркумдун кирин кетирип жана күнөөсүнөн арылтат» деп эскерилет.

Бир жагынан орто кылымдагы мүрзө-дөбөлөрдү изилдөөнүн жыйынтыктарына жана жазма булактагы маалыматка караганда, Енисей кыргыздарына мүнөздүү өрттөлгөн көмүүлөрдү Теңир-Тоодон түздөн-түз издөө максатка ылайыксыздыгын көрсөтүүдө [Табалдиев, 1996, 195-204-бб]. Ал-Марвазинин эмгектеринин маалыматтарына ылайык, өлгөндөрдү өрттөө жөрөлгөсү мурда болуп, өтүп кеткен жөрөлгө катары, алар (кыргыздар) мусулмандардын коңшусу болуп жашай баштаганга чейинки маалымат катары эскерилет: «хирхиздерде жөрөлгөсү боюнча маркумдардын сөөгү өрттөлөт; алар от тазалайт жана аларды таза кылат деп ишенишет. Бул алардын байыркы убактардан бери көнүмүш адаты болчу, бирок алар мусулмандардын кошуналары болгондон кийин өлгөндөрдү көмө баштажкан» [Караев, 1994, 55-бет].

Бүгүнкү күндө анча-мынча археологиялык материалдар көрсөткөндөй, 840-жылдагы окуялардан кийин Теңир-Тоого келген енисейлик кыргыздардын бир бөлүгү сөөк коюу каадасынын айрым өзгөчөлүктөрүн сактап калган болушу мүмкүн.

Теңир-Тоодо мүрзө-дөбөлөрдү (кургандарды) казуунун жүрүшүндө алынган айрым маалыматтар бар. Бул Енисей кыргыздарынын маданияты үчүн мүнөздүү болгон өрттөлүп көмүлгөн маркумдун мүрзөсүнө «жашыруун буюмдардын» көмүлүшү («тайник») Енисей кыргыздары каза болгондорду өрттөгөнү жалпыга маалым. Кыргыздарынын мүрзө-дөбөлөрүндө, өлгөн адамдын сөөктөрүнөн

тышкары, буюмдар көмүлгөн чуңкурлар көп кездешет [Кызласов, 1981, 55; Дашковский, 2015].

Мындай чуңкурлар Теңир-Тоодогу байыркы жана орто кылымдагы мүрзө-дөбөлөрдү изилдөө учурунда катталган эмес. Демек, бул ырым, жөрөлгө Теңир-Тоодогу байыркы жана орто кылымдагы калктарына урууларына мүнөздүү болгон эмес. Биздин замандын биринчи жана экинчи миң жылдыктарынан тартып мүрзө-дөбөлөрдүн алдында атайын көмүлгөн металл буюмдардын топтору байкалган (ат-жабдык, кемер кур шөкөттөрү). Мурда бул белги Кочкор өрөөнүндөгү Ичке-Жылга мүрзөсүндө катталган [Кибиров, 1995, 43-46-бб]. Бул жерде 0,65 см тереңдикте күйгөн оттон калган белгилери бар металл буюмдар табылган.

1990-жылы Кыргызстандын жаш тарыхчылар жамаатынын археологиялык экспедициясы учурунда Нарын шаарынын батыш четинде, Ала-Мышык көрүстөнүндө №120-дөбө-мүрзөдө Енисей, Алтай кыргыздарынын сөөк коюу каадасынын белгилери бар мүрзө казылган. 0,40 метр тереңдикте, күл аралашкан катмарда темир буюмдардын тобу табылды. Анда ат жабдыктардын бөлүктөрү - үзөңгүлөр, басмайыл тогосу, ээрдин жээгин карматкан темирлер болгон. Мүрзөнүн түштүк бөлүгүнөн чоң кишинин сөөгү табылып, борборунда жаш баланын сөөгү коюлган. Баланын скелетинин айланта от калдыгы, жыгачтын көмүрү, чок калдыгы сакталып калган. Кыязы, көмүлө электе мүрзөнүн чуңкуру жыгач менен капталып, өрттөлгөн. Казууда колго ийленип жасалган чопо идиш табылган. Жалпысынан эки маркумдун сөөгү табылган. Алар ачылганга чейин мүрзө-дөбөсү алынгандан кийин күл аралашкан абалда темир буюмдардын табылышы Теңир-Тоо эстеликтеринде мурда кездешкен эмес. Буюмдар боюнча курган XI-XIV кылымдарга таандык деп аныкталган [Худяков, Табалдиев, 115-б]. Мүрзө-дөбө алдында буюмдарды калтыруу Енисейдеги, Алтайдагы орто кылымдагы кыргыздардын маркумду көмүү жайларында кездешет.

Кочкор өрөөнүндөгү Бел-Саз көрүстөнүндө, дөбө-мүрзөнүн үстүнкү катмарын алып жаткан учурда, борбордук бөлүгүңдө 10 см темир шакекчелерден түйүлгөн соот үзүндүсү, төңөлүктүү ооздук, того жана эки коолдолгон коло пластина табылган. Алдында 1,20 см тереңдике жарма көрдө чачылган абалда маркум сөөгү, коло сөйкө, эки темир үзөңгү табылган. Эстелик б.з. XIII-XIV кылымдарына таандык деп аныкталган [Табалдиев, 1996, 103-б., сүрөт. 5, 3-8.].

Алайда, Кирпи-Сай көрүстөнүндө, мүрзөнүн чуңкурунун жанында, маркумду көмгөнгө чейин же андан кийин өрт жагылган узундугу 30-35 см

келген атайын чуңкур табылган. Чуңкурдун ичинде жыгачтын күйгөндөн кийинки көмүрлөрү сакталып калган.

Жогоруда эскерилген мүрзө-дөбөлөрдүн астында атайын көмүлгөн буюмдардын топтому («тайники"), көрдүн ичинде же жанында казылган чуңкурда отту колдонуу – орто кылымдагы Теңир-Тоо калкынын сөөк коюу ырым-жырымындагы жаңы белгилер. Мында буюмдарда «жашырып көмүүчү жерлер" орто кылымдардагы Енисей, Алтай кыргыздарынын маданиятында, эстеликтеринде көп кездешет.

Көрүнүп тургандай, Бел-Саз, Кирпи-Сай, Ала-Мышык көрүстөндөрүндө маркумдун өрттөлгөн (кальцийге айланган) сөөктөрү табылган жок. Бардык дөбөлөрдө маркумдар сөөгү өрттөбөй көмүү (ингумация) жөрөлгөсү боюнча көмүлгөн. Бирок от менен байланыштуу ырым аткарылган жана Енисейдеги, Алтайдагы кыргыздар сыяктуу мүрзө-дөбөнүн алдында буюмдарды көмүүчү жайлары болгон. Бул сөөк коюу жөрөлгөсү өзгөргөндө болушу мүмкүн эле. Анткени, сөөк коюу жөрөлгөсү консервативдүү, эски салтты сактоого ынтызар. Калк сөөк коюу жөрөлгөсү өзгөргөнүнө карабастан, салттуу элементтерди сактаган.

Жогоруда биз ал-Марвазинин "Тавай ал-хайаван" эмгегин эскергенбиз, анда кыргыздар мусулмандарга коңшу жашаган учурда сөөк коюу каадасын өзгөрткөнү эскерилет. Демек, учурда Теңир-Тоодо Енисей, Алтай кыргыздарына мүнөздүү болгон ырым-жырымды эмес, мусулмандардын таасиринен кийин өзгөртүлгөн маркумду узатуу жөрөлгөсүнүн изин издөө, табуу маселеси жаралып отурат. Мындан тышкары, Тенир-Тоодо табылган Енисей кыргыздарына мүнөздүү кемер курдун бастырмалары, темир жебелердин учтары, ат жабдыктарынын буюмдары бар. Алар Д.Г. Савиновдун эмгегинде каралган [Савинов, 1989]. Кыргызстандын аймагындагы археологиялык эстеликтерди изилдөө процессинде изилдөөчүлөр тарабынан Енисей кыргыздарына мүнөздүү буюмдардын бүтүндөй комплекси табылган. Алар Теңир-Тоонун чыгыш кырка тоолоруна чейин жеткен кыргыздардын айрым топтору менен байланышта болушкан [Савинов, 1989, 77-90-б.; Грач ж. б. 1998, 73-б.; Табалдиев, Худяков, 1999, 514-520-бб].

Кыргыздардын этникалык тарыхы антропологдор тарабынан 1953-1954-жылдары комплекстүү археологиялык-этнографиялык экспедиция учурунда жакшы изилденген. Антрополог В.П. Алексеевдин алгачкы изилдөөлөрүнүн тыянактарына ылайык, азыркы кыргыздар краниологиялык жактан «Енисей кыргыздары» менен тыгыз морфологиялык окшош болгондуктан, алардын

генетикалык туугандыгы жөнүндө суроого оң жооп берүүгө мүмкүндүк берет" [Алексеев, 1956, 115-б.].

Жогоруда келтирилген археологиялык далилдер, жазуу жүзүндөгү булактардын маалыматтары менен бирге, Енисей кыргыздарынын Теңир-Тоого келгенинен кабар берет. Бирок массалык көч же кыргыз жоокерлеринин айрым отряддарынын болушу жөнүндө айтуу азырынча кыйын.

Енисей кыргыздарынын маданиятынын айрым белгилери азыркы кыргыздардын маданиятында байкалат. Мисалы, «жылдын белгилүү мезгилдеринде» маркумду жоктоп ыйлоо, үн чыгаруу, үстү конустуу жана алды кайрылган ак кийизден жасалган калпактар кыргыз маданиятында жашап келе жатат. Кыргыздардын календардык салты сакталып калган: "үч ай жылдын төрттөн бир бөлүгүн түзөт. Жылдар он эки белги аркылуу эсептелет: мисалы, Инь белгисиндеги жыл жолборс жылы деп аталат...» деп кытайлар династиялык хроникада б.з. 618-907-жылдары жазышкан. Ушул эле жазма булактарда бозого окшош ичимдиктин болгону эскерилет.

Бул жерде Енисей кыргыздары келгенге чейин жашаган түрк тилдүү калктардын, мисалы алар менен тыгыз байланышта болгон түргөштөрдүн маданиятынын көптөгөн белгилери азыркы кыргыздардын маданиятында сакталып калган. Бүгүнкү күнгө чейин кыргыздар жылкыны маркумдун кара ашында курмандыкка чалышат. Этнограф Т.Д. Баялиеванын пикири боюнча, бул жөрөлгө генетикалык жактан байыркы түрктөрдүн салты менен байланыштуу. Ислам динин кабыл алгандан кийин ат менен көмүү салты өзгөртүлүп, маркум менен кошо курмандыкка чалынып көмүүгө арналган ат жаназа, дооран окуган молдого берилип калган («Бурак-ат»).

Орто кылымдагы айрым кийимдин үлгүлөрүн, ат жабдыктын өнүүгү жолун улаган белгилер азыркы кыргыз, казак маданияты аркылуу айкын чагылып турат. Тоң жергесиндеги Көл-Төр айылынан табылган, тебетейчен ташка чегилген жоокер айкели азыркы кыргыздардын орто кылымдагы түрк тилдүү калк менен этнографиясы бир болгонун айкын көргөзүп турат.

Орто кылымдагы түрк тилдүү этностордун жана Енисей кыргыздарынын маданияты кеч орто кылымдагы кыргыздардын маданиятынын негизин түзгөн. Генеалогиялык легенда боюнча, кыргыздар менен түрктөрдүн түпкү тамыры бир. Кытай жазма булагында алардын тили, ишеними жана маданиятынын бирдиктүүлүгүн, атүгүл эркектердин чач жасалгалары, кийимдери ж. б. окшоштугу ачык белгиленген.

Бүгүнкү күндө Теңир-Тоонун орто кылымдагы калкы боюнча краниологиялык материал топтолгон. Антрополог С. С. Тур «түрк мезгилинде Теңир-Тоого келип чыгышы боюнча VI-X кылымдардагы Тоолуу Алтай жана VII-XI кылымдагы Минусун ойдуңу менен байланыштуу көчмөн калк келет [Тур, 2001, 76-78-б]. Бул жыйынтыктар жазуу булактары жана археологиялык изилдөөлөрдүн маалыматтары менен так дал келет.

Учурдагы жалпы кыргыз маданияты менен орто кылымдагы түрк тилдүү калктардын ортосундагы байланышты б.з. II миң жылдыгынын ичиндеги археологиялык табылгалар далилдүү чагылдырып турат. Айрыкча, маркумду көмүүчү жайлардан топтолгон маалыматтар аркылуу үзгүлтүксүз өнүгүү жолун, маданиятынын катмарларын көрө алабыз. Жакынкы XVIII-XIX кылымдарга чейин кыргыз ээрлери орто кылымдагы түрк доорундагы жана кеч орто кылымдагы ээрлердин негизги салттуу белгилерин сактап келген. Кийинчерээк гана алдыңкы кашы, эки капталындагы текчелери өзгөртүлүп, өркүндөтүлөт. Баштагыдай курама ээр эмес, бир бүкүлү теректен ээр чабууга өтүшөт. Аялдардын бийик шөкүлө сыяктуу баш кийимдеринин өнүгүү жолу боюнча да далилдер чогултулган. Жалпылап айтканда, археологиялык маалыматтар бара-бара топтолуп, кыргыздардын, казактардын бири-бирине жакын материалдык жана руханий маданиятынын калыптанышынын узак жолун көрсөтүп турат.

**Корутунду**

Байыркы жана орто кылымдагы Теңир-Тоонун жана ага чектеш аймактардын калкынын археологиялык материалы алардын материалдык жана руханий маданиятынын калыптанышынын узак жолун далилдүү көрсөтөт. Археологиялык изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, маданияттын эволюциясын толук чагылдыруу үчүн Теңир-Тоодон гана алынган материалдар жетишсиз. Теңир-Тоо калкынын жана маданиятынын бир бөлүгү башка аймактарда калыптанып келип тараган. Ошондуктан Теңир-Тоонун байыркы жана орто кылымдагы калктарынын археологиясынын көптөгөн көйгөйлөрү Орто жана Борбордук Азиянын маданиятынын алкагында изилденет.

Этникалык кырдаалды иликтөөдө маркумду көмүүчү жайлар жана эскерүү эстеликтери ишенимдүү булак болду. Биринчиден, алар сөөк коюу ырым-жырымдарынын өзгөрүшү боюнча көрсөтмөлүү маалыматтарды беришет. Экинчиден, алар эстеликтин кайсы этноско таандык болгонун изилдөө үчүн көрсөтмөлүү белгилери бар материалдык табылгаларды камтыйт.

Теңир-Тоонун археологиялык маалыматтарында Борбордук Азиянын чыгыш аймактарынан келген маданияттардын белгилери ачык байкалат. Коло доорунун аягында жана темир доорунун башталышында калктын жашоосундагы өзгөрүүлөр эң ачык көрүнөт. Мисалы, херексур, бугу таштары жана жаңы антропологиялык типтердин пайда болушу Монголиянын батыш бөлүгүнөн, Алтай тараптан келген миграциянын болгонун айкын көрсөтүп турат. Бул уруулар келечекте – б.з.ч. I миң жылдыктагы сак-усун урууларынын маданиятынын калыптанышында чоң роль ойногон. Улам мезгилдин өтүшү, жаңы маалыматтардын табылышы менен жергиликтүү уруулардын маданияты менен жаңы көчүп келген калктардын маданиятынын бири-бирине таасир этиши боюнча ишенимдүү далилдери топтолууда.

Кезектеги маданий-генетикалык процесстер б.з. I миң жылдыгынын биринчи жарымында Борбордук Азиядан, чыгыштан батышка карай көчмөн, жарым көчмөн калктын миграциясы учурунда башталган. Тарыхый окуяларды архелогиялык маалыматтарга байланыштырганда, бул процесстер Борбордук Азия хунндарынын империясынын күчтөнгөн мезгилине байланыштуу. Азырынча Теңир-Тоодо Монголиядагыдай, бурят жергелеринде табылган сыяктуу хуннулардын мүрзө-дөбөлөрү табылган жок. Бирок татаал түзүлүштөгү хунну жаалары, курмандыкка чалынган жаныбарлардын баш сөөктөрүнүн хуннулар мезгилиндеги мүрзөлөрдөн табылышы, хунн урууларынын Теңир-Тоого келишин жокко чыгарбайт. Кетмен-Төбөдөгү хуннуларга мүнөздүү борбордук-азиялык монголоиддик антропологиялык типтердин пайда болушу физикалык антропология адистери тарабынан далилденген.

Биздин замандын 410-560-жылдарынын аралыгында «усундарга» мүнөздүү мүрзө-дөбөлөр табылып изилденгенине караганда, сак-усун чөйрөсүнүн мурунку жергиликтүү калкынын маданияты биздин замандын I миң жылдыгында, орто кылымдарга чейин уланганы радиоуглероддук анализ натыйжаларынан көрүнүп турат. Ысык-Көлдө жана ага жакын жерлердеги «бурчтарында таш мамылары бар дөбөлөрдү» ачуу жана радиокөмүртектүү даталоо ыкмасы менен алынган даталар ушул мезгилдеги Теңир-Тоо калкынын маданиятынын көп кырдуу болгонунан кабар берет. Эки миң жылдыктын тогошкон мезгилинен тартып мурдагы жергиликтүү сак-усун мезгилинин калкынын урпактары менен сырттан көчүп келген жармоо (подбой), казанак (катакомба) көрлөргө койгон салты бар калктардын ортосунда өтө тыгыз маданий байланыш, каада-салттарынын аралашуусу өтөт. Мисалы, көчүп келип отурукташкандан кийин, алардын айрым топтору мансаптуулардын, орто катмарлардын мүрзө-дөбөлөрүн түндүк-түштүк багытында жайгаштыра башташат. Бул мезгил ичинде батыштан чыгышка карай

жылган маданий белгилердин жылышы байкалат. Мисалы, Теңир-Тоодо, Чыгыш Европага мүнөздүү зер буюмдар, "×" тамгасы түрүндөгү белгилери бар тоголор кездеше баштайт.

Теңир-Тоодо төрт миң жылдык маданий катмары бар (3913±28) турак-жайдын ачылышы жана туруктуу, көп тараптуу изилдөө аркылуу дан өсүмдүктөрүн (таруу, арпа, буудай) коло доорунда, эрте темир доорунда үзгүлтүксүз өстүрүү маданияты болгону далилденди. Жер иштетүү менен байланыштуу чарбачылык кийинки кылымдарда да тынымсыз өнүгө берген. Теңир-Тоодо жана айланасында ар кандай климаттык шарттарда комплекстүү чарба жүргүзүүчү калктын маданияты ар кандай деңгээлде өнүккөн. Коло доорундагы маркум сөөктөрүн изилдөө аркылуу Теңир-Тоо калкынын Орто Азиянын түштүгү менен маргиана-бактрия маданиятынын калкы менен болгон байланыштары ачылууда.

Теңир-Тоодогу маданий-генетикалык процесстердин кийинки баскычы Биринчи Түрк каганатынын түзүлүшүнөн кийинки жалпы Борбордук Азиянын саясий кырдаалынын алкагында өтөт, Борбордук Азиядан түрк тилдүү калктардын келиши менен маркумду жылкысы менен бирге көмүү, айкел орнотуу, рун сымал жазуу, көркөм өнөр сүрөттөрүнүн жаңы үлгүлөрү тарайт. Теңир-Тоонун этектеринде, тоо кыркалары менен курчалган өрөөндөрүндө түрк тилдүү калктардын, согдиялыктардын жана мурдагы сак-усун жергиликтүү маданияттарынын урпактарынын, жармоо көрлөргө, катакомбаларга көмгөн калктардын (Кеңкол маданиятынын калкынын), «бурчтарында таш мамылары бар» бар мүрзө-дөбөлөрдү калтырган калктардын ортосунда терең өз ара карым-катышы жүрөт. Теңир-Тоо калкынын сөөк коюу каадасында жергиликтүү жана түрк тилдүү этностордун каада-салттары бириккенде жаңы элементтер пайда болот. Мисалы, жаңылык, казанак көргө маркум жаткырылып, анын кириш тарабына жылкыны жайгаштыруудан, жармоо көрлөрдүн (подбой) көп тарай баштагандыгынан байкалат.

Түрк тилдүү элдердин маданиятын салыштырмалуу талдоо учурунда материалдык маданияттын айрым элементтеринин эволюциясы, уланып өнүгүшү ачык байкалат. Уланып өнүгүү жүгөндөрдө, аскер буюмдарында, аты бирге көмүлгөн казанактуу (катакомбалуу) мүрзөлөрдөгү жылкысы менен көмүүчү жайлар аркылуу баамдоого болот. Эрте орто кылымдагы материалдык маданияттын көптөгөн мүнөздүү белгилери XII–XV кылымдарда кездешет.

Жазма жана археологиялык булактарга ылайык, орто кылымдагы түрк тилдүү этностор Орто Азиянын бардык региондорунда жашашкан жана

кийинчерээк Орто Азиянын бардык элдеринин курамына кирген же алардын кыйла бөлүгүн түзгөн. Этникалык процесстердин жүрүшүндө алардын ата-бабаларынын ысымдары жоголгон. Алар демилгелүү, алдыңкы элдердин айланасында биригип, Борбордук Азиянын учурдагы түрк тилдүү элдеринин негизин түзүштү.

Жаңы доордун экинчи миң жылдыгындагы жаңы жазуу эстеликтеринин ачылышы менен аларды археологиялык, тарыхый, лингвистикалык булак катары колдонуу жана диний ишенимдерди изилдөө мүмкүнчүлүктөрү кеңейди.

Этнографияны археологиялык маалыматтар менен удаа изилдөө маанилүү жана кызыктуу. Алар маданияттын өнүгүү жолун, салттуу маданияттардын өзгөрүшүн, ырым-жырымдардын, үрп-адаттардын келип чыгышын көрсөтөт. Археологиялык табылгалар материалдык маданияттын тигил же бул элементтеринин, мисалы, ат жабдыктарынын, жасалгалардын, кийимдердин өнүгүшүн байкоого мүмкүнчүлүк берет. Айрым учурларда алардын жоголгон касиеттерин калыбына келтирүүгө мүмкүндүк берет же байыркы жана кийинчерээк орто кылымдагы маданияттардын ортосундагы байланыштыруучу звено катары кызмат кылат. Муну биздин элдердин фольклору да далилдеп турат. Тарыхка тереңирээк кирген сайын, алардын түпкүлүгү бири-бирине жакын болгону көрүнүп турат. Бир сөз менен айтканда, орто кылымдагы түрк тилдүү элдердин маданияты Орто Азия элдеринин азыркы маданиятында жашап келет. Убакыттын өтүшү менен алар өзгөрүүлөргө дуушар болуп, өркүндөп отурган.

Кыргыздардын жана казактардын материалдык жана руханий маданиятында орто кылымдардагы түрк тилдүү калктардын маданиятынын белгилери арбын. Сөөк коюу жана маркумду эскерүү жөрөлгөсүндө кытай династиялык хроникасында сүрөттөлгөн ырым-жырымдардын өзгөчөлүктөрү эки элдин этнографиясында сакталып калган (маркумду жоктоп өкүрүү, үн чыгаруу, сөөк коюу учурунда жылкы союу, тул калган жесирлердин бетин тытышы, курмандыкка чалынган аттын куйругун мүрзөгө илип коюу, маркумдун урматына курмандыкка чалынган аттын баш сөөгүн күмбөзгө калтыруу). Айрым ырым-жырымдар айрыкча исламдын таасири менен өзгөрүлдү.

Эрте орто кылымдардагы түрктөрдүн жана азыркы кыргыздардын жана казактардын маданиятынын байланыштыруучу далилдер XII-XV кылымдардагы археологиялык материалдарда кездешет. Дал ушул орто кылымдагы археологиялык маалыматтар эстеликтин кайсы этноско тиешелүүлүгүн байланыштуу маселелерди, материалдык маданияттын элементтеринин келип чыгышына байланыштуу маселелерди аныктоодо жардам берет.

Теңир-Тоонун көчмөн, жарым көчмөн маданияттарынын археологиялык жерлерин изилдөө тажрыйбасы боюнча алганда, жалпы Борбордук Азиядагы мезгилдеш маданияттар менен дээрлик үзгүлтүксүз этногенетикалык байланышта болгонун далилдейт.

Изилдөөлөрдө табылган далилдердин болушуна карабастан, туруктуу экономикалык өнүгүү мезгилинде мезгилдүү көчмөндөрдүн бир бөлүгүнүн отурукташуусу көп эске алынган эмес. Ушул убакка чейин тоо этектеринде жайгашкан орто кылымдагы шаар четиндеги конуштарды изилдөөгө анча көңүл бурулган эмес. Бул жагдайда Ысык-Көлдөн (Кан-Дөбө), Кочкордон (Көк-Сай) алынган жаңы далилдер бар. Көк-Сайдагы караханиддер мезгилиндеги таш курулушун ачуу жана георадар аркылуу сканерлөө комплекстүү экономиканы (мал чарбачылыкты жана дыйканчылыкты) изилдөө үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Батыш Теңир-Тоонун, Фергана, Алай тоо этектериндеги, Кочкор, ички Тоң, Батыш Ысык-Көл өрөөндөрүндөгү өзгөчө микроклиматы бар жана кыш мезгилинде мал жаюу үчүн жарактуу аймактар менен калктуу конуштар азырынча жетиштүү изилдене элек.

Кышында кар сейрек жааган, кышкы жайыты бар микрочөйрөлөр келечекте максаттуу изилдөөлөрдү талап кылат. Дыйканчылык, карапа өндүрүү, металлургия, мезгилдүү көчмөн чарбасы, үй жанындагы мал чарбачылыгы удаа өнүккөн географиялык чөйрөдөгү тектеш жамааттардын тарыхын  негизсиз, кескин турдө көчмөндөргө жана дыйкандарга бөлүп-жаруу туура эмес болгонун археологиялык изилдөөлөр аныктап жатат. Теңир-Тоонун айрым ички өрөөндөрүндөгү, тоо этектериндеги шаар-чептерди, конуш-жайларды комплекстүү экономиканы жүргүзгөн калктын маданияты катары кароого негиз бар. Алар катмарлуу, бир нече кылымдар бою, атүгүл миңдеген жылдар бою тынымсыз өнүгүп келген. Коло доорунан орто кылымдарга чейин (Кошой-Коргон) археологиялык катмарларды камтыган конуштар белгиленүүдө. Мисалы, Ысык-Көлдөгү Кан-Дөбө, Таластагы Бейшеке шаарларынын көрүстөндөрүндө илгертен бери – сак-усун доорунан бери жашап келе жаткан жергиликтүү антропологиялык типтеги адамдардын баш сөөктөрү изилденген [Ходжайов, 1975, -б].

Орто кылымдагы конуш-жайларды, шаарчаларды изилдөөдө аларда жашаган калкка негизсиз бирдей этникалык түс берүү же аларды монокультуралык көрүнүш катары мүнөздөөгө мүмкүн эмес. Тарыхый жазма булактар, археологиялык изилдөөлөр боюнча Чүйдөгү шаарлардагы калк эки тилде сүйлөгөн жана ар бир калк өз диний ишенимин карманган.

Алсак, Кыргызстандагы XI-XII кылымдардагы шаар-чеп эстеликтеринин астынкы катмарында караханидер дооруна чейинки жана кийинки катмарлар

аныкталган же табылган (Кожемяко, 1963). Жакында алынган Кан-Дөбө шаарчасынан алынган материалдарга караганда, анын тегерегиндеги аймактарда көп кылымдарды кучагына алган, көп кырдуу эволюциялык процесстер жүрүп турган. Археологиялык далилдерди көп тараптуу изилдебей, Кыргызстандын аймагында эволюциялык процесстердин жоктугу тууралуу сөздөр дайыма эле орундуу боло бербейт. Кыргызстандын маданиятынын миңдеген жылдык тарыхын ар кандай маданияттар механикалык түрдө өзгөрүп турган, баскычтуу тарых катары гана кабыл алууга негиз жок.

## Диссертациянын негизги жоболору изилдөөчүүн төмөндөгү эмгектеринде чагылдырылган:

*Монографиялар*:

1. Табалдиев К.Ш. Курганы средневековых кочевых племен Тянь-Шаня. – Бишкек, 1996. –256 стр. Подготовлен в рамках программы «Трансформация гуманитарного образования в Кыргызской Республике», осуществленной Фондом Сороса-Кыргызстан совместно с Министерством образования и науки Кыргызской Республики. ISBN 5 – 86696-008-6
2. Москалев М.И., Табалдиев К.Ш. Митько О.А. Культурасредневекового населения Внутреннего Тянь-Шаня и сравнительный анализ с сопредельными регионами Центральной Азии. – Бишкек, 1996. 394 стр. Издан Фондом Сороса-Кыргызстан.
3. Табалдиев К.Ш., Кайрат Белек. Памятники письменности на камне Кыргызстана (свод памятников письменности на камне). – Б.: «Учкун», 2008. – 336 с. . ISBN 978-9967-428-90-4
4. Худяков Ю.С., Табалдиев К.Ш. Древние тюрки на Тянь-Шане. – Новосибирск. Издательство Института археологии и этнографии СО РАН, 2009. 292 с. ISBN 978–5-7803–0192–9
5. Табалдиев К.Ш. Древности Тянь-Шаня. Изд. Центральноазиатского университета. – Бишкек, 2011. 335 с. ISBN 978-9967-26-422-9
6. Tabaldyev Kubatbek Medieval Tamga-Signs of Kyrgyzstan Pp. 364-386 (Глава 10.) Средневековые знаки-тамги Кыргызстана? .) // Tamgas of Pre-Islamic Central Asia. Chapter 10. Samarkand: IICAS (International Institute for Central Asian Studies), 2019. – 452 p. (Тамги доисламской Центральной Азии.) – Самарканд: МИЦАИ, 2019. – 452 с.). (раздел научной книги)

## Кыргыз Республикасынын ЖАК тарабынан сунуш кылынган басмаларда жарык көргөн эмгектери

1. Tabaldiev K.Š Neue Funde der sakenzeit aus dem Tien Shan. EURASIA ANTIGUA. Zeitschrift für archäologie Eurasians. Band 2. –Berlin 1996. Pages 355-361. ISBN 5 – 0949-0434
2. Hudiakov Y.S. Tabaldiev K.Sh., Soltobaev O.A. Helmet findings in Kirgizstan // Archaeology, Ethnology of Eurasia 1 (5) 2001. – C.101-105. ISSN 1563 - 0102
3. Худяков Ю.С., Табалдиев К.Ш., Солтобаев О.А. Комплекс памятников с руническими надписями в местности Кок-Сай в Кочкорской долине на Тянь-Шане // Археология, этнография и антропология Евразии. Новосибирск. Номер 3 (11) 2002. –С.124-132.
4. Hudiakov Yu.S., Tabaldiev K.Sh., Soltobaev O.A. An Archaeological complex with Runic Inscriptions in Kok-Say, the Kochkor valley, Tien Shan // Archaeology, Ethnology and Antropology of Eurasia. 2002. № 3. P. 124-131.
5. Zwei neu gefundene syrsche Grabsteine aus Kurguzstan // Hidden Treasures and Intercultural Encounters. Studies on East Syrias Christianity in China and Central Asia. Berlin, 2009. 87-90.396 с. ISBN 978-3-643-50045-90-8 (Wasilios Klein und Kuvatbek Tabaldiev)
6. Худяков Ю.С. Табалдиев К.Ш. Солтобаев О.А. Шлемы найденные на территории Кыргызстана //Археология, этнография и антропология Евразии. Номер 1(5). –Новосибирск, 2001. –С. 101-106 (на русском и английском языках).
7. Табалдиев К.Ш., Солтобаев О.А. Рунические надписи Кочкорской долины // Известия Национальной Академии наук Кыргызской Республики. №1-2. –Бишкек, 2001. –С. 68-73.
8. Hudiakov Y.S. Tabaldiev K.Sh., Soltobaev O.A. Helmet findings in Kirgizstan // Archaeology, Ethnology of Eurasia 1 (5) 2001. – C.101-105. ISSN 1563 - 0102
9. Ancient Turkic Stone Statues at Tuura-Suu, Kyrgyzstan // Archaeology, Ethnology & Anthropology of Eurasia. 43 (2) 2015) ISSN: 1563-0110 (Y.S. Hudiakov, K.S. Tabaldiev, A.Y. Borisenko, and A. Orozbekova).
10. A new old Turkic runik inscription on a boulder from Talas” *Journal of Turkish Studies/Türklük Bilimi Araştırmaları, Feschrift on Honour of Orhan Okay I*, Harvard University, Volume 30/I, 2005; p. 121-125. Alimov, R., Tabaldiev K.,
11. Korjenkov A.M., Tabaldiev K.Sh., Bobrovskii Al.V., Bobrovskii Ar.V., Mamytov E.M., Orlova L.A. A macroseismic study of the Taldy-Sai caravanserai in the Kara-Bura River valley (Talas bazin, Kyrgyzstan) // Russian Geology and Geophysics 50 (2009) 63-69. ISSN 10-7971.
12. Традиции, связанные с животными, в погребальной практике кочевников Тянь-Шаня // Вестник НГУ. Серия: История, филология. – Новосибирск, 2013. Т. 12, вып. 3: Археология и этнография. – С. 157-167. ISSN: 1818-7919
13. Оружие, украшения и принадлежности костюма памятника «Красный строитель» в Чуйской долине Кыргызстана // Археология, этнография и

антропология Евразии Том 43, №1, 2015. – С. 61-72 (в соавторстве с Худяковым Ю.С., Борисенко А.Ю. РИНЦ)

**14.** Weaponry, Adornments, and Garment Accessories from the Krasnyi Stroitel Site in the Chuy Valley of Kyrgyzstan // Archaeology, Ethnology & Anthropology of Eurasia. 43 (1) 2015) ISSN: 1563-0110. (в соавторстве с Худяковым Ю.С., Борисенко А.Ю.

**15.** Худяков Ю.С., Табалдиев К.Ш., Борисенко А.Ю., Акматов К.Т. Коллекция железных наконечников стрел в собрании древностей музея Бурана в Кыргызстане // Вестник НГУ. Серия: История, филология. – Новосибирск, 2013. Т. 2, вып. 5: История, филология – С. 214-220.

**16.** Худяков Ю.С., Табалдиев К.Ш., Борисенко А.Ю., Акматов К.Т. Сложносоставные луки с памятника Уч-Курбу в Кыргызстане // Археология, этнография и антропология Евразии 3(55) 2013.81-86. (Scopus).

**17.** Khudiakov, Tabaldiyev, Borisenko, Akmatov Compound bows Uch-Kurbu Monuments in Kyrgyzstan// *Archaeology, Ethnology and Anthropology of Eurasia*. (3 (55)/ 2013. 81-86. (Scopus)

**18.** Древнетюркские каменные изваяния из с. Туура-Суу в Кыргызстане // Археология, этнография и антропология Евразии. Том 43 № 2 2015 (в соавторстве с Ю.С. Худяковым, А.Ю. Борисенко, Ж. Орозбековой РИНЦ, SCOPUS)

**19.** Вооружение западных тюрок // Вестник НГУ. Серия: история, филология. Т. 5. Вып. 3. Археология и этнография. Новосибирск, 2006. С. 70-86. (в соавторстве Борисенко А.Ю., Худяков Ю.С., Табалдиев К.Ш., Солтобаев О.А.)

**20.** Табалдиев К.Ш. Древние этнокультурные связи Алтая и Тянь-Шаня (Тенир-Тоо, Ала-Тоо) // Мир большого Алтая. Издательство Усть-Каменогорского университета. Том: 3. №4. Усть-Каменогорск, 2017. – С. 580-595. РИНЦ.

**21.** Табалдиев К.Ш. Древние этнокультурные связи Алтая и Тянь-Шаня (Тенир-Тоо, Ала-Тоо) // Мир большого Алтая. Издательство Усть-Каменогорского университета. Том: 3. №4. Усть-Каменогорск, 2017. – С. 580-595. (РИНЦ)

**22.** Giedre Motuzaite Matuzeviciutea,□, Aida Abdykanovab, Shogo Kumec, Yoshihiro Nishiakid, Kubatbek Tabaldiev. The effect of geographical margins on cereal grain size variation: Case study for highlands of Kyrgyzstan. Journal of Archaeological Science: Reports. Contents lists available at Science Direct. Journal of Archaeological Science: Reports 20 (2018) 400–410. journal homepage: www.elsevier.com/locate/jasrep

**23.** Tabaldiev Kubatbek (совтор) Acient human genomes from across the Eurasian steppes. Article *in* Nature · May 2018. DOI: 10.1038/s41586-018-0094-2. ©

2018 Macmillan Publishers Limited, part of Springer Nature. All rights reserved
https://www.researchgate.net/publication/325047876
https://doi.org/10.1038/s41586-018-0094-2

**24.** Tabaldyev Kubatbek The origins of the Kyrgyz peoples formation and their culture // Making the Kyrgyz. Cambridge Scientific Publishers Ltd. 2018. (научная статья с специальном издании Кембриджа). 57-72pp/

**25.** Tabaldyev Kubatbek Problems in the Study of the Archeology and History of the Medieval Kirgiz. // International Journal of Eurasian Studies. Vol. IX. Special Issue on the Study of Kirghiz History and Culture. Pekin 2019. Pp. 6-22. (научная статья с специальном издании Китайского института Истории, Пекин)

**26.** Tabaldiev Kubatbek, (соавтор) *Tracking Five Millennia of Horse Management with Extensive Ancient Genome Time Series*, Fages et al., 2019, CELL 177, 1419–1435 May 30, 2019 ª 2019 The Author(s). Published by Elsevier Inc. Kubatbek Tabaldiev66 (совтор) The formation of human populations in South and Central Asia. HUMAN EVOLUTION. Downloaded from http://science.sciencemag.org/ on September 5, 2019. Narasimhan et al., Science 365, 999 (2019) 6 September 2019. Pp. 1-15. Импакт-фактор: 41.037

**27.** Giedre Motuzaite Matuzeviciute, Kubatbek Tabaldiev, Taylor Hermes, Elina Ananyevskaya, Mindaugas Grikpedis, Elise Luneau, Inga Merkyte & Lynne M. Rouse . High-Altitude Agro-Pastoralism in the Kyrgyz Tien-Shan: New Excavations of the Chap Farmstead (1065–825 cal b.c.) JOURNAL OF FIELD ARCHAEOLOGY. https://doi.org/10.1080/00934690.2019.1672128. ISSN: 0093-4690 (Print) 2042-4582 (Online) Journal homepage: https://www.tandfonline.com/loi/yjfa20

**28.** К.Ш. Табалдиев, К.Т. Акматов, А. Ашык, К. Белек http://journal.asu.ru/wv/article/view/6790НАРОДЫ И РЕЛИГИИ ЕВРАЗИИ. Том 4 № 21 (2019). – С. 48-69. ISSN 2542-2332 (Printed). ISSN 2686-8040 (Online). http://journal.asu.ru/wv/issue/view/403;
DOI: https://doi.org/10.14258/nreur(2019)4.

**29.** Motuzaite Matuzeviciute, G., K. Tabaldiev, T. Hermes, E. Ananyevskaya, M. Grikpedis, E. Luneau, I. Merkyte & L. M. Rouse 2019. High-Altitude Agro-Pastoralism in the Kyrgyz Tien Shan: New Excavations of the Chap Farmstead (1065–825 cal bc). *Journal of Field Archaeology*, 45(1), pp. 29-45. https://doi.org/10.1080/00934690.2019.1672128

**30.** Motuzaite Matuzeviciute G., Basira Mir-Mahamad, Kubatbek Tabaldiev (forthcoming). High- altitude intensive agriculture at the prehistoric Chap I site in Kyrgyzstan: archaeobotanical analysis. 2020. *Vegetation History and Archaeobotany*.

**31.** Motuzaite Matuzeviciute, G., T.R. Hermes, B. Mir-Makhamad & K. Tabaldiev. 2020b. Southwest Asian cereal crops facilitated high-elevation agriculture in the central Tien Shan during the mid-third millennium BCE. *PLOS ONE* 15. Public Library of Science: e0229372. https://doi.org/10.1371/journal.pone.0229372

**32.** Motuzaite Matuzeviciute, G., T.R. Hermes, B. Mir-Makhamad & K. Tabaldiev. 2020b. Southwest Asian cereal crops facilitated high-elevation agriculture in the central Tien Shan during the mid-third millennium BCE. *PLOS ONE* 15. Public Library of Science: e0229372. https://doi.org/10.1371/journal.pone.0229372.

**33.** Motuzaite Matuzeviciute, G., K. Tabaldiev, T. Hermes, E. Ananyevskaya, M. Grikpedis, E. Luneau, I. Merkyte & L. M. Rouse 2019. High-Altitude Agro-Pastoralism in the Kyrgyz Tien Shan: New Excavations of the Chap Farmstead (1065–825 cal bc). *Journal of Field Archaeology*, 45(1), pp. 29-45. https://doi.org/10.1080/00934690.2019.1672128

**34.** Luneu, E., Martinez Ferreras, V., Abdykanova, A., Tabaldiev, K., Motuzaite Matuzeviciute, G. The First Combined Archaeological and Archaeometric Analyses on Bronze Age Pottery from Kyrgyzstan (Uch Kurbu site) 2019. *Journal of Archaeological Science: reports*. Volume 31, June 2020, 102302

**35.** AdrianaSărășan , Adrian-CristianArdelean , AndreiBălărie, RubenWehrheim, KubatbekTabaldiev, Kunbolot Akmatovhttps://www.sciencedirect.com/science/article/abs/pii/S0305440320301722 - ! // Mapping burial mounds based on UAV-derived data in the Suusamyr Plateau, Kyrgyzstan. Journal of Archaeological Science Volume 123, November 2020, 10525 https://www.sciencedirect.com/science/article/abs/pii/S0305440320301722 https://doi.org/10.1016/j.jas.2020.105251

**36.** Табалдиев К.Ш., Херманн Л., Тишин В.В., Железняков Б.А. Новые руноподобные надписи в Кенколе (верховья Таласской долины) // НАРОДЫ И РЕЛИГИИ ЕВРАЗИИ (NATIONS AND RELIGIONS OF THE EURASIA. The founder of the journal is Altai State University) 2020 №3 (24). – С. 65-82. http://journal.asu.ru/wv/article/download/8459/6972?inli

**37.** Pablo Librado, Naveed Khan, Ludovic Orlando The origins and spread of domestic horses from the Western Eurasian steppes. Nature (*Nature*) ISSN 1476-4687 (online) ISSN 0028-0836 (print). https://www.nature.com/articles/s41586-021-04018-9

**38.** Lynne M. Rouse, Kubatbek Tabaldiev, Giedre Motuzaite Matuzeviciute. Exploring landscape archaeology and UAV-based site survey in the Kochkor Valley, Kyrgyzstan. Journal of Field Archaeology. 2022, VOL. 47, NO. 1, 32–53 https://doi.org/10.1080/00934690.2021.194574

**39.** Giedre Motuzaite Matuzeviciute, Elina Ananyevskaya, Jorune Sakalauskaite, Orozbek Soltobaev & Kubatbek Tabaldiev The integration of millet into the diet of Central Asian populations in the third millennium BC // Antiquity 2022 page 1 of 15. https://doi.org/10.15184/aqy.2022.23
**40.** K.T. Akmatov, K.S. Tabaldiev, A. Bălărie, A. Sărășan, and A.-C. Ardelean A Group of Large Kurgans in the Suusamyr Valley, Kyrgyzstan // Archaeology, Ethnology & Anthropology of Eurasia 50/1 (2022) 91–98. https://doi.org/10.17746/1563-0110.2022.50.1.091-098 https://journal.archaeology.nsc.ru/jour/article/view/1393/0?locale=en_US

**Кубатбек Шакиевич Табалдыевдин "Теңир-Тоонун байыркы жана орто кылымдардагы калктарынын маданиятынын эволюциясы (археологиялык изилдөөлөрдүн негизинде)" деген темадагы 07.00.06 – археология адистиги боюнча илимий баяндама түрүндө тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын (Бишкек, 2022)**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** археологиялык изилдөөдөр, археологиялык мезгилдерге бөлүштүрүү, көрүстөндөр, турак-жайлар, маркумдуу эскерүү эстеликтери, айкелдер, рун сымал жазуулар, уруулук тамгалар, эволюция

**Иштин максаты:** Теңир-Тоонун байыркы жана орто кылымдардагы калктарынын маданиятынын ар кыл баскычтардагы тарыхый өнүгүүсүнүн эволюциялык жүрүмүн изилдөө.

**Изилдөөнүн объекти**: Теңир-Тоону мекендеген калктардын эрте темир доорунан тартып кечки орто кылымдарга чейинки мезгилдеги маданий-мезгилдик алкактагы эволюциялык, маданий-генетикалык өнүгүү жүрүмдөрү.

**Изилдөөнүн предмети**: Байыркы жана орто кылымдагы Теңир-Тоодо жашаган калктардын материалдык (заттык), руханий маданиятынын, каада-салттарынын жана чарбалык ишмердигинин жалпы жана өзгөчө белгилерин талдоо.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи**: тарыхый окуялардын жаралышын, өнүгүшүн жана белгилүү тарыхый шартка байланышын изилдей турган тарыхыйлуулук принциптери. Изилдөөнүн жүрүшүндө археологиялык жана этнологиялык изилдөөлөрдө туруктуу пайдаланылып келген усулдар менен удаа табигый илимдердин айрым тармактарынын изилдөө ыкмалары пайдаланылды. Маселен, диссертациялык изилдөөдө бир катар жалпы илимий ыкмалар колдонулган: сыпаттоо, талдоо ыкмасы, аналогия ыкмасы жана археологиялык изилдөөдө колдонулган ыкмалар.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы: байыркы жана орто кылымдардагы Теңир-Тоодогу калктардын маданияты боюнча олуттуу археологиялык маалыматтар илимий чөйрөгө киргизилди. Узак мезгил аралыгында аталган аймакта жашаган калктардын маданиятынын түрүнүн өзгөрүшүнө, эволюциясына байкоо жүргүзүлдү. Б.з.ч. жана орто кылымдардагы чөлкөмдөгү калктардын сөөк көмүү, маркумду эскерүү каадалары боюнча жаңы маалыматтар топтолду; туруктуу жүргүзүлгөн казуу иштери аркылуу Чыгыштан чыккан улуу көч доорунда (б.з. I–V кк.) жашаган теңир-тоолуктардын "бурчтанган таштардын коргону" делген маданиятынын жаңы түрү ачылды; түрк рун сымал жазуусунун мурда белгисиз болгон 30дан ашык эстеликтери табылды жана түркологдор тарабынан окулуп,

которулуп, илимий чөйрөгө киргизилип, эл аралык илимий журналдарда жарык көрдү; чогултулган бай археологиялык материалдарды талдоонун натыйжасында байыркы жана орто кылымдардагы маданий-генетикалык жүрүмдөрдүн баскычтары иштелип чыгып, кыргыздардын айрым маданий салттарынын жана заттык маданиятынын башаттары аныкталды.

Диссертациялык изилдөөдө жетишилген жыйынтыктардын практикалык мааниси. Теңир-Тоо жана ага чектеш аймактардагы эрте темир доорунан тартып орто кылымдарды да камтыган эстеликтерди заманбап археологиялык илимдин жетишкендиктерине таянуу аркылуу иликтөөнү жүзөгө ашырган ушул изилдөө чөлкөмдөгү калктын маданий турмушундагы эволюцияны иликтөөнүн бир катар олуттуу этногенетикалык, хронологиялык, тарыхый-маданий көйгөйлөрүн чечүүгө мүмкүн кылды.

Колдонуу чөйрөсү: Жарыяланган эмгектерде камтылган материалдар гуманитардык илимий багыттагы адистер тарабынан этногенетикалык, маданий-генетикалык жүрүмдөргө байланыштуу көйгөйлөрдү иликтөөдө пайдаланылды.

Археологиялык материалдардын бир бөлүгү Кыргызстандын жана Казакстандын тарыхы боюнча монографиялардын, окуу куралдарынын жана окуу китептеринин тиешелүү бөлүмдөрүн жазууда колдонулду. Андан тышкары, автордун тыянактары жана ал чогулткан материалдар адистер тарабынан Германия, Казакстан, Орусия жана Түркиядагы орто кылымдардагы түрктөрдүн тарыхы жана маданияты боюнча монографияларды жазууда пайдаланылды.

## РЕЗЮМЕ


**диссертации в виде научного доклада Табалдыева Кубатбека Шакиевича на тему: «Эволюция культур древнего и средневекового населения Тянь-Шаня» (по данным археологических исследований) на соискание ученой степени доктора исторических наук, по специальности 07.00.06 – Археология (Бишкек, 2022)**

**Ключевые слова**: археологические исследования, археологическая периодизация, курганы, поселения, погребения, поминальные памятники, каменные изваяния, тюркская письменность, родовые тамги, эволюция.

**Цель работы:** изучение процесса эволюции культур древнего и средневекового населения Тянь-Шаня на различных этапах исторического развития.

**Объект исследования:** эволюционные, культурогенетические процессы, протекавшие на Тянь-Шане в культурно-хронологическом диапазоне от эпохи раннего железного века до эпохи позднего средневековья.

**Предмет исследования:** анализ общих и особенных черт материальной и духовной культуры, традиций, хозяйственной деятельности древнего и средневекового населения Тянь-Шаня.

**Методологической основой исследования** является принцип историзма, предполагающий изучение явлений в их возникновении, развитии и в связи с конкретными историческими условиями. В процессе исследования использованы как традиционные методы археологических и этнологических исследований, так и некоторые методы отраслей естественных наук. Так, в диссертационном исследовании использован целый ряд общенаучных методов: метод описания, анализ, метод аналогий и методы, применяемые в археологических исследованиях.

**Научная новизна работы**: введен в научный оборот значительный археологический материал по культуре древнего и средневекового населения Тянь-Шаня. Прослежены видоизменения, эволюция отдельных элементов культуры населения указанного региона в широком хронологическом диапазоне. Выявлены новые элементы погребального, поминального обрядов населения региона в I тыс. до н. э. и в эпоху средневековья; выделен новый вариант культуры «курганов с угловыми камнями» населения эпохи Великих переселений народов (I–Vвв. н. э.); обнаружены более 30 ранее неизвестных памятников тюркской руноподобной письменности, которые были прочитаны, переведены тюркологами, введены в научный оборот, опубликованы в международных научных изданиях; разработаны этапы культурогенетических процессов древности, средневековья и выявлены истоки отдельных культурных традиций и материальной культуры кыргызов в результате анализа собранного богатого археологического материала.

**Практическая значимость полученных результатов.** Данное исследование памятников Тянь-Шаня с эпохи раннего железного века до позднего средневековья включительно в свете новых достижений современной археологической науки позволило раскрыть ряд важных этногенетических, хронологических и историко-культурных проблем изучения эволюции культурной жизни населения региона.

**Область применения.** Изложенные в публикациях материалы использовались специалистами гуманитарного направления при разработке проблем, связанных с этногенетическими, культурогенетическими процессами. Часть археологических материалов использована для написания соответствующих разделов монографий, учебных пособий и учебников по истории Кыргызстана и Казахстана. Выводы автора и собранные им материалы также были использованы специалистами при написании монографий по истории и культуре средневековых тюрков в России, Казахстане, Турции и Германии.

## SUMMARY

of the dissertations in the form of a scientific report by Kubatbek Shakievich Tabaldyev on the topic: "Evolution of the Cultures of the Ancient and Medieval Population of the Tien Shan" (According to Archaeological Research) for the degree of Doctor of Historical Sciences, specialty 07.00.06 - Archeology (Bishkek, 2022)

Keywords: archaeological research, archaeological periodization, burial mounds, settlements, burials, memorial monuments, stone sculptures, Turkic writing, ancestral tamgas, evolution.

The purpose of the work: study of the process of evolution of the cultures of the ancient and medieval population of the Tien Shan at various stages of historical development.

Object of study: evolutionary, cultural and genetic processes that took place in the Tien Shan in the cultural and chronological range from the era of the early Iron Age to the late Middle Ages inclusive.

Subject of study: analysis of common and special features of the material and spiritual culture, traditions, economic activities of the ancient and medieval population of the Tien Shan.

The methodological basis of the study is the principle of historicism, which presupposes the study of phenomena in their origin, development, and in connection with specific historical conditions. In the process of research, both traditional methods of archaeological and ethnological research, as well as some methods of branches of the natural sciences, were used. So, in the dissertation research, a number of general scientific methods were used: the method of description, analysis, the method of analogies and methods used in archaeological research.

Scientific novelty of the work: significant archaeological material on the culture of the ancient and medieval population of the Tien Shan was introduced into scientific circulation. The modifications, the evolution of individual elements of the culture of the population of the specified region in a wide chronological range are traced. New elements of the funeral, funeral rites of the population of the region in the 1st millennium BC were revealed. e. and in the Middle Ages; a new version of the culture of "mounds with corner stones" of the population of the era of the Great Migration of Peoples (I-V centuries AD) was identified; more than 30 previously unknown monuments of Turkic rune-like writing were discovered, which were read, translated by Turkologists, introduced into scientific circulation, published in international

scientific publications; the stages of cultural genetic processes of antiquity, the Middle Ages were developed and the origins of individual cultural traditions and material culture of the Kyrgyz were identified as a result of the analysis of the collected rich archaeological material.

The practical significance of the obtained research results. This study of the Tien Shan archaeologic monuments from the early Iron Age to the late Middle Ages inclusive, in the light of new achievements of modern archaeological science, made it possible to illuminate a number of important ethnogenetic, chronological, historical and cultural problems of studying the evolution of the cultural life of the population of the region.

Application area: The materials presented in the publications have been used by humanitarian specialists in the development of problems related to ethnogenetic, cultural and genetic processes. Part of the archaeological materials was used to write the relevant sections of monographs, manuals and textbooks on the history of Kyrgyzstan and Kazakhstan. The conclusions of the author and the materials collected by him were also used by specialists in writing monographs on the history and culture of the medieval Turks in Germany, Kazakhstan, Russia and Turkey.